3 32

# Кылычтан ырлары.

аткаруучу Зейнакан Белекова

...ститут языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 3
13/IV. 1951 г.
... СССР гор. Фрунзе

Инв. № 327
13/5

Отдел рукописей
Инв. № 3
13/IV 1951



## ЗИЛ-ЗИЛА

инв нрмер 327.

Абалы сөзүм бисмилла,
Айта берсек сөз мында,
Кеп чыгардым жанымдан
Келгин ердек биз турда.
Китептерде бир болмой,
Коркунуч болор жүз жылда.
Нур Мукамбет пайгамбар,
Үмүткербиз көп жандар,
Ойлоп кара эртиңди,
Аксакалдуу кергандар.
Көрүп келдин далайды,
Узак жашап баргандар.
Сонун ишке кебейду,
Сөзге кулак салгандар.
Илгеркилер бир борум,
Өз эркинче болгонун,
Жер заманга суйледум,
Борумдарын болжолун.
Алла таала эр ишти,
Өзүң түзөн ойдогун.
Бу замана түрлөнду,
Жер сийкиниш термелди.
Калкылдаган асман жер,
Бузулуп кетер ойдонду.

Саназага келбес иш болду,
Сакта кудай бендени.
Тоо бузулуп таш кулап,
Жер карылып,жар нурап,
Ит бүткендүн баарысы,
Улуп-ушуп чуркурап.
Жан алгуучу келердей,
Чочуп турдук эркырап.
Кудай өзү сактасын,
Асман,жерлер бузулуп,
Кетеби деп бышкырап.
Жатоодо тое бысыкрып,
Ат кишенеп копкуруп.
Таш короолор кадырап,
Өчки койдун баарысы,
Үркүп чикты чучкуруп.
Жеңеде уйлар өкүрөп,
Байлаган жиби үзүлүп,
Өкүмү күчтүү кудайдын
Өткере чоң иш болду,
Өлүмдү эске түшүрүп.
Алданын иши ушундай,
Аманат бенде курусун,
Акыл жетпес караса,
Кудуреттин жумун.
Жер дүйнөнү туйлатып,
Көрдүчбү мындай кылышын.

Добуш тартып дуруадеп,
Жаның чыгып зириадеп,
Олумден башка ойлобой,
Аныйың кетти бириндеп.
А... кудайлап жалбарып,
Алда кандай болор деп,
Уктаган балдар ойгонду,
Шойлабай озу соорондуу.
Алда кандай жорук деп,
Оси чыгып жаш балдар,
Ьулар дагы ойлонду.
Жан жаныбар макулук,
Чочубастан койбоду.
Туурда куштар талгыныш,
Ат кошкуруп алкаңып,
Адам кантип корккосун,
Акылы башта бар туруп.
Мына мындай ендеңген,
Мындай жорук ким корген.
Ьилгенге айткан бул сезум,
Ьитине жорук бендеден,
Адетте болбос минчалык.
Жер кыймылдап термелген,
Жараткан алла кудурет,
Ьендеге кылган айбаты,
Ай тутулуп жарытпак
Куп кетилип нур таймак.

Куйруктуу жылдыз кеп чыгып,

Асмандагы ай,кунду,
Бетин жаап кир чалмак.
Адам заттын шумунан,
Анты,шерти убада
Баары кетти жалтайлап.
Эл кылдырды кожолор,
Амал кылбай молдолор.
Адам акын кеп жеди,
Турлуу турлуу бенделер.
Куулянган жорук кебейду,
Кудайдан башка ким билер.
Акыретке барганда,
Адам уулу тергелер.
Бенденин кылган кунесун,
Өзу турган жер керер.
Адистен уккан бул сезум,
Адам бенде шумунан,
Кара жер минтип термелер.
Кайсы сезум айтайын,
Карап турчу бенделер.
Жан аманат болгон соң,
Инсап кылсак оңолор.
Каршылык кыл деп китепте,
Кайсы молдо жол берер?
Ыйман жайын билбеген,
Ибилиске жол берер.

Насипке кылсаң каңзат,
Ийменин болор саламат.
Сынап турчу карандар,
Зилзила болгон аманат.
Жер чайкалып туйламак,
Там жыгылып куламак.
Далай адам зар кагып,
Кайгы тартып куурамак.
Чуйдун башы чоң Кемин,
Мен айтайын билгеним.
Анык билген адамдар,
Айтып берди кергенун.
Уч жузден кеп киши деп,
Жери нурап елгенун.
Там жыгылып басканды,
Өлугун алып кемгенун.
Санаага келбес иш болду,
Замандын керчу турлерун.
Биздер бала жаш чакта,
Жер чайпалмак бар эле,
Билген адам билбесе,
Бул эмне болду деп,
Билбегендер кеп эле.
Там жыгылып жер кечкен,
Мындай корук жок эле.
Ушу жылкы зилзила,
Бара бер келди баарына.

Адам бенде курусун,
Башка коркунч келген соң,
Бааридан ширин жан тура.
Тамам жандар ойгонуп,
Барды козу уйкуга.
Жыгач уйлер карчылдап,
Жер дунгурөп тарсылдап,
Кагылайын кудай деп,
Карап турдук калтылдап.
Бир жагынан ит улуп,
Улуп-ушуп арсылдап,
Жер бузулуп кетер деп,
Чочуп турдук калкылдап.
Ушу койку зилзила
Ойлосоңуз жарандар,
Айбаты кыйын корунду.
Жан жаныбар макулук,
Бир жанынан тунулду.
Тамда жаткан адамдар,
Ала качып оз башын,
Жыланач чыга жугурду.
Абайлачы жигиттер,
Ушу сезум тогунбу?
Катыны жатса карабай,
Балдарын эстебей,
Далай адам жылаңач,
Чыккан экен чыдабай.

Адам бенде курусун,
Акыл эсти курутуп,
Коркутпачы кудай ай.
Таш кулады там тургай,
Жер жарылды ал тургай.
Канча жанды тоо басты,
Бирде бирин калтырбай.
Алигече эстесе,
Жүрөк турат солкулдай.
Чочутпады да болсо,
Чоң Кеминдин калкынай.
Миң шүгүрлүк кудайга,
Сактады бизди ушундай.
Көп кактылык болду да
Коркунуч бизге көрүндү,
Залалы болуп кудайай.
Санаабыз жаман болунду,
Казан аяк калдырап,
Күмгөндө суу төгүлдү.
Кайсы бирин айтайын,
Ойлодук кийин өлүмдү.
Оюбуздан түшүрбө,
Өкүмү күчтүү теңирди.
Чүйдүн башы Чоң Кемин,
Тоо жарылган жерлерин,
Жер көчкүнүн жүргөнүн.
Беткейдеги карагай,

Жери менен жыгачын.
Байкап турчу жарандар,
Кудуреттин кылганын.
Канча жанды жер басты,
Андан салган акалын.
Талкаланды там үйлер,
Далаадагы жандардын,
Не болгонун ким билди.
Акылы жок жандарга,
Алда таала жол берет.
Ороодогу эгинди,
Жер жарылып житирди.
Капчыгайдан таш кулап,
Кара жолду бүтүрдү.
Тескейдеги жыгачты,
Орду менен көчүрдү.
Тоо жарылып токтобой,
Аска таштар бузулду.
Акылы жок адамдар,
Аман качып кутулду.
Кудуреттин иши кеп,
Ойлоп көрчү ушуну.
Айта берсем кеп жатыр,
Бул ойдонгон кыгнамын.
Төшөктөгү адамдын,
Бири өлүп бири бар,
Кайда болсо алаамат,
Акылдууга жолугар.

Там жыгылып,таш тийсе,
Адамдын кайсы алы бар.
Бешиктеги бир бала,[1/]
Талкаланды бешиги,
Тобокелди кылыйар,
Бул сыяктуу сонундан,
Айта берсе дагы бар.
Солкулдады Чоң Кемин,
Күнгөйдөгү Байсоорун,
Там жыгылып,таш басып,
Далай жандын өлгөнүн,
Айтып берди көргөнүн.
Бир канча жер жарылып,
Ысык көлгө киргенин.
Ишанбасаң барып көр,
Муну калган дебегин.
Аламаттын белгиси,
Ойлосоңуз жарандар,
Акыр заман шумдугу,
Кара дажаал жакындар,
Чыгар болжол болдубу.
Китептерде мазмуну,

---

1/ Токмоктон жүз чакырым, Кеминде Далпырандын башынан Жантай-Акуке уругу, Доеткул Токтомыт уулунун бешиктеги баласы кулаган эска таш үйду учуруп, 40 саржан жерге түшүп бешик сынып бала аман калган.

Келип туран чындыгы.
Же болбосо кудайым,
Бизге айбат кылдыбы!
Жер силкиниш туйламак,
Жер силкиниш бyркырап,
Шондон бери зилзила,
Адетте жок туйлады.
Андан мурун эки жыл,
Бир канчалык чайкалды,
Кийин болду ал дагы,
Төшөктөгү адамды,
Калбырдай кылып ыргады.
Андан соңгу Кашкардан,
Далай кыштак кыйрады.
Жер дүйнөнү силкинтип,
Жаратканды фарманы.
Улкөндүгүн көргөзүп,
Адетте болгон иш болсо,
Коркпос элек ойлонуп.
Көрбөгөнгө чыдабас,
Кезү тунк бенденин,
Сактап турар барчанын,
Теңирим өзү дем берип.
Ырыскы менен насипти,
Чыгарып турар бир берип.
Алайдыкты көргөзүп
Акылдууга жөн берип.

Жерге зынат болсун деп,
Көк шиберден өң берип,
Айбат кылып адамга,
Ар бир убак кара жер,
Калкылдады тербелип.
Алда таала ишин көр,
Асман жердин тирөөсүн,
Акыл жетип турсада,
Адам бенде үнөөсүз,
Арш курси лухкалам
Бар экенин билесиз.
Маанилерин сурасаң,
Сөз болмайды жүйөсүз.
Үшү турган жер асман,
Күндү көрсөк чырактан,
Айды жарык жаратты,
Жузу жарык рошан.
Айтып берер молдолор,
Жакшы байкап сурасаң.
Ыйманыңда кубат бар,
Айтканына ынансаң.
Ынанбасаң өлүмгө,
Барбай койчу чыдасаң.
Жер тууралы сүйлөдүм,
Кайсы кепке баратам.
Буда жаман сөз эмес,

Ьаарын ишке жаратам.
Асманда бар бериште,
Аузи косар бейиште.
Ьуйрук кылды адамга,
Кара жерге журушке.
Акыл жетип болбоду,
Нарым тубун билишке.
Ьендесине лайык
Кудуретинен корушке.
Айран калып турабыз,
Жер силкинип журуште.
Сабыр берсин бендеге,
Салса кудай ар ишке.
Чоң Анжыяң,чоң Кашкар,
Зилзиладан бузулду.
Аалы жок адамдар,
Чыга качып кутулду.
Тагдыр жеткен бенделер,
Тамда калып тутулду.
Беш алты жыл ичинде
Бир аламат баштанар.
Бейкап корчу ушуну,
Солкулдады кара жер.
Акылдуу жан биле кер,
Иймаиы бар эр болсоң,
Инсап менен кyре кер.

Барча момун дин ислам,
Байка сөздү Кылычтан.
Он сегиз миң бу аалам,
Орду мына жер асман.
Сегиз бейиш жаннатты,
Ракматынан жараткан.
Кашыр шайтан малгунду,
Дозогуна караткан.
Дөө пери адамды,
Бу дүйнөгө тараткан.
Кара жерди силкинтип,
Баары жанды чылаткан.
Буйрук кылса кудайым,
Тоону ташты кулаткан.
Алматыны,Кашкарды,
Афал мындан баштады.
Анжиянды зилзила,
Булундуруп таштады.
Сүйлөбөйлү кудайдын,
Кудуретинен башканы.
Баары тутам кара жер,
Муну байкап биле көр,
Жер силкинсе бир жерге
Билбей калар башка эл.
Кудуретине таң калып,
Жаратканды ишин көр.

Он сегиз миң бу аалам,
Жамгыр түшер абадан,
Акыл жетпес иштер көп,
Бары буйрук кудайдан.
Ар макулук жандарга
Насип жетер эгемден.
Жаркыраган күн асман,
Үстүбүздө көгөргөн,
Бары макулук мугалак,
Кудуретине сүйөнгөн.
Асман-жерлер танапсыз,
Бир бирине жөлөнгөн.
Анан наркы түбүнө,
Ойлоп акыл түгөнгөн.
Ойлоп акыл жеткизбей,
Айран азыр калдырып,
Кара сууну шам кылды,
Карачгыга жандырып.
Канаттууну чыгарды,
Жумурткадан жардырып.
Кудуретине карагын,
Акылыңды бардырып.
Ойлосоңуз кетпеңиз,
Тобоңуздан жаңылып.
Адетте жок иш болор,
Адам бейли бузулса.

Озубузден королук,
Береке курттан кысылса.
Адеттеги иш эмес,
Ай менен кун тутулса.
Бул эмне иш болду,
Кудуретине садага.
Кантарылып кара жер,
Кочку курген не жорук.
Ойлоп акыл жетпебес,
Тобокелде болодук.
Тоого буткен жыгачтар,
Тузге барып жамалып.
Кандай жорук кудай ай,
Инсап топук кылалык.
Жердегеним кен Кочкор,
Аяк жагы Семиз бел,
Нар жагына карасан,
Мелтиреген Исык Кол,
Жер силкинип кармады,
Байсоорунду барып кор.
Зилзиладан чочуду,
Дагы чыгып далай эл.
Чочугонда кантебиз,
Сакта кудай тобокел.
Чон Кеминде бузулду,
Ой-тоосу канча жер.

Жалпы журтка кудайым,
Жакшылыкты бере көр.
Дин мусулман агайын,
Сактагуучу кудайым.
Акыр заман белгиси,
Сизге баян кылайын.
Китептерде сөзү бар,
Ынанбасаң табайын.
Заман андай болмогу,
[illegible],
Жерге бузук толмогу,
Ар сонундун иш чыгар,
Мына ушул болжолу.
Ыңкылдабас кара жер,
Азоо аттай туйлады.
Сонун иштер көп болду,
Шумдугунан бенденин.
Аладдыкка арзыбай,
Сүткө кылар соодасын.
Ырыскыга мал чачып,
Журтуң кылды коогасын.
Үстүбүздө асман көк,
Айы бирөө,жылдыз көп,
Күн чыкканда түн кетер,
Мунун жолу бир бөлөк.
Адеттеги иштер бул,

Ар жаныбар тойдомок.

Ушул акыр замана,
Жер силкиниш туйламак.
Кудуретине таң калып,
Турар көзүң алайып.
Айтып өттүң далай сөз,
Акыр заман журтуна.
Калкылдады кара жер,
Качан болсо уйкуда.
Канча кепти сүйлөдүм,
Бир чыкпадым учуна.
Болду мына бу сөзүм,
Бүткөрөйүн күнөсүн.

Молдо Кылыч бечара,
Акыр бир күн кетесиң.
Өзүңүздү байкаңыз,
Өлди журтту нетесиң.
Тобо кылсаң күнөгө,
Даражага жетесиң.
Көрүп келе жатабыз,
Өлгөндөрдүн нечесин.
Өмүрүңчө сүйлөдүң,
Кайсы бирге түтөсүң.
Канча казал чыгардың,
Кайдан жүрүп кетесиң.

Жерим Кочкор талааси,
Журтум кыргиз араси.
Темир Болот болушум,
Бишкекиский уйезу.
Ойи журтум черикчи,
Ушу сөзүм ырасы.
Терекелди бабабыз,
Журтка кеткен обазы.
Айып көрбөй ондоп кой,
Болсо сөзүм чаласы.
Тамам болду акыры,
Бул сөзүмдүн чамасы.

327
I/5 2-362



## ЗИЛЗИЛА

инв нрмер 327.

Абалы сөзүм бисмилла,
Айта берсек сөз мында,
Көп чыгардым жанымдан
Келгин ердек биз турна.
Китептерде бир болжол,
Коркунуч болор күз жылда.
Нур Мукамбет пайгамбар,
Үмүткербиз көп жандар,
Ойлоп кара артыңды,
Аксакалдуу каргандар.
Көрүп келдиң далайды,
Узак жашап баргандар.
Сонун иштер көбөйдү,
Сөзгө кулак салгандар.
Илгеркилер бир борум,
Өз эркинче болгонун,
Зар заманга сүйлөдүм,
Борумдарын болжолун.
Алла таала ар ишти,
Өзүң түзөп ойдогун.
Бу замана түрлөндү,
Жер силкиниш термелди.
Калкылдаган асман жер,
Бузулуп кетер ойдонду.

Санаага келбес иш болду,
Сакта кудай бендеңди.
Тоо бузулуп таш кулап,
Жер жарылып,жар нурап,
Ит бүткөндүн баарысы,
Улуп-уңшуп чуркурап.
Жан алгуучу келердей,
Чочуп турдук шыркырап.
Кудай өзү сактасын,
Асман,жерлер бузулуп,
Кетеби деп быркырап.
Матоодо төө бышкырып,
Ат- кишенеп кошкуруп.
Таш короолор жайдырап,
Эчки койдун баарысы,
Үркүп чыкты чучкуруп.
Желеде уйлар өңгүрөп,
Байлаган жибин үзүлүп,
Өкүмү күчтүү кудайдын
Өткөрө чоң иш болду,
Өлүмдү эске түшүрүп.
Алданын иши ушундай,
Аманат бенде курусун,
Акыл жетпес караса,
Кудуреттин жумуш.
Жер дүйнөнү туйлатып,
Көрдүңбү мындай кылышын.

Добуш тартып дүрүлдеп,
Каным чыгып зирилдеп,
Өлүмден башка ойлобой,
Акылым кетти бириндеп.
А... кудайлап жалбарып,
Алда кандай болор деп,
Уктаган балдар ойгонду,
Ыйлабай өзү сооронду.
Алда кандай жорук деп,
Эси чыгып жаш балдар,
Булар дагы ойлонду.
Жан калыбар макулук,
Чочубастан койбоду.
Туурда куштар талпынып,
Ат кошкуруп алкынып,
Адам кантип коркпосун,
Акылы башта бар туруп.
Мына мындай өңденген,
Мындай жорук ким көргөн.
Билгенге айткан буд сөзүм,
Битине жорук бендеден,
Адетте болбос мынчалык.
Жер кыймылдап термелген,
Жараткан алла кудурет,
Бендеге кылган айбаты,
Ай тутулуп жарытмак
Күн кетилип нур таймак.

Куйруктуу жылдыз кеп чыгып,

Асмандагы ай,кунду.
Бетин жаап кир чалмак.
Адам заттын шумунан,
Анты,шерти убада
Баары кетти жалтайлап.
Эл кылырды кожолор,
Амал кылбай молдолор.
Адам акын кеп жеди,
Турлуу турлуу бенделер.
Кууланган жорук кебейду,
Кудайдан башка ким билер.
Акыретке барганда,
Адам уулу тергелер.
Бенденин кылган кунесун,
Озу турган жер корор.
Адистен уккан бул сезум,
Адам бенде шумунан,
Кара жер минтип термелер.
Кайсы сезум айтайын,
Карап турчу бенделер.
Жан аманат болгон соң,
Инсап кылсак оңолор.
Каршылык кыл деп китепте,
Кайсы молдо жол берер?
Ийман кайын билбеген,
Ибилиске жол берер.

Насипке кылсаң канаат,
Ийманың болор саламат.

Сынап турчу жарандар,
Зилзила болгон аманат.
Жер чайкалып туйламак,
Там жыгылып куламак.
Далай адам зар кагып,
Кайгы тартып куурамак.
Чүйдүн башы чоң Кемин,
Мен айтайын билгеним.
Аның билген адамдар,
Айтып берди кергенун.
Үч жүзден көп киши деп,
Жери нурап өлгөнун.
Там жыгылып баскандын,
Өлүгүн алып көмгөнүн.
Санаага келбес иш болду,
Замандын көрчү түрлөрүн.
Биздер бала жаш чакта,
Жер чайпалмак бар эле,
Билген адам билбесе,
Бул эмне болду деп,
Билбегендер көп эле.
Там жыгылып жер көчкөн,
Мындай корук жок эле.
Ушу кылкы зилзила,
Бара бар келди баарына.

Адам бенде курусун,
Башка коркунч келген соң,
Баарыдан ширин жан тура.
Тамам жандар ойгонуп,
Барды козу уйкуга.
Жыгач уйлер карчылдап,
Жер дуңгурен тарсылдап,
Кагылайын кудай деп,
Карап турдук калтылдап.
Бир жагынан ит уруп,
Улуп-ушуп арсылдап,
Жер бузулуп кетер деп,
Чочуп турдук калкылдап.
Ушу койку зилзила
Ойлосоңуз жарандар,
Айбатты кийын корунду.
Жан жаныбар макулук,
Бир жанынан туңулду.
Тамда жаткан адамдар,
Ала качып оз башын,
Жылаңач чыга жугурду.
Абайлачы жигиттер,
Ушу созум тогунбу?
Катыны жатса карабай,
Балаларын эстебей,
Далай адам жылаңач,
Чыккан экен чыдабай.

Адам бенде курусун,
Анын эсти курутуп,
Коркутпачы кудай ай.
Тан куладн там тургай,
Жер карыдн ал тургай.
Канча жанды тоо басты,
Бирде бирин калтырбай.
Алигече эстесе,
Журек турат солкулдай.
Чочутпады да болсо,
Чон Кеминдин калкынай.
Мин шугурлук кудайга,
Сактады бизди ушундай.
Куп жакшылык болду да
Коркунуч бизге корунду,
Залалы болуп кудайай.
Санаабыз жаман болунду,
Казан аяк калдырап,
Кумганда суу тогулду.
Кайсы бирин айтайын,
Ойлодук кийин олумду.
Оюнуздан тушурбо,
Экуму куттуу тенирди.
Чуйдун башы Чон Кемин,
Тоо карыган жерлерин,
Жер кочкунун жургонун.
Беткейдеги карагай,

Жери менен жылганын.
Бейкап турчу жарандар,
Кудуреттин кылганын.
Канча жанды жер басты,
Андан салган ажалын.
Талкаланды там уйлер,
Далаадагы жандардын,
Не болганын ким билди.
Ажалы жок жандарга,
Алда таала жол берет.
Ороодогу эгинди,
Жер жарылып житирди.
Капчыгайдан таш кулап,
Кара жолду бутурду.
Тескейдеги жыгачты,
Орду менен кочурду.
Тоо жарылып токтобой,
Аска таштар бузулду.
Ажалы жок адамдар,
Аман калып кутулду.
Кудуреттин иши кеп,
Ойлоп корчу ушуну.
Айта берсем кеп жатыр,
Бул ойдонгон кыгымын.
Тошектогу адамдын,
Бири олуп бири бар,
Кайда болсо аламат,
Ажалдууга жолугар.

Таш жыгылып, таш тийсе,
Адамдын кайсы али бар.
Бешиктеги бир бала,[1]
Талкаланды бешиги,
Тобокелди кылынчар,
Бул сыяктуу сонундан,
Айта берсе дагы бар.
Солкулдады Чон Кемин,
Кунгейдөгү Байсоорун,
Таш жыгылып, таш басып,
Далай жандын өлгөнүн,
Айтып берди көргөнүн.
Бир канча жер жарылып,
Ысык көлгө киргенин.
Ишанбасан барып көр,
Мунун калган дебегин.
Аламаттын белгиси,
Ойлосонуз жарандар,
Акыр заман шумдугу,
Кара дакаел жамуудар,
Чыгар болжол болдубу.
Китептерде мазмуну,

---

1/ Токмоктон жуз чакырым, Кеминде Далыраяндын башынан Жантай-Акуке уругу, Деетмул Токтомыт уулунун бешиктеги баласы кулаган аска таш үйдү учуруп, 40 саркан жерге түшүп бешик сынып бала аман калган.

Келип туран чындыгы.
Же болбосо кудайым,
Бизге айбат кылдыбы!
Жер силкинип туйламак,
Жер силкинип быркырап,
Мондон бери зилзила,
Адетте жок туйлады.
Андан мурун эки жыл,
Бир канчалык чайкалды,
Кийин болду ал дагы,
Тешектегу адамды,
Калбырдай кылып ыргады.
Андын соңгу Кашкардан,
Далай кыштак кыйрады.
Жер дуйнону силкинтип,
Караткандын бармены.
Улкендугун кергезуп,
Адетте болгон иш болсо,
Коркпос элек ойлонуп.
Кербогонго чыдабас,
Кезу туюк бенденин,
Сактап турар барчаны,
Теңирим озу дем берип.
Ырысы менен насипти,
Чыгарып турар бир берип.
Адалдыкты кергезуп
Акылдууга жон берип.

Жерге эмнат болсун деп,
Көк шибердеи өӊ берип,
Айбат ыкыын адамга,
Ар бир убак кара жер,
Калкыйдады тербелип.
Алда таала ишин көр,
Асман жердин тиреесүн,
Акыл жетип турсада,
Адам бенде уноосуз,
Арзы курси йужкалам
Ьар экенин билесиз.
Маанилерин сурасаӊ,
Сөз болмайды жүйесуз.
Ушу турган жер асман,
Күнду көрсөк чырактан,
Айды жарык жаратты,
Жузу жарык рошан.
Айтып берер молдолор,
Жакшы байкап сурасаӊ.
Нйманында кубат бар,
Айтканына инансаӊ.
Инанбасаӊ өлумге,
Ьарбай койчу чыдасаӊ.
Жер тууралы сүйледум,
Кайсы кепке баратам.
Ьуда жаман сөз эмес,

Баарын ишке каратам.
Асманда бар periште,
Аузи косар бейиште.
Буйрук кылды адамга,
Кара жерге журушке.
Акыл жетип болбоду,
Нарын тубун билишке.
Бендесине лайык
Кудуретинен корушке.
Айран калып турабыз,
Жер силкинип журуште.
Сабыр берсин бендеге,
Салса кудай ар ишке.
Чоң Анжиян,чоң Кашкар,
Зилзиладан бузулду.
Аалы жок адамдар,
Ыга качып кутулду.
Тагдыр жеткен бенделер,
Тамда калып тутулду.
Беш алты жыл ичинде
Бир аламат баштанар.
Байкап корчу ушуну,
Солкулдады кара жер.
Акылдуу жан биле кор,
Иймане бар эр болсоң,
Ынсап менен журе кор.

Барча момун дин ислам,
Байка сөзду Кылычтан.
Он сегиз миң бу аалам,
Орду мына жер асман.
Сегиз бейиш жаннатты,
Рахматынан жараткан.
Капыр шайтан малгунду,
Дозогуна караткан.
Дөө пери адамды,
Бу дүйнөгө тараткан.
Кара жерди силкинтип,
Баары жанды чыдаткан.
Буйрук кылса кудайым,
Тоону ташты кулаткан.
Алматыны,Кашкарды,
Абал мындан баштады.
Анжиянды зилзила,
Бүлүндүрүп таштады.
Сүйлөбөйлү кудайдын,
Кудуретинен башканы.
Баары туташ кара жер,
Муну байкап биле көр,
Жер силкинсе бир жерге
Билбей калар башка эл.
Кудуретине таң калып,
Жаратканды иши көр.

Он сегиз миң бу аалам,
Жамгыр түшер авадан,
Акыл жетпес иштер көп,
Бары буйрук кудайдан.
Ар макулук жандарга
Насип жетер эгемден.
Жаркыраган күн асман,
Үстүбүздө көгөргөн,
Бары макулук мугалак,
Кудуретине сүйөнгөн.
Асман-жерлер тажпсыз,
Бир бирине жөлөнгөн.
Анан нарки түбүнө,
Ойлоп акыл түгөнгөн.
Ойлоп акыл жеткизбей,
Айран азир калдырып,
Кара сууну шам кылды,
Карачгыга жандырып.
Канаттууну чыгарды,
Жумурткадан жардырып.
Кудуретине карагын,
Акылыңды бардырып.
Ойлосоңуз жетпеңиз,
Тобоңуздан жаңылып.
Адетте жок иш болор,
Адам бейли бузулса.

Өзүбүздөн көрөлүк,
Береке куттан кысылса.
Адеттеги иш эмес,
Ай менен күн тутулса.
Бул эмне иш болду,
Кудуретине садага.
Кантарылып кара жер,
Көчкү жүргөн не жорук.
Ойлоп акыл жетпейбес,
Тобокелде бололук.
Тоого бүткөн кыгачтар,
Түзгө барып жамалып.
Кандай жорук кудай ай,
Инсан топук кылалык.
Жердегеним кең Кочкор,
Аяк жагы Семиз бел,
Нар жагына карасаң,
Мелтиреген Исык Көл,
Жер силкинип жарылды,
Байсоорунду барып көр.
Зилзиладан чочуду,
Жаны чыгып далай эл.
Чочуганда кантебиз,
Сакта кудай тобокел.
Чоң Keминде бузулду,
Ою-тоосу канча жер.

Отдел рукописей
Инв. № 3
13/IV. 1981
гор. Фрунзе

Калпы журтка кудайым,
Кажылыкты бере көр.
Дин мусулман агайын,
Сактагуучу кудайым.
Акыр заман белгиси,
Сизге баян кылайын.
Китептерде сөзү бар,
Ынанбасаң табайын.
Заман андай болмогу,
[illegible],
Жерге бузук толмогу,
Ар сонундун иш чыгар,
Мына ушул болжолу.
Ыкыкылдабас кара жер,
Азоо аттай туйлады.
Сонун иштер көп болду,
Шумдугунан бендени.
Алалдикке арзыбай,
Сүткө кылар сооданы.
Ырыскыга мал чачып,
Журтуң кылды кооганы.
Үстүбүздө асман көк,
Айы бирөө, жылдыз көп,
Күн чыкканда түн кетер,
Мунун жолу бир бөлөк.
Адеттеги иштер бул,

Ар жанибар төлдөмөк.

Ушул акыр замана,
жер силкинип туйламак.
Кудуретине таң калып,
Турар көзүң алайып.
Айтып еттуп далай сөз,
Акыр заман журтуна.
Калкылдады кара жер,
Качан болсо уйкуда.
Канча кепти суйледум,
Бир чыкпадым учуна.
Болду мына бу сөзум,
Буткөрейун күнөсун.

Молдо Кылыч бечара,
Акыр бир күн кетесиң.
Өзуңузду байкаңыз,
Элди журтту петесиң.
Тобо кылсаң күнөгө,
Даражага жетесиң.
Көруп келе жатабыз,
Өлгөндөрдун нечесин.
Өмуруңче суйледуң,
Кайсы бирге тутесуң.
Канча казал чыгардың,
Кайдан журуп кетесиң.

Жерим Кочкор далаасы,
Журтум кыргыз арасы.
Темир Болот болушум,
Бишкекиский уйезу.
Эли журтум черикчи,
Ушу сезум ырасы,
Терекелди бабабыз,
Журтка кеткен абазы.
Айып кербей ондоп кой,
Болсо сезум чаласы.
Тамам болду акыры,
Бул сезумдун чамасы.

1.

КЫЛЫЧТЫН БҮТКҮЛ ДЭЭРЛИК ЖАЗЫП КЕТКЕНИ

ЭАР ЗАМАН. Инв номер 327.

II. Белек.

МОЛДО КЫЛЫЧ

КЫСКАЧА ТАРЫХЫ

Түндүк кыргызында Тагай насилинен Деелестун кенже уулу кадим манап тукумунан Темирдин балдары,Абайылданын баласынын баласы.Атактуу Төрекелдинин бир ата тууган Шамыркандан 1875 жылында /доңуз жылы/ Кочкордо туулуп атын Кылыч койгон. Кичине чагында кыргызча окуп,1892-1893 жылдар чамасында ыр-өлөң жазышка абыдан ниетизенин коюп, ашта-тойдо ырдаштан токтолуп намызданган, абалы ырды жазып, анансоң элге окуп берген, комузга салып айтууну абалында дет кылып,кийин комуз-домбура менен айтуу акундукка токтоолдук келтирет экен деп домборасыз айтууга адеттенген. Манап насилинен болсо да эл бийлеп калк ишине катышууга көңүл бербеген. Өтө жарды болуп азыноолок дыйканчылык менен оокаттанган. Эртели кеч суу бойлоп басып таза жерге олтуруп,ао турлуу өсүмдүктү байкап көрүп, айланасындагы табыйгаттан тажрыйба алып, курт-кумурска, канаттуулардын алдуу, алсыздарын текшерип анан өлөң кылып жазган. 1917 жылында 42 жашында каза болгон. Кабыры туулган жери Кочкордо.

Бети кызылдуу, сепкили жок, жузу абдан толук, тегерек чоң кара көздүү, орто бойлуу семиз, чоңураак кара мурут, ээгинде кичине чокчо кара сакалы болуп, жаактарына сакал чыкпаган, кийимди өтө таза кийип, денин таза тутуп, диндер болгон.Өмүрүндө көп кыссалар жазып, алардын бир канчасы элге жайылган.Ар жазган кыссасын арттырбастан,кемитпестен жана да бай-манап, улукка кошомат кылбастан алардан жана да айтууда дүнүйө талап кылбастан тууралык менен жазган.

Мен 1913 жылы сибрал айында Атбашы.Нарындан келе жатып Кара-коодо Кылычка жолугуп 4-5 күн бирге жүрүп калдым. Бурун 1911 жылында, Коңур жайлоодо көрүп таанышкым эле, бул сапарда алып жүргөн кыссаларынан төмөнкүлөрдү көчүрүп алдым.Пашканымен карындаш менен жазып, Кеминде үйүмө барганда көчүрдүм. Кылычтын айтуунда, эң биринчи тырмак алды жазганым:

1. Арман кыз, кыз жигит- деди, 190 жол
2. Зар заман 1950 -"-
3. Канаттуу 480 -"-
4. Бүркүт той, манаптын элди кыйнап чыгым алып той бергени. 260 жол
5. Чүй өзөнү /Чүйгө жолоочулап келип жазган/650 жол
6. Кинди суу /1911 жылында Кеминге жолочулап келип жазган/. 300 жол
7. Алдамчы /Токмокко келип жазган/240 жол
8. Зилзила - 1911 жыл 480 жол
9. Санат Табылбады
10. Көчкор ата. Табылбады

11. Керметоо -Алатоо / 1912 жылында Жумгалда кудасына барып келип жазган 700 жол.

12. Манап букара деп бир кысса жазган. Табылбады.

13. Кийин 1916 жылдагы кыргыз көтөрүлүшүн жазып, аягына чыга электе каза тапкан.

Мен Белек Кылычтын айтканы:
Мен китептерден окудум, казак, кыргыздын акындарынын айтканын дагы көп уктум, бирок булардын барысынан анткгы казактан экей Суйумбай, кыргыздан Арстанбек деди.

Белектин байкоо:

Кылычтын башка акындардан артыкчылыгынын бири, эч убакта ырды чорнабайлап жазбаган, ойлобостон, анчалык такалбастан бир жазып кеткенин кайта текшерип оңдобостон майданга салган, ырдын уйкаштыгына өтө назар салбастан, сөздүн терeңин алып жазган. Мәселен, зилзиланы 1910 жылында биздин эл /Кемин/ге келип жазганда көчүрүп алдым эле, кийин басмадан чыкканда эч бир өзгөртүлбөгөн.

Белек.

4.

## ЗАРЗАМАН

Молдо Кылыч мен атым,
Болжолу жок санатым.
Айта берсем сабаган,
Ак шумкардай канатым.
Окуп керген молдолор
Өчүрө кер калатын.
Жакшы окуп карасаң
Оюндагы сезуңдун
Баарын мындап табасың.
Мен айтайын сонунду
Чыгар сезум орундуу,
Жигит болсоң абайла,
Убал кылба жанына,
Тазалагын жолуңду.
Тарта жургун колуңду.
Жаман адам курусун,
Доо чыгарып бир жерден
Милдет кылат жумушун.
Жакшыларды карасаң,
Кылганынын доосу жок,
Сыр билгизбейт тымызын.
Мен сүйлөйүн канчаны,
Казак,кыргыз канчаны.
Калайыкка эринбей
Кетти канча далай сөз.

Кара көзгө көрүнбөй.
Акындардын абазы,
Домбуранын үнүндөй
Жарашыктуу зар заман,
Тоту куштун жүнүндөй
Бар келишкен боруму,
Кызыл кымкап гүлүндөй.
Кандай салса жарашар,
Калы килем түрүндөй,
Түшүп турат кубулуп,
Ак теректин бүрүндөй.
Көчүп турат токтобой,
Кирекечтин жүгүндөй.
Кызыкканда жакшы сөз,
Кызыгышкан оюндай.
Айдап келем көп сөздү,
Кербенчинин коюндай.
Тилим шыдыр түздүгү
Эми карагай жолундай,
Баары жогу тийимдүү,
Бардеңкенин огундай.
Маани билбес эсерге,
Башка тийген союлдай
Тегеретер көңүлдү,
Тегирмендин суусундай,
Акылы бар адамга,

6.

Тынч олтурган орундай,
Тили жүйрүк акындар
Сөзү сайдын ташындай.
Кененди́гин карасаң,
Кең Кочкордун сазындай.
Бар заманды карасаң
Даамы таттуу казыдай.
Эч болбосо шириси,
Чекендинин ашындай.
Кулагына жугумдуу,
Көк темирдин датындай.
Асан кайгы жигиттер,
Эри өлгөн катындай.
Бардеси бар боз бала
Саяпкердин атындай.
Бардеси жок боз балдар,-
Үйдөн чыкпас катындай.
Бейли тардын куну жок,
Байда болсо жакырдай.
Касиеттуу молдолор,
Кагысы көп бакырдай.
Бузулганды түзөгөн
Жоо качырган баатырдай.
Кыйшык сөздүү жигиттер
Кыянаттуу кайырдай.
Кылыгы жакшы боз бала
Буйу кымбат асылдай.
Бекети жок малыңыз,

Эшек менен качырдай.
Ишеничтүү жигиттер
Ат байлаган акырдай.
Жити жакшы атырдай.
Дөөлөтү бар жигиттер,
Дөбөдөгү чатырдай.
Кайырдуу болсо элине
Гүлдөп турган чарбактай.
Кайыры жок бай болсо,
Кабырдагы арбактай.
Малым бар деп кубанса,
Беш намазды билбесе,
Кайыр зекет бербесе,
Дин билбеген калмактай.

Мен сүйлөйүн канчаны,
Казак,кыргыз канчаны,
Дин мусулман ногой,сарт,
Мусулмандан таркады.
Бу замандын адамы
Бейли дилин айталы.
Бейли жаман адамдар,
Өз напсине тартады.
Абайласаң жигиттер,
Ата-энең мекедей
Абыдан куштан бага кер,
Колуңдагы кеседей.

8.

Сыйлашпасан бир туугаи
Он да болсо жекедей.
Кеп сүйлеген маңгилер
Кузгу кирген текедей.
Жаман болсо катының
Ичтен жеген митедей.
Кутулууга көңулу бар,
Караңгы түн кечедей.
Тил албаган балаңыз,
Бел ашпаган арыктай.
Кетем десең айла жок,
Каралайсың журесуң,
Оору баккан табыптай.
Угуп турсаң бул сөзүм
Жалгаңы жок аныктай.
Изаты бар боз бала,
Куйуп турган чырактай.
Изаты жок боз балдар,
Катып калган чарыктай.
Кеп бейилдуу жигиттер
Сары өзөн жайыктай.
Дунуйө кор адамдар,
Мал табышка талыкбай.
Жаман айткан суук сөз
Көңулуңө салыктай.
Жакшы айткан сулуу сөз
Эптелишкен калыптай.

9.

Жаман сөз калар так болуп,
Көкүрөккө айыкпай.
Жакшы сөз калат бат болуп,
Качан болсо унутпай.
Мен сүйлөйүн сиздерге,
Айдап үрөн чачкандай.
Канча айтсам чыдаган,
Кызыл тилим кызгандай.
Кара жаак талыкбай,
Көң-казына тапкандай.
Кызыл темир үстүнө,
Ура берсе чокубайт,
Душу менен баркандай.
Токтоосу жок жигиттер,
Жардан коен качкандай.
Тил албаса акыгы
Тим жүргөнү шашкандай.
Чочутушар жаныңды,
Элиңди жоо чапкандай.
Дүнүйө кор байлардың,
Жеке дөөлөт тапкандай.
Карыз сурасаң зарыдан
Азыр алып качкандай.
Жоксуз адам бар болсо
Кабылан жолборс,арстандай
Акылы жок март болсо

Карангыда баскандай.
Кайры тийбей калган соң,
Кур талаага чачкандай.
Жумшак айткан жылуу сөз
Кулагына мулайым,
Чигити жок бактадай.
Кабыл болсо ниманын
Катып жүргөн акчадай.
Караңгы көр ичинде,
Айдап алган бакчадай.
Айта берсем сөзүм көп,
Үзүлбөгөн тасмадай.
Жакшы адамдын сөздөрү
Кагаздагы басмадай.
Сөз маанисин билбеген,
Жолу түюк аскадай.
Элге дайын жигиттер,
Кан алдында тактадай.
Кайда барса таанымал
Ат башында кашкадай.
Айткан сөзүм байкасаң,
Билимдүүнүн сөзүндөй.
Ийи майда ширеси,
Кашкарлыктынбөзүндөй
Алың келсе мөкө бар,
Сегиз бейиш төрүндөй.

11.

Ажы болуп атансаң,
Алтындаган чениндей
Аралайсың бейишти,
Бу жалгандын элиндей,
Жалпы журтка урматың,
Жаңы келген келиндей.
Куно кылбай туз журсоң,
Таза жууган кириндей.

Аштыгыңдан ушур бер
Алал болуп жаларга
Кастык кылып жаныңды
Каалабагын залалга.
Алал доолот малыңды,
Булгабагын арамга.
Тил байланар бир куну,
Тиричиликке кубанга.
Коңулуңду алдатып,
Бул дунуйого жубанба.
Малың болсо жигиттер
Кайыр зекет бергениң,
Ыйманыңдын канаты.
Ар жоруктан соз кылган,
Молдо Кылыч санаты.
Алал жургон бенденин,
Жайы болор жаннаты.
Жугургонде ачылар,

12.

Чапкан кулук турасы.
Түндө короо күзөткөн,
Казак,кыргыз элети,
Саксакайлап кыйкырган,
Кыз келиндин адети.
Кыйла сөздү чыгардым
Кыргыз,казак алачтан
Кереңгелүү сабасы.
Идиштери чаначтан.
Аяк,табак,кашыгы
Кырып алган жыгачтан.
Аскан казан,тулгасы
Ичип адет кылганы
Арпа,буудай жармасы.
Илгертеден сөзүмдүн
Алып турган кыйласы.
Байыркынын боруму,
Айтып турса ушундай
Бутумунун оруну.
Чыбык кыркып шерт кылган,
Кан бийинин сонуну.
Жан бергенди билбеген,
Жакшысынын түнүгү.
Байыркынын макалы,
Өтүктөрү такалуу
Бейремчеси бир тутам,
Кийимдери жакалуу.

Байыркынын уркуну,
Кочуп журген кун-туну.
Алтын,кумуш абайы,
Кыз-келиндин уртугу.
Кыз-келиндин кийгени,
Кызыл жибек кырмызы,
Эмдигини карачы,
Орус алып турганын
Тушту жерге жыйдызы.
Байыркынын кийгени,
Кочугунде чалбары.
Балактатып кең кылган
Багалеги саймалуу.
Байыркынын эрени
Кайдан кордук эрендер
Калдайтып жайган серени.
Эмдигини карачы,
Ирискисин чеведи.
Унутту ноктоо желени.
Бээ байлап кымызды
Кана кимге бергени.
Байыркыдай улушту,
Кана элиң жегени.
Конок берет кокуйлап,
Эң биринчи дегени.
Жайы кышы жугурет
Соодагердин тыйыны.

14.

Былтыркыдан бу жылы
Замананын кыйыны.
Боздотуп жатат карыбын,
Болуш,бийдин чыгымы.
Жайы кышы бир алат
Оокатынын жарымын.
Ар бир турлуу адамдын,
Артында бар деп залалы.
Өз ишиңди өзуң бил,
Ойлоп көргүн чаманы.
Башка салар балааны.
Көзду жумуп ойлосоң,
Куюктуруп санатар,
Куру бекер далааны.
Акты менен караны
Жан куөргө карабай
Жакшы жеди бараны.
Жалган ишти чын кылат,
Закунуна тууралап,
Кылар болсо жаланы.
Башта кубө болбосо,
Кылган ишиң танганы.
Акылы бар боз балдар
Алал ишке көз салар.
Акылсызга убал жок
Сөз сураса үндөбө.
Текебердүү адамды

15.

Үйге кирсе тилдебе.
Ууру кылба тегеле,
Башын кирер ноктоого.
Ыкыбалың түзөгүн,
Ага-ини жакынга.
Бу кылыкты кылбасаң,
Бейлиңди кең салбасаң,
Өз башыңа келгенде
Убадага турбасаң,
Анты шертти ойлобой,
Ата-энеңди булгабаң
Кайдан жакшы болосуң,
Кайбат сөзду тыңдасаң,

Салабаттуу зар заман
Зарлап өтту куу заман,
Канча зарлап айтсамда
Оңолбоду бул заман.
Суйлегөнум зар заман
Сайраганым ар заман.
Барган сайын таңшыган,
Тыңдасаңыз айтаман.
Тилим жуйрук булбулдай,
Сары бузук молдолор,
Айталбаган чулдурдай.
Кайраты бар жигиттер
Кара болот чынжырдай.

16.

Болот калем колумда
Ок жыландын тилиндей.
Ак кагазым карала,
Ителгенин жунундей,
Колумдагы каламым,
Ак барандын тузундей.
Зар заманды байкасаң,
Жайдын салкын кунундей.
Кайраты бар жигиттер
Кабылан,жолборс сурундей.
Кайраты жок жигиттер
Чаап койсо тегулет,
Мендумана бурундей.
Айныбаган жигиттер
Ак албарстын мизиндей.
Кылган иши таптаза
Машийненин ишиндей.
Кайда барса сүйумдуу
Касиеттуу кишидей.
Суйле десең суйлейун,
Кар жаагандай тегейун.
Улам алдын жаңылап,
Окн салып берейин.
Ар жоруктун башынан,
Баян кылып керейун.
Армандан сөз айтып
Айдарымга кирейин.
Божкол кылып байкасам,

17.

Бокмда кеп куноум.
Буйруксуз кеп айтпаймын,
Азирети кызыр байгамбар
Напси ырыскы ээси.
Жакшы жанга туш болор,
Алал журсе мунезу.
Бир аллада айын жок,
Адамдын кеп кунесу.
Мазары бар башында,
Кочкор ата добесу,
Алты келме беш намаз
Ыймандын кубесу.
Кайраты бар сопулар
Кара темир чокундай,
Кайраты жок кам сопу,
Ит мулжуген мокондай.
Алал журген сопунун
Ырыскысы канчалык,
Кудай озу жеткизер.
Кызыл алтын кениндей.
Кылган иши таптаза,
Ушур берген эгиндей.
Арбагы чоң жакшылар,
Миң кишинин деминдей.
Эл журтуна аркасы,
Аскар тоонун белиндей.

Ага-иниге байдасы
Тийбей калбайт тегиндей.
Айткан сөзү кишиге,
Табыптардын эминдей.
Дөөлөтү бар жакшылар,
Кырчыны көп өзөндөй.
Дөөлөтү бар билимсиз
Эл ашпаган кезендей.
Акылы бар карылар
Айткан сөзү меселдей.
Касиеттүү кишилер,
Кереметтүү эшендей.
Убадалуу эр жигит
Кол көтөргүс кишендей.
Убадасы жок жигит
Басалбаган бечелдей.
Акылы бар карылар,
Айткан сөзү нускадай.
Колунда жок эр жигит,
Жетишпеген кыскадай.
Акылы бар,малы жок,
Асбабы бар устадай.
Сыйлашпаган бир тууган
Атасы жат башкадай.
Жинди кыял бей намаз,
Жер кантарган чочкодой.
Кара көңүл таш кулак

19.

Карматпаган азоодой,
Ага-иниң көп болсо,
Асабалуу жасоодой.
Өзү акыл билбеген,
Айткан сөзгө кирбеген,
Тил билбеген макоодой.
Таалим алган устатың,
Кол тапшырган пириңдей.
Касиеттүү молдолор,
Истамбулдун дининдей.
Айткан сөзү шарият,
Арап парсы тилиндей.
Тил билгилүү боз балдар,
Оозу эппек коштоодой.
Сарамжалдуу жигиттер,
Жегип койгон боштодой.
Кайраты чоң жигиттер
Калалуу корган чарбактай.
Ага иниси көп болсо,
Токуп койгон буурактай.
Карап турсаң боруму,
Казак орус салдаттай.
Ынтымагы бар болсо,
Базары жүргөн чарбактай.
Тил алышып турушса,
Бузулбаган каймактай.
Ынтымагы жок болсо,
Жетишпеген арактай.

20.

Кийшп кетер бир бирин,
Кыргыз,китай,калмактай.
Айлын бузган жигиттер,
Уй качырган сайгактай.
Токтоосу жок жигиттер,
Оюн салган тайлактай.
Сөз бербеген жөө чечен,
Учуп жүргөн камгактай.
Пайдасы жок чечениң,
Чөп чыкпаган кургактай.
Ыймансыздын көзүнө
Жалган дүйнө жаннаттай.
Бир үйрөнгөн адатың,
Жамгыр баскан көк таттай.
Жууган менен агарбас,
Боеп койгон жаргактай.
Айткан сөзүм тараза,
Алды кийини салмактай.
Ыймануңду жоготор,
Артыңызды ойлотпой.
Абайласаң жигиттер,
Акын эмес бакырмын,
Элге эрмек болсун деп,
Болбос ишке асылдым.
Көпкө жаман көрүнүп,
Көп күнөнү чакырдым.
Бендечилик курусун,

21.

Билинбеген кунөйум.

Жалбарганым бир кудай,
Караткуучу бир өзу.
Айтып турган сөзумдун
Кагаз болсун кубөсу.
Он сегиз миң ааламды
Сактап турган эеси.
Бала менен мал кутмөк,
Бу дуйнөнун бактысы.
Бу жалганга карабас
Жигиттердин жакшысы.
Байкасаңыз беш намаз
Ыйманыңдын ачкычы.
Өлө туган болгон соң,
Ыймандан жок жакшысы.
Сөз байкаган жигитер,
Сөзгө жетер кубаты.
Асман менен кайкыган,
Учкан куштун канаты.
Мен журөмун жубанып,
Акындыкка кубанып,
Акын өлбөй тургансып,
Өлбөс болсо Арстанбек
Журбөс беле тубөлук.
Акындыгым шончодур,
Ойлобогон мен карып.
Курт кумурска канаттуу,

Мен айтайын санатты.
Кутулбассыз сөзүмдөн,
Куюлушуп санатым.
Чыга берет ичимден,
Кудуреттин бергени.
Сурабадым кишиден,
Айып ачык сүйлөдүм,
Көп адамдын ичинен.
Айланайын кудайым,
Кечер бекен күнөйүм,
Мен сыяктуу итинин.
Тегеренип айланар,
Абадагы жетиген
Күндүз кетип түн болор,
Күндүн жарык бетинен
Жажуж-мажуж жай алды,
Бу дүйнөнүн четинен.
Бу дүйнөнүн белгиси,
Ай менен күн жылдызы,
Жети асмандан кара жер,
Жаркыраган күндүзү.
Адам Ата Аба эне
Ошондон бери белгиси.
Өлүп келет ылайы
Нечен түмөн миң киши.
Пайгамбарлар баары өлдү,

Бадишалар кан өлду,
Нечен азиз бенделер,
Бу жалгандан жөнөлду.
Тобо кылсаң өткөрөр,
Тоодой кылган күнөөдү.
Байкасаңыз айтамын,
Акыр заман бу элди.
Илгеркинин адамы,
Көп жашады өмурду.
Кудай билет эмдиги,
Узун өмур көрөрду.
Акыл дайра билгенге,
Бу жалган жок [illegible] өлгөнгө.
Чыгымдансаң себеп жок,
Чындап ажал келгенде.
Карышлыгың жарабас,
Кадыр дөөлөт бергенге.
Молдо болсоң муну бил,
Кулагыңа киргенге.
Колдон келсе ырабат,
Коргон салгын бир жерге.
Мына казал,бу казал,
Бу сөзумө кулак сал.
Аңдасаңыз чыга бейм
Айта берсем ар макал.
Жакшы чыкпас абазым,
Домбурадай заңкылдап

24.

Катуу чыкпас анчалык,
Кашкарлыктай канкылдап,
Акын болсо жигиттер,
Сөз чыгарар эрмекке,
Авзар кылса бир жерге
Эл чогулар көрмөккө.
Көп кармаса чогулуп,
Айтсам керек өрнөккө.
Көптүн кылган дубасы,
Кабыл болор деген бар,
Кудай ыйман бергин деп,
Тилей көргүн жигиттер.
Ар мааниден сөз айтып
Аяк башын кертейин.
Колумдагы домбурам,
Кош убакка минтейин.
Ыйманыма жардам бер,
Ыймам Асан,Үсөйүн.

Тангга жакын болгочдо,
Булбул сайрар авага,
Туш-тушунун баарысы
Төспе тартар кудаага.
Учуп жүргөн канаттуу
Урук таштар уяга.
Чай куярга ылайык,
Чини кесе пияла.

25.

Китеп билген молдого,
Жакшы журмек ыраба.
Ар кишиде бир акыл,
Өз билгенин береби.
Келиштирип сүйлесем,
Келер сөзүм орундуу.
Меке дилде Медийне
Пайгамбардан бурунку,
Адам Ата, Ава эне,
Ар жандардан абалкы,
Жебирейил периште
Пайгамбарга кабарчы.
Бу дунүйө жалганчы,
Акылсыздын кубанчы.
Жараткан жалгыз кудайым
Жаным курбан кылайын.
Азап кыла көрбөгүн,
Айланайын ылайым.

Буйрук жетип күн бүтсө,
Учуп кетер чымындай,
Денеп калар суналып,
Буту, колуң жыйылбай.
Тириликте көркүңүз,
Ак сарайдын сырындай,
Өлгөндөн соң көркүңүз,
Керени жок тыйындай.

26.

Зар заманды байкасаң,

Башка сөздүн жанында,
Жети сомдук буюмдай.
Карыганда ким болсо,
Көркөмү жок бакадай,
Кара көңүл,дем кыял,
Тим жүргөнү кападай.
Байбиченин жакшысы,
Ийи майда матадай.
Бейли жакшы кең болсо,
Майы калың учадай.
Кудай берген кишилер,
Үйрү өскөн букадай.
Уулу,кызы көп болсо,
Улук салган супадай.
Зар заманым сайраган,
Сөзүн адам кармагай.
Дин мусулман бендеси,
Төбөсүнөн жанбагай.
Жаман айткан суук сөз,
Сөөккө баскан тамгадай.
Эси кеткен капалык,
Эски оору талмадай.
Акылга мол азамат,
Дарс окуган молдодой.
Таалим алсаң сөзүмдөн,
Тамырың берген олжодой.

27.

Кайыры көп байларың,
Карагайлуу жайыктай.
Ырыскысы төгүлүп,
Бышып турган алмадай.
Кызыкканда кызык сөз,
Кызыл алтын мыскалдай.
Кыз-келиндин жаманы,
Үй булдурган чычкандай.
Жакшы катын белгиси,
Кылган ашын кызганбай,
Сыр билгизбей турганы.
Мүнөзүнөн козголбой,
Келиндердин жакшысы,
Кездеменин жибиндей.
Бөрүмү түз мулайым,
Булгарынын ийниндей.
Өзү жаман бош болсо,
Оңуп кетер чырайы,
Эч өнөрү билинбей.
Кызыл жардын тигиндей.
Кыз балдардын жакшысы,
Күзгүсү бар айнектей,
Жакшы кийим жарашар,
Жашыл моюн өрдөктөй.
Карап турсаң бөрүмү,
Таза жууган кейнектей.
Жетпей турат далай жан,

8.

Кукук менен Сейнектей.
Көрку жакшы кыз бала
Көл бойнда кырчындай.
Ъуйу кымбат канчалык,
Ак албарстын курчундай.
Бар келишкен бою,
Булгарынын мурчундай.
Жаман кыздын белгиси,
Ушак айтат жомоктой.
Үй бүлөсүн күдөтөт,
Жазгы конгон коноктой.
Кемпирлердин жакшысы,
Кимге болсо энедей,
Кемпирлердин жаманы,
Башка келген балаадай.
Акылы кең жакшылар,
Улук корган калаадай.
Акылсыз акмак тантыктар,
Үйрөнбөгөн танадай.
Ажы барган адамдар,
Байгамбардын туусундай.
Башындагы селдеси,
Ысык көлдүн куусундай.
Мектептеги балалар,
Желедеги кулундай.
Бейли жакшы молдолор,
Бетегелүү булундай.

Кызыктыгы баланын,
Кыз болсо да уулдай.
Каармандуу жакшылар
Бороону кеп кышкыдай.
Жамандардын баарысы,
Эси чыгып чычкыдай.
Жандын баарын коркутуп,
Кудайлатып кыскыдай.
Жакшы болсо боз бала,
Чагылгандын огундай.
Той ичинде сакалдуу,
Тооро чыккан арпадай.
Куну кеткен байларын,
Энчиси жок маркадай.
Кезун жетсе баарыга
Кеенун жарык кузгудей.
Иймян берсе кудайым
Эсинизге тушкудей.
Кош кыялдуу кишилер
Кой ичинде эчкидей.
Айткан сезге турбаган,
Чыдамы жок эскидей.
Чечкилуу болсо боз бала,
Чыккан алган мышыктай.
Чыдамы болсо ар ишке
Кепке жагат кыйшыктай.
Жакшы болсо боз бала,
Жайлоодогу жазыктай.

30.

Ишенимдүү жигиттер,
Ат байлаган казыктай.
Акылсыз акмак сараң бай,
Жакшыларга азыктай.
Ал кыялын койбосо,
Динден чыгып кеткидей.
Катындардын жаманы,
Карды тойсо көпкүдөй,
Өзү билсе кокустан,
Эрин көткө тепкидей.
Эптүүсүнгөн адамдар,
Өзү байып кеткидей.
Ичбей жебей байлыкка
Ою менен жеткидей.
Кудай өзү бербесе,
Ким кысыныш күткүдөй.
Кудай өзү бергенди,
Чачса дагы өткүдөй.
Келип калса дүйнөнү,
Мал көрбөгөн жигттер,
Көрүшүп жатып өпкүдөй.
Тобоң кабыл болот ко,
Тобо кыл десең теңирге,
Кысынгандын эби бар,
Журтка жаман көрүнбө.
Алла багып күтүп же
Беш намазга эринбе.

31.

Убал кылып акыры,
Уул менен келинге,
Бағып журуп байдасын,
Эч көрдөдук дедирбе.
Куда кутуп,дос карма,
Кур талаага семирбе.
Болбос ишке асылып,
Бекер куру теминбе.
Зар заманым ушундай,
Залал айтсам тил алба.
Урганында булөндун,
Асти эсин чыгарба.
Өлмөйунчө тиштенип,
Кайратыңдан айрылба.
Өлбөс бурун агайын
Кутунуңөр буларга.

Байкасаңыз дуйнөну,
Баяны жок тубунде.
Канча жакын көрсөң да
Аяны жок бир кунде.
Башындагы мээңиз
Тамырлары жөнунде.
Бир аллага муңу бар,
Булбул торгой унунде.
Сегиз бейиш белгиси,
Тотукуштун жунунде.

Жети дозок белгиси,
Кара жылан турунде.
Болду шайтан оюну,
Бозокордун уйунде.
Кесир айткан бенденин,
Текебери тилинде.
Намаз журбейт окуса,
Арам болгон кийимде.
Жети кат жер барысы
Бир бериште колунда.
Он сегиз миң аалам,
Кек егуздун жонунда.
Кек кочкордун белгиси,
Шор дарыя суусунда.
Исмайылдын курбаны,
"Мына"деген орунда.
Ар балакет кучеду,
Акыр заман доорунда.
Мусулмандын сурагы,
Жана капыр колунда.

Дагы болсо жигиттер,
Жакшылыктан тилейли,
Тобо кылсам кудайым,
Кечер бекен кунену.
Кудай билет елумду,
Кара жерге кар жааса,

Жердин жузу агарды,
Кандай кылып барарды
Байда кылар аштыкка,
Кузгу жылуу шамалы,
Кандай болсо кылганы
Орус капыр амалды.
Ар жарагы шаймандуу,
Өлөң айтып жарылдап,
Орустардын кейрөңу.
Кызыл бешмант кынама
Дин билбеген айбаны.
Сураса кыргыз орусту,
Тердирет эле коңузду.
Кудайдан коркуп койбосо,
Колунан алар доңузду.
Өкумдук кылбайт бириңе,
Колумдан келип турат деп,
Зордук кылбайт диниңе.
Эмне десе кыргыздын,
Ишенип калат тилине.
Шоодураган салдаты,
Бопуростун канжасы.
Карап турса капырдын
Кыйын экен калбасы.
Дини бузук чочконун,
Мал жоголсо төлөтуп,
Элден алат акчаны.
Шарыятта кошподу,

Бир кудайды таанызбай,
Ою менен олтурат,
Кулун,тайы дөөндөй,
Атын көрчү дубалдай,
Адам айрып таанытыс,
Кызын көрчү жубандай.
Кынамалуу бөйрөгу,
Чубалжыган көйнөгу.
Чуруллап өлөң айтканда,
Баарысынын көйрөңу.
Бели тутам айбалы,
Жети күндө майрамы,
Тил билбеген кайдагы
Акыретке барганда,
Анда көрбөйт байданы.
Бу кашырдын мүнөзу,
Канча калык баш экен,
Жандыраалы кинези,
Арабасы,чанасы,
Жаштан мурдун кезетет,
Жалпы сыйыр баласы.
Мал багышы кашырдын,
Коңгуроосу чакырды.
Жердин жүзүн жапырды,
Тил билбеген кашырды.
Карыялар месели,
Кепке жүйрук чечени.

Меселдетип кеп айтат,
Илгеркиден нечени.
Жыйкы тийип,үй чапкан,
Байыркынын кезеги.
Жалган айтып алмакка,
Эмдигинин кесеби.
Айтып турса билбеген,
Аят адис китепти.
Илгеркиден нусканы,
Эч бир адам тутпады.
Ойлосоңуз акыры,
Оюн кулку токтоду.
Жолду билген жообозго,
Жоо качырган шаабозго.
Найзалары уч кулач,
Темир сайган жыгачка.
Илгеркилер бир борум,
Эрки менен болгону,
Жер корушту билбеген,
Дөөлөтүнүн кең молу.
Илгеркилер өрнөгүн,
Эшитемин абайлап,
Ушулардын болжолу,
Абалкыдан акырга,
Алыскыдан жакынга,
Айта берем сөз кылып,
Мусулмандан капырга.

Сезум аты зар заман,
Ак кагазга жазылган.
Аманат жан етерде,
Ажал өлум жат кылган.
Болжол кылып карачы,
Бу заманаң такылган.
Бу капырдын арбагы,
Журтка тиер зардабы.
Нийласада жетпеди,
Мусулмандын арбагы.
Арбып барат жылына,
Кала салган чарбагы.
Кыргын кылып капырды,
Кана кудай алганы.
Калыйпа султан урумдан,
Кана тийген жардамы.
Тенгеден алды салыкты,
Каратты далай калыкты.
Коркунуч кылды колуна,
Дин мусулман шарыпты.
Белгилеп алды жеринди,
Жериңе салды эгинди,
Тоотподу кебинди,
Абыдан кести демиңди.
Аралаш кылды орuска
Атаңдан калган чегинди.
Эмдиги заман бу болду,
Мусулманы кор болду.

Айталык акыр бетине,
Ача көр кудай оң жолду.
Оруска берди илимди,
Кыргыздан көрдук залимди,
Аманат багып курудук,
Жигиттер алалдан тапкан малынды.
Бу замандын жигиттер,
Бейлин болжоп карасак,
Береке журтка тарылды.
Колунан келген жакшылар,
Журтуна кылды жабырды.
Кыла берет баарына,
Агайын тууган бооруна.
Кынныккан улук барага,
Жыгып салар дарага.
Истарчын, бий, болушу
Орустан кыйын жумушу.
Куруп калсын алардын
Арамдан тапкан ырысы.
Ар сонундар чыгат ко,
Акындардын артынан
Бечаралар зар ыйлайт,
Залимдардын зарпынан.
Орозо намас бузулду,
Молдокордун калпынан.
Береке элден жоголду,
Убадасыз антынан.
Акылы бар адамдар,

Шарыятты ойлоду,
Адырандаган жамандар,
Өз билгенин койбоду.
Арам дөөлөт байларын,
Малга көзү тойбоду.
Дили саран наадандын,
Биремесин кийбады.
Өлгөнүнүн этин жеп,
Колу менен сойбоду.
Бу замандын жакшысы,
Тили жүйрук таттысы,
Үйгө жатшайт тынч алып,
Болбоду го жаткысы.
Кудай өзү оңдосун,
Бу замандын арткысын.
Уга турган сөздөрдү,
Угузарым керекти,
Түндүк кылса ылайык,
Кайың менен теректи.
Айткан сөздү байкаса,
Акылы бар жигитке,
Ар жерлерде керекти.
Баатыр болор атанып,
Жоого кирген жүрөктүү.
Жашырак түшөр шоодурап,
Какса чынар теректи.
Курт ичинен чыгарып,

Кимкап кылды жибекти.
Аары бакса бал болот,
Көп кураса челекти.
Молдолугум кошумча,
Болот калам кармайын,
Өлү менен тирини,
Эп келтирип жамайын.
Эрикиенде сөз кылып,
Элди журтту санаймын.
Абалында калыньп,
Жалбарамын кудаага.
Тири журсөм зар заман,
Сөзү кетер далайга.
Насиятым сүйлөдүм,
Акыл менен абайла.
Убадаңды кетирбей,
Үйүңдөгү малайга.
Айткан сөзүм түз бекен,
Бу сөзүмдү байкасаң,
Бир бирине кошулбас,
Бейли жаман капырлар,
Беш намазды окубас.
Башка келген өлүмдөн,
Жан-жаныбар кутулбас.
Бейли жакшы жигиттер
Бересеге басынбас.
Бейли кеңге жолуксаң,

Берекенди качырбас.

Дунуйө кор байларың,
Тамагынан татырбас.
Жардам кылып жанына,
Жалгыз тутун кондурбас.
Ал өңдөнгөн байларың,
Жааннамдан кутулбас.
Дини катуу бенделер,
Мусулманга кошулбас.
Акын адам сүйлөйт ко,
Алды артын карабай,
Кете берет далай сөз,
Сайгак тийген танадай.
Кандай салса зыркырайт,
Карга салган чанадай.
Кызыктыгын карасаң
Базары дукөн калаадай.

Айтканымдын баягы,
Жерге тийбес аягы.
Молдолор алат колуна,
Болот калам сыяны.
Жакын көрбө жаманды,
Жакын көрсең жаманды,
Бир күн тиер зыяны.
Таркабайт ко тирликте,
Бу жалгандын кумары.

Дал отуэга келгенче?
Боз баланын убагы.
Алтымыш менен жетимиш,
Абышканын курагы.
Алда кандай болот дейм,
Караңгы көр ичинде,
Мункур-наңкир сурагы.
Айта берсе жигиттер,
Сөз табылар акынга.
Айткан менен түбүнө
Ким жетеди акылга.
Жоо беттешип туралбас,
Сырын билген баатырга.
Жалынсаңда байда жок,
Ишиң түшсө кашырга.
Жалгыз малы алтыдай,
Байнбай жүргөн жакырга.
Эси бар деп ишенбе,
Эрин коюп катынга.
Молдо болсоң акыры,
Байкап жүргүн кагазга.
Байкап жүрсөң жигиттер,
Балбан болгун намазга.
Напсиңизди тыйсаңыз,
Напсиңизди тыйбасаң,
Бир каларсың уятка.
Уят болуп кыныгып,

Аманатты жоготпо.
Бар болсо да жигиттер,
Эптуусунуң суратпа.
Кайраты бар жигиттер,
Адет кылгын намазга.
Бирөө бугим сураса,
Калтырбаңыз заматка.
Кыжалат болуп келгенге,
Эби келсе жигиттер,
Калтырбаңыз уятка.
Капырлыктын нишаны,
Үйрөнбөңүз адатка.
Аксакалдар айтайын,
Келдиңиздер бу жашка.
Карыганда кууланба,
Жаш чагыңыз бир башка.
Илгеркиңди көп айтып,
Таптыгансып адашпа.

Кылыгы жакшы боз бала,
Кылган иши шамдагай,
Мен айтайын сиздерге,
Жакшы менен жаманды,
Аралаша кылгабай,
Жакшы жаман болсо да,
Ичте болсун сырларың,
Ашкере айтып булгабай,

~~Маанисине жеткендер,~~
Маани сине жеткендер,
Салып турсун кулагын.
Маанисине жетпесе,
Тыңдабасын сөзүмдү,
Куру бекер чуулдап,
Мазе кылып өзүмдү,
Тек кетирбе сөзүмдү.
Жазар болсоң молдолор,
Жарым кылба сөзүмдү.
Кудай сүйгөн бендения,
Жугумталдуу бергени.
Байып чыгар бир күнү,
Кызматына алганы.
Кең бейилдүү жигиттин,
Иши келер илгери.
Ичи кара залимдин,
Элге батар чеңгели.
Пайда болор жигитке,
Жакшы өнөр билгени.

x x x

Айдың айдың көлдөрдөн,
Аяктай суусу калбады.
Ойдуң ойдуң жерлерден,
Мал чалар оту калбады.
Түп,Жыргалаң эки суу,
Эл конорго тар болду.

Карагай,кайың,тал,терек,
Тамыр түбү соолуп,
Камчы сапка зар болду.
Малга ылайык жери жок,
Жерге ылайык эли жок.
Асыл заттар кор болду.
Жакшыга жаман зор болду,
Кар жаабаган кара жер,
Төмөнгүдөн кар болду.
Каранын уулу кан болду,
Кандан туулган маң болду.
Эр азамат жигитке,
Сары суулар аш болду.
Калк кармаган улуктар,
Бурункудан пас болду.
Арбактуу эрдин тукуму,
Душман менен дос болду.
Калк кармаган бек кандар,
Тагынан түшүп келбеду.
Не жамандар түзөлүп,
Жогору карай өрлөдү.
Ат башындай жүрөктүү,
Кайгылуу болуп черледи.
Мырзалык байдан төгүлдү,
Арканын кийик кулана,
Алды алдынан түгөндү.
Ушулар эске түшкөндө

Ьурбайсың неге көңүлдү.
Бийибиз болду барадан,
Каныбыз болду карадан.
Жокко көзүн салбады,
Дөөлөт күткөн бар адам,
Биреөне-биреө күнүлөп,
Татуулук кетти арадан.
Карыш таман мышык баш,
Не азгындар жетилди.
Сан тийбеген жамандар,
Улактай башка секирди.
Не жамандын балдары,
Кандан туугаң шекилди.
Албарстай асыл жакшылар,
Өз өзүнөн кетилди.

x x x

Оору көңүлүн ким ачар,
Ал сураган тең ачар.
Черленген эрдин кайгысын,
Алдейлеп сүйгөн бала ачар.
Ьашка конгон бак ачар.
Адеми жигит арасын
Алма моюн жалкын чач,
Жаркылдап күлгөн жар ачар.
Уул кайгысын ким ачар,
Алдындагы мекеси,
Артындагы баанасы,
Ата менен эне ачар.

46.

Ат кайгысын ким ачар,
Кунуне жети караган,
Жал куйругун тараган
Сулуу менен жем берип,
Кадырын билген эр ачар.
Эл кайгысын ким ачар,
Үзөңгүсүн тең тепкен,
Адил туугaн кан ачар.
Аккан суу менен кең конуш,
Түрлөнгөн жашыл көк ачар.
Жакшылык менен жамандык,
Баары актан болгон сөң,
Сабырлык кылмак жарашар.

Кызыл ала кубулган,
Кыргоолдун канаты,
Кызыктырып сүйлөгөн,
Кылыч молдо санаты.
Тегеренсе бу тилим,
Тегирмендинбарасы.
Дуга кылып коюңуз,
Дин мусулман баласы.
Жагар болсо бул сөзүм,
Жашы улкен карылар.
Аминин деп кол жайгын,
Аксакалдуу бабалар.
Кайсы бирин айтайын,

47.

Кайгылуу эрде санаа бар,
Эшиткен муну бенделер,
Дуга кылып коер деп,
Мен карып да дама бар.

x x x

Мен сүйлөйүн агайын,
Сандап түмөн зарзаман.
Кызыкканда токтобой,
Кызыл тилим ирмейин.
Кыйык менен болдубу,
Кайсы экенин билбеймин.
Аты жакшы алданын,
Кудурети көп экен,
Жомок деген билгенге,
Төөдөн үлкөн кенч экен.
Айта берсем түгөнбөс,
Айдын чалкар көл экен.
Кептүгү көп жомоктун,
Айтканымча бар экен.
Ойлоп муска кылайын,
Ажал жетип,күн бүтсө,
Өлүмгө жок ылаажы.
Ыкыбалдуу кишилер,
Аделеттен айныбас,
Анык ырас кишинин,
Убадасы бузулбас.
Жамандардын адети,

Жакын досун ондурбас.
Бул сезумдун баяным,
Артып жазам белгисин.
Арнеменин аягын.
Ар жеринен билдирген,
Жардылардын жаманын.
Барда болсо бейли тар,
Байларындын саранын.
Баарын айтып берейин,
Салып турсаң кулагың.
Агач тилген араадай,
Тилим турат сүйлөнүп,
Тегирмендин бараадай.
Калет кылып койбоңуз,
Жакшы окуп карабай.

я я я

Молдо Кылыч мен атым,
Болот калем доотум.
Чала чыккан башынан,
Чаар китептен сабатым.
Жүре жүре арбыды,
Казал жазып кагазым.
Калайыкка билинди,
Катка түшүп абазым.
Куран окуп молдолор,
Кылар бекен дугасын.

Кеп алдында суйлеймун,
Кергенумдун баарысын.
Санат кылып саламын,
Билгенимди кагазга,
Бир бирине жамаймын,
Жигитчилик жузунен,
Аябасын дугасын.
Рахмат айткан ким болсо,
Этек жени жайылсын.
Ушунчалык кеп элден,
Акын чыккан мен жалгыз.
Окуп керген агайын,
Айып куне койбонуз.
Темир,Болот,Надырбек,
Учукеден таралды,
Кулду тынай баарысы,
Сарбагыштын урааны.
Ушу кезде заманы,
Эр Шабдандын убагы.
Кийинкиге сез калса,
Канып турсун кулагы.

x x x

Айткан сездун жобосу,
Ойлоп турсаң сакчыдай,
Сезге текек акындар,
Сейректиги тамчыдай.

Сөзү оңок көбүнчү,
Өтке тийген камчыдай.
Айтар сөзүн табалбай,
Кедери кеткен ачуудай.
Айтарынан адашып,
Чала молдо балчыдай.
Башка акындан сөз курап,
Байга жүргөн жалчыдай.
Анык акын жаңылбас,
Калкан койгон аңчыдай.
Анык тыңдап олтурсаң,
Билгизенин санатты.
Алда өзү чоң экен,
Ар түрдүү жан жаратты.
Ар кайсысын ар башка,
Жер жүзүнө таратты.
Жер жүзүндө адам зат,
Бир кишиден таралды.
Кээ биреө башынан,
Тили дудук тубаса,
Кээ бир киши өмүрү,
Тазалыктан обочо.
Жакшы кылып кээ биреөн,
Жалпы элди сураттым.
Жарды кылып кээ биреөн.
Колго берди таякты.
Кээ биреөн зарлатып,

Эки көзүн жоготту.
Кара жерге жашырып,
Капкан салат түлкүгө,
Түлкү чындап жарашар,
Башыңызда бөркүңө.
Өлгөндө да териси,
Айнек болот көркүңө.
Аңык адис мергендер,
Асына бейм бараңды,
Атып алат жазбастан,
Тоодо бугу,маралды.
Кадыр алда кудайым,
Акыл менен карасаң,
Айтып турам мен дайым.
Ырысы жок азамат,
Өз оокатын кылбаган.
Жалчы кирип биреөгө,
Жаны күндө тынбаган.
Илгеркиден нуска бар,
Байкасаңыз айтайын:
Изаты жок боз бала,
Сексендеги чалдайсың,
Акыл эстүү боз бала,
Сыр аякта балдайсың.
Акылга кулак салбаган,
Жакшылыкка барбайсың.
Молдо Кылыч бечара,
Көп күнөнү көтөрдү.

Тобо кылсам теңирим,
Жазыгымды өткөрөр,
Дуга кылса окуган,
Мен гарыпка жетерби.
Кабыл кылса кудайым,
Асман жердин баарысын
Жазган сөзүм түгөнбөс,
Калайыкка жайылсын.
Ичимдеги зар заман,
Кумурскадай жайнасын.
Тегирмендей шакылдап,
Кызыл тилим сайрасын.
Угуп турган кишилер,
Кайсы бирин кармасын.
Айткан болсо ачылар,
Акындардын арманы.
Ада болсо эзелден,
Алда таала бармаңы.
Айтканымда сөздөрүм,
Агып турган булактай,
Эп келишкен кыйышып,
Эрди катын ынактай.

x x x

Ай менен күн асманда,
Ааламдардын жарыгын,
Алдыңдагы сайраган,

Зар замандын анычы.
Тышта сеек жаратхан,
Жумуртканын кабыгы,
Суу түбүнен жай алган,
Дайра көлдүн балыгы.
Он сегиз миң ааламды,
Жараткуучу бир өзү.
Баарысынан артыгы,
Адам зат бендеси.
Чеп-чар,жыгач түрленген,
Курт кумурска өңгөсү.
Токонаалат шайтындын,
Артык болгон күнөсү.
Мен сүйлөймүн жигиттер,
Көңүлүңдү бузбасын,
Сүйлөгөндө билерсиң,
Ар бенденин өз башын.
Эр буйругун бек тутар,
Акылы бар ургаачы.
Алал болор идишиң,
Казан аяк туйгасы.
Айта берсем кубанар,
Акылдуулар уккандай,
Муңдуу кылып сүйлөймүн,
Өз колунан чыккандай.
Болбой калар мазеси,
Боом суусун бургандай.

Кагазынан биле албай,
Кайсаңдаса көңулуңуз,
Кайран сөзду жоготпой,
Жакшы байкап көруңуз.
Акылы дыйкан кеменгер,
Адам зат желегу,
Аделеттуу ишиңиз,
Өмуруңдун кереги.
Карыганча талыкпас,
Өз оокатын тереги.
Окуп көрген агайын,
Бизге дуга береби.
Адил журуп иш кылса,
Кабыл болор тилеги.
Молдо Кылыч бакырга,
Узун өмур келеби.
Кудай билет жигиттер,
Көп жашабай өлөмбу.
Насип берип кудайым,
Куру бекер журөмбу.
Ыйман берсин теңири,
Ак ясыз адам болобу,
Тагдыр жетсе алдадан,
Учуп кетер чындай,
Денең жатар жыйылбай.
Буту колуң бугулбей.

Тирчиликти ойлосом,
Ак сарайдын көлүндөй,
Мен сүйлөймүн далайды,
Калайыктан эринбей.
Акыретти көрсөтүп,
Пайгамбарга бак берди,
Китептерди көрсөтүп,
Молдолорго кат берди.
Чечен кылып бирөөнү,
Сүйлөгөнгө эп берди.
Жакшы менен жаманды,
Өзү билип текшерди.
Кудурети кудайдын,
Күндү көккө жүргүздү,
Айды жарты чыгарып,
Алыстатты жылдызды.
Ай ааламга шам чырак,
Асыл кылды күндүздү.
Он сегиз миң ааламды,
Өз өзүнө тургузду,
Жан жаныбар баарысын,
Насип берип тургузду.
Суу түбүнөн жай берип,
Жаратыптыр балыкты,
Жадыгөйгө буюрду,
Дуга менен арыпты.

Байгамбарга түшүрдү,
Аят куран шарыпты.
Азиз кылып караттьы,
Олуя заада шайыкты.
Узун өмүр көрсөттү,
Улукман ата табыпты.
Алтымышка чыгарбай,
Эмдигини карытты.
Тирлик берди көрсөтпөй,
Кызыр Илияс кайыпты.
Ооруу берип сынады,
Азирети Айыпты.
Азап тартып канчалык
Алты жылда айыкты.
Адам Ата,Ава эне
Бейиште булар көп жүрдү,
Канча адам жемиштен,
Беш жүз жылы жеп жүрдү.
Каар кылып кудайым,
Бу жалганга түшүрдү.
Кабыл болуп тобосу,
Кайтып экөө кошулду.
Адам Ата,Ава эне
Нече жылы зарлады.
Бири-бирин табалбай,
Көздүн жашын тыйбады.
Адам заат баласы
Ал экөөндөн туулду.

75

57.

Аштык айдап, уй тигип,
Төрт түлүк мал уурунду.
Капыр менен мусулман,
Динин айрып бузулду.
Бир канчалык тукуму,
Динден кетип курулду.
Жер жузунде адам зат,
Ал экөөнун уругу.
Жалпы жандан артыкча,
Баарысынын тунугу.
Байкап турсаң маселен,
Адам ашбас болорбу,
Айры белес кесенди.
Жакшыларды карасаң
Адил ойчу болбоду.
Адам акын кесе да,
Дунуйөсу толбоду.
Молдолорду карасаң,
Ак селдесин ороду.
Аят адис буйругун,
Акыл менен болжоду.
Напси бузук молдолор,
Ач тайгандай жойлоду.
Кайда өлум болсо да,
Андыганын койбоду.

x x x

Молдо Кылыч сүйлөдү,
Бу замандын ал жайын.
Акыл менен сынасаң,
Бар замандын аягын.
Келиштирип сүйлөсөм,
Киши билбес баяныи.
Маани берер сөзүңө,
Байкап турсаң аягын.
Шарият менен шерт кылам,
Жадугөйлөр окуса,
Башы айланар теңселип,
Чала ойлоп токусаң.
Бу дүйнөнүн түбү жок,
Түбүн туруп сураба.
Тил билгилүү кишилер,
Мектептеги балдардай,
Ичиндеги сырыңды,
Акыл менен тапкандай.
Азаматтын жаманы,
Иттен жаман капкандай.
Айткан сөзү адамга,
Айбалталап чакандай.
Азаматтын артыгы,
Сымга тарткан күмүштөй,
Айткан сөзү ширелүү,
Демдеп койгон куручтөй.
Көнсө көңлү жай болот,
Колу ачык билиштөй.

Сырын тышка чыгарбас,
Таштан койгон кылычтай.
Көркүн көрсөң көрүмдүү,
Ийи майда кебездей.
Ач болсо да тойгонсуп,
Арык болсо семиздей.
Боз баланын жаманы,
Чата болор кыялы.
Айткан кеби адамга,
Урушкандай сыягы.
Куру кайрат жел өпкө,
Корго кармап жүргөндөй,
Ала бакан таягы.
Эрин билген катындар,
Эс билбеген эсердей.
Эрге кылса каяша,
Эсинизден кетерби,
Эри жаман катындар,
Эрки менен алкылдап,
Ангы койгон айгырдай
Ай,ай сөздү укпастан,
Айта берет тартынбай.
Анык чечен акындар,
Жазгы жааган жамгырдай.
Төгүп турат төңкөрүп,
Буудай салган калбырдай.
Кыз баланын жакшысы,
Күмүштөн куйган жамбыдай.

Качан болсо кыйма бел,
Адам качпай алгыдай.
Калың токой карагай,
Калың жыгач өлкөнү,
Кайың,терек сөгөт тал,
Күл чыгарып бүрдөдү.
Кызыл алтын тактасы,
Бадышанын мингени.
Жайы кышы тери тон,
Жарды жалчы кийгени.
Казынага бай жыйды,
Кызыл алтын дилдени.
Ою менен сурашып,
Орус бизди тергеди.
Илгеркидей замана
Кана кайра келгени.

х х х

Зар заманым бу казал,
Зарлаганга кулак сал,
Аңдасаңыз чыгат бейм,
Айта берсем ар макал.
Акыл ойлоп жүрөргө,
Таанып болсоң көп элге,
Айыл болсоң кошулуп,
Дүнүйөсү кененге.
Намыз кылба аянып,
Кызматыңды билерге.
Көмчү болсоң жакшыга,

Кубанарсиң наркына.
Кыялыңыз туз болсо,
Казак,кыргыз калкына.
Жузуң жарык корунот.
Калайыктын баарына.
Жалгыз аттуу жардынын,
Жалгыз аты кокустан,
Кулук болсо бактына.
Куда чыгар бирее
Сулуу чыгып кызына.
Ырыскыңдын белгиси,
Мен айтайын санатты,
Кулак салчы ушуга,
Бул айтканым акылым,
Байкап турсаң адамга,
Не кылса да кудайым,
Өзу билет жазыгын.
Кудай кандай кылат деп,
Кетирбегин санааңды,
Кудуреттин ким билет,
Барды жоксон кылабы.
Болбос ишти ойлобо,
Ойлосоңуз акыры,
Кудурети алданын,
Акыл менен болжобо.
Шек келтирбе сезуне,
Китеп ачкан молдого.

Ит болсо да дин учун,
Жамандыкка булгаба.
Туура динден чыгасың,
Адам Ата,Авага.
Шек келтирип коесуң,
Тоосулбаган макалым,
Өлмөйүнчө түгөнбөс,
Жомок менен казалым.
Сүйлө тилим зар заман,
Желиккенде мен өзүм,
Жел кайыптан сөз табам.
Кубаныч кылар сөзүмдү,
Кулак салып байкаган.
Акыр дүйнө заманды
Айтып келем сөз кылып,
Нечен дүркүн адамды.
Акыл сөздү тутпаган,
Дини катуу жаманды.
Ал сыяктуу адамдын,
Ыйманы жок караңгы.
Кулак салсаң акылга,
Куулук кылба бакырга.
Убал кылып жаныңа,
Убалаңды качырба.
Колуңуздан келбесе,
Болбос ишке асылба.
Анык адам болсоңуз,

Конок келсе жашынба.

x x x

Зар заманым ар кимге,
Бейли менен уккандай.
Сайрап берсем алдына,
Кулагына жуккандай.
Байкап турсаң туздугу,
Машинеден чыккандай,
Кызыл тилим сайраса,
Кыргый сабап учкандай.
Жомок сөзү дарыя,
Кеме салса толгонбой,
Айта берсе кемибес,
Кашык менен сузгандай.
Бу заманды ойлодум,
Илгеркинин ирээтин,
Көзүм менен көрбөдүм.
Карыялар кеп айтат
Калпы чынын билбедим.
Казак,кыргыз кармашып,
Канча олжо үлөөшүп,
Калмак менен калчаны,
Чабып алган бирлешип.
Кантип жылкы алганын,
Карыялар кеп айтат,
Илгеркинин адамын,
Атасындай урматтап,
Аксакалдуу карыны,

Эмдигинин адамы,
Уяты жок залимы.
Ата-энеге баш бербейт,
Акылы жок бадиги.
Ар тутундон жыйылган,
Алык салык чыгымы.
Кызын сатып кутулат,
Жарды кедей чабыры.
Бейли кетти тугенуп,
Бу замана тарылды.
Жаш болсо да бечара,
Убайымдан карылды.
Байкап турсаң илгери,
Бий,болушту билбеди.
Акча салып бизлердей
Алык салык бербеди.
Кебу качып багынбай,
Орус жузун кербеду.
Кармап алып маймылды,
Дарга тартып жай кылды.
Кокондуктун кандары,
Тактысынан айрылды.
Эр Тайлактын Осмону,
Качып барып Кашкарга,
Канча жылда кайрылды.
Кан Оромондун баласы,
Уметалы Чаргынды,

Кашкар барып келген соң,
Кадырынан тайгылды.
Кайдан билер бу капыр,
Казак,кыргыз ватынды.
Кагаздап алды билдиңби,
Катын бала зайбынды.
Салдат алат бир кезде,
Кармап алып жармынды.
Эсептеди көрдүңбү,
Эгиз менен жалкыны.
Баарын айтып бердимби,
Бу капырдын мүнөзү,
Бузулганын көрдүңбү.
Бир кудайдын талаасын,
Меники деп кагаздап,
Жапан чыккан жыгачын.
Баарын сатып аласың,
Кантип оокат кыласың.
Илбесинди коруду,
Кушту кайда саласың.
Жылдан жылга салык деп,
Закун баштап түгөнгүр,
Заманамы тарытып,
Истамбулдан беркини
Алды барын багынтып.
Кудай урган бачагар,
Кызылбашты кырганы.

Терсе жуут уядуну,
Баарын жуда алганы.
Абалкыдан акыры,
Айтып келем сөз кылып,
Мусулманды капырды,
Сөзүм аты зар заман,
Ак кагазга жазылды.
Аманат жан кетерде,
Ажал өлүм жакынды.
Божкол менен абайла,
Бу замана такылды.
Өзүң жеке жебейсиң,
Тапкан кара жатыңды.
Зар заманым агайын,
Насиятка бара бар,
Угар болсоң айтайын,
Ини менен агалар.
Акылы жок кээ киши,
Өлгөндөрүн табалар.
Аның жоомарт азамат,
Карыптарга кайрылар.
Акыретте жоомарттын,
Эки жүзү агарар.
Эске токтоо азамат,
Өз акылын чамалар.
Жоон өпкө жоода жок,
Мыктысынын чыналар.

Бой котеруп сыланар.
Кудай алсын андайды,
Ошентип куруп кур калар.

x x x

Жакшы болмок канчалык,
Жакшы болгон адамга,
Кудай берер бак салып.
Арбак конуп кетпеген,
Журген менен мактанып.
Арзан болсо жакшылык,
Ар ким озу корсунбай,
Жакшы чыгып албасын,
Озунон озу сактанып.
Ырыскы насип алдадан,
Он сегиз миң ааламды,
Кудай озу жараткан.
Суйгон кулу болобу,
Анык асил заададан.
Олуя чалыш бендеси,
Жаман ишке барбаган.
Оз малынан башкага,
Асти кенул салбаган.
Ар бендеге ыймандым,
Кудай насип кылганды.
Энтуу болсо озуне,
Эр жигиттин жубаны.
Кезуп жетип ар ишке,

Көңүлүмдө тапкандай,
Буюрганың бүтүрсө,
Ичиң жылып тургандай.
Ал жакшысы калайык
Кадимки кара каргадай,
Кадырлабай сүйлөгөн,
Карыларын жыгабай,
Байлар малын баккандай,
Эмгек бербей сарандай,
Ырыскысын булгаган,
Алаа багын жей албай.
Чуркураган акылсыз,
Өз колунан келалбай,
Кайбат кылат жакшыны,
Акыл айла табалбай.
Момунсуган байлары,
Корккондуктан кеп кылат,
Жакшыларга пайданы.
Пайда кылмак кайдагы,
Ким да болсо нар жагы.
Далай ишти кылгыдай,
Келер болсо дарманы.
Эмдигинин карысы,
Илгеркини жоктоду,
Ууру кылсан киргени
Башың чыкпай ноктоого.
Жөрөлгөсү замандын,
Капыр алып эркинди.

Туштү жерге жылдызын,
Мал азайып түгөндү.
Соодагердин тыйыны,
Боздоткону жардыны,
Болуштардын жыйыны.
Барган сайын оорлук,
Былтыргыдан быйылгы.
Эл жегени көп болду,
Калган айтак кубөсү.
Карып жетим какшанды,
Өмүрүнө унуткус,
Айыкпаган так салды.

x x x

Илгеркинин адамы,
Берекелүү убагы,
Казак, кыргыз өзүнчө,
Өзүбектин сурагы.
Падышасы алардын
Кокондуктун манабы.
Орус колун байлаган,
Эмдигинин заманы,
Болуштукту талашкан,
Элдин эки тарабы.
Жанжал болуп чыр чыкса,
Журтка тиер зыяны.
Талаш кылса болушту,
Эли кылар урушту.

Заманanын дартынан,
Далай адам өлүштү.
Байда табам дегендер,
Көп залалды көрүштү.
Караңгы эйди чайкаган,
Айласы бузук орустун,
Чала болот кыргызга,
Кор болгон өзү оруска.
Жамандык чыкса карашып,
Өзүнчө салбай калыска.
Эрегишин тил албай,
Өезго барат арызга.
Айгак болуп жүгүрүп,
Жетип барат алыска.
Адамдын билбей күкесүн,
Билсе кимди аясын,
Дини башка болгонсоң,
Өлгөнгө кайдан карасын.
Күнө түшсө мойнуна,
Адамдын койбос оюна.
Самына салып кишенди,
Шибердин айдайт жолуна.
Иш эткен соң байда жок,
Сураса бербес колуна.
Орустан көрбө кинени,
Кыргыздын күрсүн тилеги.
Коем деп жатып күрүдү,

Бир бирине кунөнү.
Казак,кыргыз бусулса,
Орус жайды билеби,
Орустун ичи кең экен,
Эс менен жүргөн эл экен.
Казак менен кыргызды,
Сурак кылар эп экен.
Алдабаган ар кимди,
Убадага төп экен.
Угуп турсам ар кимден,
Кумурскадан көп экен.
Улуктары көбүнчө,
Акылга дыйкан кен экен.
Акылын тартып ар кимдин,
Адет урпун чеңеген,
Көбүндө бар адилдик,
Жардынын жайын караган.
Жакшы менен жаманды,
Жалпы бирдей санаган.
Улуктары баракор,
Аябай журтту талаган.
Акча десе токтобой,
Түшө калат салаадан.
Ошондо да орустун,
Азоолок экен чыгымы.
Акылга туура кылыгы.
Түгөтүп койду элинди,
Кыргыздын чыгым ырымы.

Өзүңдүн жакшы болушуң,
Кетирип жатат шайыңды.
Каның соруп сулуктей,
Соруп жатат майыңды.
Орустун далай улугу,
Кылат экен кайырды.
Кыргыздын болуш манабы,
Маңдайга бүткөн бир малың,
Жалгызыңдан айырды.
Айта берет зар заман,
Айып деби шайырды.
Орустун кана жазыгы,
Малайга берет акыны.
Бадышалуу чиркиндин
Закунге туура жатыгы.
Каратса да жериңди,
Арзан кылды эгинди.
Сураса кыргыз орусту,
Тердирет эле коңузду.
Акы бербей аларга,
Салат эле жумушка,
Кыйба журтум убайым,
Орусту берген кудайым.
Мусулманга каратба,
Деп тилегим сурайымын.
Мусулмандан кан болсо,
Курутпайбы кудайым.

Акыл менен карагын,
Ичип жатат молдолор,
Сыра менен арагын.
Ошолорду кудайым,
Кандай кылып аларын,
Өлгөндөн соң ким билет,
Кандай болуп каларын.
Жаман деген китепте,
Адамдын кылган арамын.
Айтып жыгап боло албайт,
Түгөнгүрдүн заманын.
Келди акыр замана,
Карабас ини агага.
Бөлөк санаа көңүлү,
Өзүнөн тууган чырагы.
Алыс жерден абайлап,
Угуп турат кулагы.
Адамды кырат айбанча
Анын кимге убалы.
Зар заманым аяктап,
Болду бүтөр убагы.
Азырынча олтурган,
Кылар бизге дуганы.
Эмдигинин кезеги,
Канаттуунун жомогу.
Өз алынча бир аалам,
Аны айтпасам болобу.

527



1.

[illegible]. ИШМАЧ.

Канаттуу. инв номер 527.

Сүйлөп сөзүм чачайын,
Сөз килитин ачайын.
Кароолу келтирип,
Түз ыкмадан атайын.
Жатып чыңдап жактырам,
Жазбай аткан мергенди.
Катындарда уста көп,
Өрмөк согуп бергенди.
Бул адам зат бендеге,
Кайсы жандар теңелди.
Алтын, күмүш үштөгөн,
Эринбеген зергерди.
Канаттуунун баарында,
Мыкдуу тырмак чеңгелди.
Ит агытып куш салган,
Мунушкордун адети.
Кушка себеп учарга,
Узун чаагын канаты.
Кыз баладай кылжыйып,
Кыргыйга такса жагоону.
Ашпак болот кебездей,
~~Ак шумкардын сачоору.~~
Алып түшөр тоодакты,
Алгыр куштун кыраашы.

2.

Ийбесинди куткарбас,
Туйгун куштун чырагы.
Казды басар ордоктой,
Кара кашка тынары.
Асман менен кайкыган,
Илевчилдин учкуну.
Бир тешкенде елтурген,
Кара кунас буттууну.
Сайса залал кылалбас,
Кек ытандын тумшугу.
Айтор сезге ылайык,
Илевчилдин алганы.
Тепсе жерден учурбас,
Керип турган турнаны.
Буркуттон кучу кем эмес,
Кубатынын долбору,
Бепулесе келбеген,
Далба менен уйдеген.
Кара баарчын буркуттор,
Карым алдына келбеген.
Кое берсе чукулдан,
Колу менен ирмеген.
Тегиндеги адети,
Айланайын жаныбар,
Тешмейинче журбеген,
Алда таала кудурет,
Ар турдуу жан жаратты.

3.

Айтып акыл жетелбес,
Асмандагы канаттуу.
Кара бүркүт жорулар,
Ташка чычар богу бар.
Ошончолук чоң туруп,
Пашачын кууса коруңар.
Кудай таала кудурет,
Кубат берип койгон соң,
Ар жаныбар ичинде,
Бу сыяктуу сүрү бар.
Чүйлү менен куштардын,
Кыраанын кер шумкардын.
Алып келип салганда,
Алып калар аксарды.
Мунушкорун кайылса,
Бүркүт алар калтарды.
Адам көрөт эрмекти,
Мунушкерге жараш.
Кыргый алат өрдөктү,
Өлүмтүктү көп издеп,
Бөрү тартат эмгекти.
Куркулдаган кузгунга,
Кара ташты жутканды,
Кайда болсо аңдыган,
Карышкырга туткунду.
Кара жору кажырлар,

Кайраты жок чабалдар.
Өлүмтүктү көп издейт,
Уяты жок жамандар.
Башы такыр чоң жору,
Мундай куштун чоңдору,
Кийик алып жегендей,
Кайда болсо жоругу,
Кузгун жолдош болгону.
Карышкырдан жем аңдып,
Кайып келип конгону.
Кудай таала кудурет,
Өзү ушундай кылганы.
Айры куйрук кулааны,
Тырмагы бар бу дагы.
Канаттуудан айлансын,
Кайраты жок кубары.
Карга көрсө какылдап,
Шылдың кылат такылдап.
Алды артына карабай,
Качып берет салпылдап.
Куруп калган куйалы,
Карга чымчык кууганда,
Жана коркуп калганы.
Мөмүнсүмак немедей,
Бу байкуштункыялым.
Кармай жалын жебеген,

Кайраты жок ургаашы.

Кебетеси кепшири,
Куш макалдуу сыягы.
Ала карга, сагызган,
Жоор жылкы көрүнсө,
Чокуп канын агызган.
Асман айдан туйлатып,
Аркасына жабышкан.
Кара карга каралар,
Көпчүлүгүн карасаң,
Чегирткеге барабар.
Кырк миңине карчыга,
Жалгыз кирип аралар.
Кудай урган сагызган,
Коркпой туруп бачагар,
Жылкы менен алышкан.
Карчыганы көргөндө,
Кайраты жок калтырап,
Кара жерге жабышкан.
Айланып ~~өтө~~ кетет түгөнгүр,
Шакылдаган дабыштан.
Жандан ашкан сугалак,
Кырчаңгыны кубалап,
Ону беш жабышып,
Жаман кылар жаралап.
Карчыганы көргөндө,
Кара кылып токойго,
Качып кирер сабалап.

6.

Ителгиден коруган,
Бокту керсе чокуган.
Ала карга сагызган,
Напси жаман сорунган.
Туйшугу кеп жаныбар,
Тунде журген бабырган.
Жаман уку жапалак,
Кундуз кезу кере албай,
Тун киргенче зарыгган.
Ар жандарга ырысы,
Бет алдынан табылган.
Жан жараттын минетин,
Каз ердектун баарысын,
Кара сууга тунетуп,
Тири жанды койгон жок,
Ырыскысын тугетуп,
Баеолугу укунун,
Кара жунун тулетуп,
Кудуреттин кердунбу,
Ушуларды акыры,
Ысык менен суукка,
Койгону жок жудетуп.
Колдо журген кууларды,
Тоо башында уларды,
Адам заат насиби,
Алаа кылды буларды.
Кара каака кекилик,
Канатынын чубары,
Ордек менен чуректун,

7.

Коldун усту тураги.
Ылаачын тийсе уркутуп,
Сууга баштан чумкутуп,
Бир биринен ар жанды
Ушунчалык коркутуп.
Койдой болгон тоодакты,
Коя башындай боз кушка,
Алкымынан карматып.
Каркыра,каз,куулардын
Канчаларын чуулатып.
Кара чымчык боз торгой,
Кыргый куштун берени,
Азык кылып кууратты.
Чакылдаган чекчыгай,
Чалып этет турумтай.
Бир бирине зордугун,
Билгиндирди бир кудай.
Абадагы боз торгой,
Турумтайга жолобой,
Айры куйрук кулаалы,
Ик билбеген кологой.
Илек-илек калдагай,
Кара кунас тарбагай.
Балта жутар кок жору,
Журт ачыган урганай.
Кызыл кыргый ылаачын,
Канатындан айланай.

8.

Тукидурбай кармаган,
Туйгун куштун арбагай.
Тарп мадеген ак кажыр,
Эпсиз экен далдагай.
Кара баарчын чол буркут,
Канаттары далбагай.
Кеби сыны Чиркиндин
Оозу бажы балбагай.
Томогосун тартканда,
Кымырылып шамдагай.
Кебетесин карасаң
Туура тарткан кулкадай.
Кайраты чоң кырааны,
Карышкырды кармагай.
Тулек уя балага
Тулку чыдап турбагай.
Кашкулакты качыргай,
Кармаганда тырмагын,
Кабыргага батырган.
Болкоду жок берендер,
Болбос ишке асылган.
Эчки, теке, киййиктер,
Эси чыгып жашынган.
Туйгун куштунтунугу.
Буркут куштун улугу.
Канаттуунун берени,
Кыргый жакшы кылыгы,
Тешмейинче алдаган.

Ылаачындың ырымы,
Кешелекту андыган,
Куйке куштун кунугу,
Асмандагы жылдызадай,
Чыгыуу
Ылаачындын чыгыуу.
Булбул куштун шайры,
Буркут куштун дайыны.
Чабийекей,боз торгой,
Жанга тийген кайыры.
Кара буркут тоодактер,
Канаттуунун жайыгы.
Кундуз кезу корбеген,
Ужу куштун мейыбы.
Кушка окшош сыягы,
Айры куйрук кулаалык.
Ылаачынга илдирер,
Ителгиси бектерер,
Куруп калган байкуштар,
Канаттуунун карыбы.
Адам тилин суйлеген,
Тоту куштун шарыбы.
Жылкычыдай мыкырган,
Чакчыгайдын кымбаты.
Кара кунас мучели,
Каркыранын сумбаты,
Жарашыктуу жаныбар,
Тум

10.

Тоту куштун зыйнаты.
Алгыр буркут шумкарың,
Адам заат урпаты.
Кызыл-тазыл кубулган,
Кыргоолдун канаты.
Ьолжоп туруп сүйлеген,
Молдо Кылыч санаты.
Кенже буркут чакылдак,
Эмирилген жагалмай,
Куш кенжеси таканак,
Тегеренчи бу тилим,
Тегирмендин барасы.
Дуба кылып кочмар,
Дир мусулман баласы.
Илгертеден сөзүмдүн,
Алып турган каласы.
Ьата берип койсоңуз,
Мен да сизге раазы.
Курт кумурска канаттуу,
Кутулбады сөзүмдөн,
Куюлушуп санатым,
Чыга берет ичимден.
Кудуреттин бергенин,
Сурабадым кишиден.
Жана айтып берейин,
Канаттуунун баянын,
Дагы жатып ойлойун,

11.

Билимдуусун айтайын,
Кайсы бирин болжогун,
Кара боор кыл куйрук,
Далай куштун арбыны.
Дабышы бар шуулдап,
Канатынын жалгыны.
Боз чымчыктын кыраны,
Борбаш деген алгыры.
Турган куштун берени,
Тумшугунда жабдыгы.
Бырышраган бедене,
Турумтайдын кемиши.
Буткен бою буткул май,
Жаныбардын сезимизи.
Кекиликти,илдерди,
Алал кылып бериши.
Ичегисин чыгарар,
Ителгинин тебиши.
Эчки,теке,боруну,
Чел буркуттун эңиши.
Асман кекте жылдыздап,
Ылаачындын журушу.
Ала карга кузгундар,
Жон жорунун билиши.
Токсон турлуу кубулган,
Тоту куштун жунучу.
Бурул,бурул сайраган,
Булбул торгой унучу.

12.

Жаман карга кулаалк,
Жагалмайга кушучу.
Өз колунан келалбай,
Кырагалап журуучу.
Толуп жаткан канаттуу,
Торгой экен чечени.
Чөп түбунде сайлоктоп,
Тартар куштун бечели.
Чакылдаган бачагар,
Чакчыгайдын месели.
Куудулдашып тууратан,
Кулун менен текени,
Чакылдаган бачагар,
Бир жагынан кыйкылап,
Кучук болуп кетеби.
Байкап турсаң тили так,
Балакеттин көсөму.
Кыраандыгы шумкардын,
Ылаачынга жетеби.
Куудулдугу чымчыктын,
Чакчыгайдан өтөбу.
Жарганаттын жуну жок,
Жабылбаган кетону.
Таңга жакын сайраган,
Кукук куштун эшени.
Келиштирип айтарга,
Келди сөздун кезеги.

13.

Ойлоп туруп эсеп кыл,
Откерейун нечени.
Кызыл тилдүү куркулдай,
Уяларын байкасаң,
Адам карап тургандай.
Тиктеп туруп тим эле,
Тигип кийим кылгандай.
Ар жандардан устены,
Жаратыптыр бир кудай.
Кундуз учпай камалган,
Бу жарганат кургурай.
Түрү суук эзгече,
Аяда куруп калгырай.
Домбурасын күүлеген,
Торгой менен булбулдай.
Жан куткарбас учкузу,
Жагалмайым кыргый ай.
Айтар сезге ылайык,
Ала чырчык жаныбар,
Чегирткенин баарысы,
Бир ушундан кырылар.
Насибеси адамдын,
Байда болор жайы бар.
Турна менен каркыра,
Желе тартып чуркурар.
Таң каламын тоодагы,
Келгин куштун баарына,

14.

Сасык упу сарала,
Так Сулайман пайгамбар,
Элчи кылган арага.
Кешилдикке ал куйуп,
Тоок калган калаага.
Чын бейиштен сурулуп,
Жылаан калган далаага.
Токолаанат илинип,
Шайтан калган балаага.
Булбул куштун молдосу,
Торгой жанын жолдошу.
Сайрап турган дабышы,
Арген сандык бормосу.
Мусулмандын майрамы,
Айты менен айбашы.
Ала тоодак турна,
Каркыранын мундашы.
Безилдеген безбелдек,
Кара кашка казгалдак,
Ойлуш жок ачырдын,
Суу бойлогон ак чардак,
Уста чымчык куркулдай,
Уя кылар кастарлап.
Сай сагызган назытты,
Айтып берем дастандап.
Эч маарак сары айгыр,
Котурапей чыйылдак.

Суучул кара суэгенде,
Суу тубунде шишадап,
Кок каргасы зоору,
Айттым куштун доорун.
Чабыкей кардыгач,
Киши корсе кыйшандап,
Куш энеесу кара кур,
Куш баяны омойлоп,
Аягна келатыр.
Жылкы кучкач кашкайып,
Кызыл тумшук чаркарга,
Чоке таан бектерге,
Жем табалбай суслайып,
Канаттуугa падыша,
Жалгыз коздуу буудайык,
Арбагы чон зумурук.
Жерге тукум салбаган.
Ар китепте аты бар,
Асмандагы сымыя,
Ар кылганын кеп экен.
Жалгыз озу кудая!
Эшен,сопу китепте,
Окуп корсон баяны,
Касиети далайы.
Айланайын катыбар,
Жер устунде тушбеген.
Колокосу тийген жан,

Деелет колдон кетпеген.
Асман жердин ортосун,
Орун кылып токтогон.
Жакшы байкап карачы,
Жабалактап таранчы,
Таруу десе жатпаган.
Талпындаган суу буркут,
Кел жээгин сактаган.
Жамы куштун адаты,
Башын кайрып уктаган.
Сар шоролу кок шалкы,
Бурма мойн чубаңкы,
Сарттын сатар бактеги,
Сайдап учкан кегучкон,
Жуну кегуш кубачкы.
Телкуш менен тоңкулдак,
Куш ичинде буларды,
Ала дуңгө жыбырак,
Жут болгондо чыдабай,
Ойго тушот чимирап.
Журтчу менен бектерге,
Сары барпы молдоке,
Жашы кейдин кептерге.
Курптун корчу коркуно.
Коре калса курцуйлап,
Тумшугунда чубалып,
Шимил аттой бир белек.

17.

Байкасаңыз агайын,
Канаттууда көргөлөк,
Бөстөк, тартар, көкилик,
Ыргый көрсө бөкинип,
Чил, бөдөнө жорголоп,
Куш кырааны куу кумай,
Санды кырса койбогон,
Асыл кылган бир кудай.
Айтып өттүм куштарды,
Билгенимче ушундай.

Молдо Кылыч бечара,
Бөлбөс кепти козгогон.
Аз макулук ыраатын,
Орду менен бузбаган.
Ушунчалык санатым,
Өз боюма жукпаган.
Аңык наадан экемин,
Кыса сөзду баштаган.
[illegible]
Көөдөнүмдү каптаган.
Дагы шүгүр кудайга,
Мен карыпты сактаган.
Өмүр өтүп баратат,
Кара сакал кыярып,
Атаны арман дунүйө,
Өтүп кетти балалык.

Кайсы бирин айтайын,
Ьаштан откен чалалык.
Ьаары маалым теңирге,
Кандай арга кылалык.
Амайын де агайын,
Ьир азгана тыналык.
Дагы жазам чоп чарды,
Санат кылып чыгарып.
Азырынча басамын,
Сөз аягын мен карып.
Кече берсе кечууну,
Чалчык болот булганып.
Суйлей берсе чечениҥ,
Тантык болор уялып.
Кызыл тилди сайратпай,
Азыноолок туралык.
Азырынча агайын,
Канаттууну коеки.
Эрмек болуп силерге,
Ьуркут токи казайын.

Институт языка, литературы и истории
Отдел рукописей
Инв. № 327
23/X.56
Кирг. ФАН СССР гор. Фрунзе



## ЗИЛЗИЛА

Инв номер 327.

Абалы сөзум бисмилла,
Айта берсек сөз мында,
Кеп чыгардым жаңыдан
Келгин өрдөк биз турна.
Китептерде бир болжол,
Коркунуч болор жуз жылда.
Нур Мукамбет пайгамбар,
Үмүткербиз көп жандар,
Ойлоп кара артыңды,
Аксакалдуу каргандар.
Көрүп келдиң далайды,
Узак жашап баргандар.
Сонун иштер көбөйдү,
Сөзгө кулак салгандар.
Илгеркилер бир борум,
Өз эркинче болгонун,
Зар заманга сүйлөдүм,
~~Борумдарын~~ Ар борумуу болжолун.
Алла таала ар ишти,
Өзүң түзөп оңдогун.
Бу замана түрлөндү,
Жер силкинип термелди.
Калкылдаган асман жер,
Бузулуп кетер өндөндү.

Санаага келбес иш болду,
Сакта кудай бендеңди.
Тоо бузулуп, таш кулап,
Жер жарылып, жар нурап,
Ит бүткөндүн баарысы,
Улуп-үңшүп чуркурап.
Жан алгуучу келердей,
Чочуп турдук зыркырап.
Кудай өзү сактасын,
Асман, жерлер бузулуп,
Кетеби деп быркырап.
Матоодо төө быштырып,
Атт кишенеп кошкуруп.
Таш короолор калдырап,
Эчки, койдун баарысы,
Үркүп чыкты чүчкүрүп.
Желеде үйлар өңгүрөп,
Байлаган жиби үзүлүп,
Өкүмү күчтүү кудайдын
Өткөрө ~~чок~~ кыбыш иш болду,
Өлүмдү эске түшүрүп.
Алданын иши ушундай,
Аманат бенде көрүсүн,
Акыл жетпес караса,
Кудуреттин ~~күмүн.~~ тушушун.
Жер дүйнөнү түйлатып,
Көрдүңбү мындай кылышын.

Добуш тартып дүрүлдеп,
Жаның чыгып зириилдеп,
Өлүмден башка ойлобой,
Акмыйң кетти бириндеп.
А... кудайлап жалбарып,
Алда кандай болор деп,
Уктаган балдар ойгонду,
Ыйлабай өзү сооронду.
Алда кандай жорук деп,
Эси чыгып жаш балдар,
ьулар дагы ойлонду.
Жан-жаныбар макулук,
Бир тогузай ~~Өчүбастан~~ койбоду.
Туурда.куштар талпынып,
Ат кошкуруп алканып,
Адам кантип коркпосуң,
Акылы башта бар туруп.
Мына мындай өңдөнгөн,
Мындай жорук ким көргөн.
Билгенге айткан бул сөзүм,
Битине жорук бендеден,
Адетте болбос мынчалык.
Жер кыймылдап термелген,
Жараткан алла кудурет,
Бендеге кылган айбаты,
Ай тутулуп жарытмак
Күн кетилип нур таймак.

Куйруктуу жылдыз көп чыгып,

Асмандагы ай,кунду,
Бетин жаап кир чалмак.
Адам заттын шумунан,
Анты,шерти убада
Баары кетти жалтайлап.
Эл кыдырды кожолор,
Амал кылбай молдолор.
Адам акын көп жеди,
Турлуу турлуу бенделер.
Кууланган жорук көбөйду,
Кудайдан башка ким билер.
Акыретке барганда,
Адам ~~уулу~~ бенде тергелер.
Бенденин кылган кунөсун,
Өзу турган жер көрөр.
Адистен уккан бул сөзум,
Адам бенде шумунан,
Кара жер минтип термелер.
Кайсы сөзум айтайын,
Карап турчу бенделер.
Жан аманат болгон соң,
Инсап кылсак ~~өңөлөр~~ оң келер.
Каршылык кыл деп китепте,
Кайсы молдо жол берер?
Нйман жайын билбеген,
Ибилиске кол берер.

Насипке кылсаң канаат,
Ыйманың болор саламат.

Сынап турчу жарандар,
Зилзила болгон аманат.
Жер чайкалып туйламак,
Там жыгылып куламак.
Далай адам зар кагып,
Кайгы тартып куурамак.
Чүйдүн башы чоң Кемин,
Мен айтайын билгеним.
Анык билген адамдар,
Айтып берди көргөнүн.
Үч жүздөн көп киши деп,
Жери нурап өлгөнүн.
Там жыгылып баскандын,
Өлүгүн алып көмгөнүн.
Санаага келбес иш болду,
Замандын көрчү түрлөрүн.
Биздер бала жаш чакта,
Жер чайпалмак бар эле,
Билген адам билбесе,
Бул эмне болду деп,
Билбегендер көп эле.
Там жыгылып жер көчкөн,
Мындай жорук жок эле.
Ушу жылкы зилзила,
Бара бар келди баарына.

Адам бенде курусун,
Башка коркунч келген соң,
Баарыдан ширин жан тура.
Тамам жандар ойгонуп,
Барды көзү уйкуга. барыседи
Жыгач үйлөр карчылдап,
Жер дүңгүрөп тарсылдап,
Кагылайын кудай деп,
Карап турдук калтылдап.
Бир жагынан ит уруп,
Улуп-уңшуп арсылдап,
Жер бузулуп кетер деп,
Чочуп турдук калкылдап.
Ушу жолку зилзила
Ойлосоңуз жаранлар,
Айбаты кыйын көрүндү.
Жан жаныбар макулук,
Бир жанынан түңүлдү.
Тамда жаткан адамдар,
Ала качып өз башын,
Жылаңач чыга жүгүрдү.
Абайлачы жигиттер,
Ушу сөзүм төгүнбү?
Катыны жатса карабай,
Балаларын эстебей,
Далай адам жылаңач,
Чыккан экең чыдабай.

Адам бенде курусун,
Акыл эсти курутуп,
Коркутпачы кудай ай.
Таш кулады там тургай,
Жер жарылды ал тургай.
Канча жанды тоо басты,
Бирде бирин калтырбай.
Алигече эстесе,
Журөк турат солкулдай.
Чочутпады да болсо,
Чоң Кеминдин калкынай.
Миң шугурлук кудайга,
Сактады бизди ушундай.
Куп жакшылык болду да
Коркунуч бизге көрундү,
Залалы болуп кудайай.
Санаабыз жаман бөлундү,
Казан-аяк калдырап,
Кумганда суу төгулдү.
Кайсы бирин айтайын,
Ойлодук кыйын өлумдү.
Оюңуздан тушурбө,
Экуму кучтуу теңирди.
Чуйдун башы Чоң Кемин,
Тоо жарылган жерлерин,
Жер көчкунун жургөнун.
Беткейдеги карагай,

Жери менен жылганын.
Байкап турчу жарандар,
Кудуреттин кылганын.
Канча жанды жер басты,
Андан салган ажалын.
Талкаланды там уйлөр,
Далаадагы жандардын,
Не болганын ким билди.
Ажалы жок жандарга,
Алда таала жол берет.
Ороодогу эгинди,
Жер жарылып житирди.
Капчыгайдан таш кулап,
Кара жолду бутурду.
Тескейдеги жыгачты,
Орду менен көчурду.
Тоо жарылып toктобой,
Аска таштар бузулду.
Ажалы жок адамдар,
Аман качып кутулду.
Кудуреттин иши көп,
Ойлоп көрчу ушуну.
Айта берсем көп жатыр,
Бул өңдөнгөн кыргызын. 261.
Төмөктөгу адамдын,
Бири өлуп бири бар,
Кайда болсо алаамат,
Жылдуууга жолугар.

Там жыгылып, таш тийсе,
Адамдын кайсы алы бар.
Бешиктеги бир бала,[1] (Аман калды жаныбар.
Талкаланды бешиги,
Тобокелди кылыңар,
Бул ~~сыяктуу~~ оңдонгон сонундан,
Айта берсе дагы бар.
Солкулдады чоң Кемин,
Күнгөйдөгү Байсоорун,
Там жыгылып, таш басып,
Далай жандын өлгөнүн, (Билгендерден сурасаң
Айтып берди көргөнүн.
Бир канча жер жарылып,
Ысык көлгө киргенин.
Ынанбасаң барып көр,
Муну жалган дебегин.
Аламаттын белгиси,
Ойлосоңуз жарандар,
Акыр заман шумдугу,
Кара дажаал жажуждар,
Жыгар болжол болдубу.
Китептерде мазмуну,

---

1/ Токмоктон жүз чакырым, कеминде Далпырандын башынан Жантай- Аюуке уругу, Дөөткул Токтомыт уулунун бешиктеги баласы кулаган аска таш үйдү учуруп, 40 саржан жерге түшүп-бешик сынып бала аман калган.

Келип туран чындыгы.
Же болбосо кудайым,
Бизге айбат кылдыбы!
Жер силкинип туйламак,
Жер силкинип быркырап, (Жалгыз ово калбады
Шондон бери зилзила,
Адетте жок туйлады.
Андан мурун эки жыл,
Бир канчалык чайкалды,
Кыйын болду ал дагы,
Төшөктөгү адамды,
Калбырдай кылып ыргады.
Андан соңгу Кашкардан,
Далай кыштак кыйрады.
Жер дуйнөнү силкинтип,
Жаратькандын барманы.
Улкөндүгүн көргөзүп, (Андан соңун булгуз)
Адетте болгон иш болсо,
Коркпос элек ойлонуп.
Көрбөгөнгө чыдабас,
Көзү туюк бенденин,
Сактап турар барчаны,
Теңирим өзү дем берип.
Ырыскы менен насипти,
Чыгарып турар бир берип.
Алалдыкты көргөзүп
Акылдууга жөн берип.

Жерге зынат болсун деп,
Көк шиберден өң берип,
Айбат кылыш адамга,
Ар бир убак кара жер,
Калкылдады тербелип.
Алда таала ишин көр,
Асман жердин тиреесун,
Акыл жетип турсада,
Адам бенде уноосуз,
Аршы курси жухкалам
Бар экенин билесиз.
Маанилерин сурасаң,
Сөз болмайды жуйесуз.
Ушу турган жер асман,
Кунду көрсөк чырактан,
Айды жарык жаратты,
Жузу жарык рошан.
Айтып берер молдолор,
Жакшы байкап сурасаң.
Ийманында кубат бар,
Айтканына ынансаң.
Ынанбасаң өлумгө,
Барбай койчу чыдасаң.
Жер туурады суйлөдум,
Кайсы кепке баратам.
Буда жаман сөз эмес,

Баарын ишке жаратам.
Асманда бар периште,
Аузи косар бейиште.
Буйрук кылды адамга,
Кара жерге жүрүшкө.
Акыл жетип болбоду,
Наркы түбүн билишке.
Бендесине лайык
Кудуретинен көрүшкө.
Айран калып турабыз,
Жер силкинип жүрүштө.
Сабыр берсин бендеге,
Салса кудай ар ишке.
Чоң Анжыян, чоң Кашкар,
Зилзиладан бузулду.
Аалы жок адамдар,
Чыга качып кутулду.
Тагдыр жеткен бенделер,
Тамда калып тутулду.
Беш-алты жыл ичинде
Бир аламат башталар.
Байкап көрчү ушуну,
Солкулдады кара жер.
Акылдуу жан биле көр,
Ыйманы бар эр болсоң,
Инсап менен жүрө көр.

Барча момун дин ислам,
Байка сөзду Кылычтан.
Он сегиз миң бу аалам,
Орду мына жер асман.
Сегиз бейиш жаннатты,
Ракматынан жараткан.
Капыр шайтан малгунду,
Дозогуна караткан.
Дөө, пери, адамды,
Бу дүйнөгө тараткан.
Кара жерди силкинтип,
Баары жанды чыдаткан.
Буйрук кылса кудайым,
Тоону, ташты кулаткан.
Алматыны, Кашкарды,
Абал мындан баштады.
Анжыянды зилзила,
Булундуруп таштады.
Сүйлөбөйлу кудайдын,
Кудуретинен башканы.
Баары туташ кара жер,
Муну байкап биле көр,
Жер силкинсе бир жерге
Билбей калар башка эл.
Кудуретине таң калып,
Жаратканды ишин көр.

Он сегиз миң бу аалам,
Жамгыр түшөр авадан,
Акыл жетпес иштер көп,
Бары буйрук кудайдан.
Ар макулук жандарга
Насип жетер эгемден.
Жаркыраган күн, асман,
Үстүбүздө көгөргөн,
Бары ~~макулук~~ мугалак,
Кудуретине сүйөнгөн.
Асман-жерлер таңапсыз,
Бир бирине жөлөнгөн.
Анан наркы түбүнө,
Ойлоп акыл түгөнгөн.
Ойлоп акыл жеткизбей,
Айран азыр калдырып,
Кара сууну шам кылды,
Караңгыга жандырып.
Канаттууну чыгарды,
Жумурткадан жардырып.
Кудуретине карагын,
Акылыңды бардырып.
Ойлосоңуз кетпеңиз,
Тобоңуздан жаңылып.
Адетте жок иш болор,
Адам бейли бузулса.

Өзүбүздөн көрөлүк,
Береке журттан кысылса.
Адеттеги иш эмес,
Ай менен күн тутулса.
Бул эмне иш болду,
Кудуретине садага.
Каңтарылып кара жер,
Көчкү жүргөн не жорук.
Ойлоп акыл жеталбас,
Тобокелде бололук.
Тоого бүткөн жыгачтар,
Түзгө барып жамалып.
Кандай жорук кудай ай,
Инсап топук кылалык.
Жердегеним кең Кочкор,
Аяк жагы Семиз бел,
Нар жагына карасаң,
Мелтиреген Ысык Көл,
Жер силкинип жарылды,
Байсоорунду барып көр.
Зилзиладан чочуду,
Жаны чыгып далай эл.
Чочуганда кантебиз,
Сакта кудай тобокел.
Чоң Кеминде бузулду,
Өю-тоосу канча жер.

Жалпы журтка кудайым,
Жакшылыкты бере көр.
Дин мусулман агайын,
Сактагуучу кудайым.
Акыр заман белгиси,
Сизге баян кылайын.
Китептерде сөзу бар,
Ынанбасаӊ табайын.
Заман андай болмогу,
[illegible],
Жерге бузук толмогу,
Ар сонундун иш чыгар,
Мына ушул болжолу.
Ылкылдабас кара жер,
Азоо аттай туйлады.
Сонун иштер көп болду,
Шумдугунан бенденин.
Алалдыкка арзыбай,
Сүтке кылар соодасы.
Ырыскыга мал чачып,
Журтуӊ кылды коогасы.
Үстүбүздө асман көк,
Айы бирөө,жылдыз көп,
Күн чыкканда түн кетер,
Мунун жолу бир бөлөк.
Адеттеги иштер бул,

Ар жаныбар тøлдøмøк.

Ушул акыр замана,
Жер силкинип туйламак.
~~Кудуретине таҥ калып,~~
Турар кøзуҥ алайып.
Айтып øттуп далай сøз,
Акыр заман журтуна.
Калкылдады кара жер,
Качан болсо уйкуда.
Канча кепти суйлøдум,
Бир чыкпадым учуна.
Болду мына бу сøзум,
Буткøрøйун ~~кунøсун.~~ тøтøсун.

Молдо Кылыч бечара,
Акыр бир кун кетесиҥ.
Øзуҥузду байка~~кыа,~~
Øлди журтту нетесиҥ.
Тобо кылсаҥ кунøгø,
Даражага жетесиҥ.
Кøруп келе жатабыз,
Øлгøндøрдун нечесин.
Øмуруҥчø суйлøдуҥ,
Кайсы бирге тутøсуҥ.
Канча казал чыгардыҥ,
Кайдан журуп жетесиҥ.

Жерим Кочкор талаасы,
Журтум кыргыз арасы.
Темир Болот болушум,
Бишкекиский үйөзү.
Эли-журтум черикчи,
Ушу сөзүм ырасы,
Төрөкелди бабабыз,
Журтка кеткен абазы.
Айып көрбөй оңдоп кой,
Болсо сөзүм чаласы.
Тамам болду акыры,
Бул сөзүмдүн чамасы.

Тамам.

Инв. № 327
23/I 56 г.

# ЧҮЙ ӨЗӨНҮ

Мен айтамын санатты,
Каралалап көп жаздым,
Канча түрлүү кагазды.
Ушу Токмок калааны,
Келип капыр үй кылды,
Жылгын башы далааны.
Каршы терши көп салды,
Карагайга арааны
Ойду тоону курутту,
Орус деген журт экен,
Кыйын экен жоругу.
Малай кылды го кыргызды,
Тил билгендин баарысын,
Кенселерге тургузду.
Күнөкерди күшкүштөп,
Набактыга киргизди.
Болуш коюп, бий шайлап,
Элге борум билгизди.
Жылгын башы далааны,
Жылгындагы көп экен.
Айыл конуп илгери,
Жылкы салчу жер экен.
Эми калаа орноду,
Баш аягы базардын,
Ат чабымдай болжоду.
Тиккен багы терекги,
Тиктеп турса адамын,
Эсеп жетер болбоду.

Токмок шаары толуптур,
Ар уруктан көп келип,
Толгон базар болуптур.
Дунгананын барысы,
Мандайына чыгыптыр.
Кара конуз керүүнү - кечүүнү
Калың шаар кылыптыр.
Абаласаң Токмоктон,
Эки жерде орусу.
Какол менен мужуктун,
Барынын бир-болушу.
Кызыл суу менен Шамшыны
Эгин жайы кылганы.
Отор барган жылкыдай
Орустардын үйлары.
Өгүздөрү дебедей,
Кудай бетин көргөзбө!
Каколдору төрөдөй
Колго баккан малындай,
Чочкаларын карачы!
Ээрчип жүрет чубуруп,
Энесинин артынан,
Он экиден баласы.
Ушунетип орусуң,
Ит чочкону мал кылды.
Билбегени эмесби,
Буттарына табынды.
Токмоктун калың орусу,

Топтон чочко донузу.
Базарына карачы!
Бастырып жүрсө жол бербейт,
Арабасы - чанасы.
Дүкөнгө кирип карасаң,
Дүнүйөси сонуну,
Аңкайып карап турасың,
Адамдын жетпейт санаасы.
Жакалудан чапан бар,
Жыйып койгон жүгүндөй,
Кездеме менен мата бар.
Булгары десең жыйылуу,
Дүнүйөлөр сонун бул,
Дүкөндө турат үйүлүү
Көрүп турсаң Токмокту,
Күнүгө базар бакылдап,
Уста дүкөн бир тарап,
Узанып жатат чакылдап.
Дубаналар малдалар
Амийин деп кол жайып,
Кечеде жүрөт какылдап.
Дунгана жүрөт чакырып,
Чырпыктан челек асынып,
Төрт булуңча топусун,
Төбөсүнө кийишип,
Чекесин күнгө катырып.
Жүрөт экен эрикпей,

Өз тилинче чакырып.
Араласаң Токмокту,
Ак сарайдуу тамы бар,
Салтанаттуу жасанган,
Сарт, ногойдун байы бар.
Саморчуга киргенде,
Ар чайнекте демдеген,
Топтоп турган чайы бар.
Алып жесең дүкенде,
Өрүк, мейиз, канты бар.
Акча болсо аралап,
Ар сонундун баары бар.
Жесең чындап суусатат,
Ашпасында мантуу бар.
Дүкөндерди караса,
Болбой ичем дегенде,
Буркуратып мас кылар,
Бозо менен арак бар.
Көлекелүү багы бар,
Көрүп жүрүп караса,
Жалгыз адам жаны жок,
Мунан башка сонундун
Самагандын баары бар.
Кайсы бирин айтайын,
Карап турса дүкөндө,
Катар-катар жыйылуу,
Аркан менен кабы бар.
Мал базарын карасаң,
Наркы чети болуптур
Кой базарга жыкылдап,
Кыргыз, казак толуптур.

5.

Чыр чатакты таярга,
Алып келип орустан;
Кереднеч коюптур.
Кӱнде базар мал кирип,
Жылкы десең жорго бар.
Арзан баасы не керек,
Теҥге болсо мал да бар.
Сыйыр деген жол бербейт,
Акча болсо колунда,
Басып жӱрӱп барысын,
Алам десен кой дебейт.
Жылкы десең койдон көп,
Арзан айтып сураган,
Аруруктан чогулган,
Алып сатар мындан көп.
Куйруктарын тӱйдӱрӱп,
Ат бӱткендӱ чубатар.
Асыл малдын баарысын,
Акча деген курусун,
Арзан баага суратар.
Канча жакшы аттарды,
Тандамалын аларсың,
Салып берсең колуна,
Жыйырма сом акчаны,
Базар барсаң мал арзан,
Теңгең болсо аларсың,
Сӱйгенӱңдӱн баарысын,
Аламын деп санасаң,

Баалуудан бачайы,
Байкап турсаң дүкөндө,
Бейкасамдар жайылуу.
Намангендин көк чепкен,
Өтек жеңин карасаң,
Машинеге салуулу.
Кундуз десең түлкү бар,
Кыйгач түрүп киерге,
Кыргак калпак бөркү бар.
Кыз балага кымкаптан,
Ат жабдыгы дагы бар.
Бары белен турбайбы,
Базар деген жаны бар,
Кылыч, мылтык барденке,
Өр жабдыгы дагы бар.
Бары белен турбайбы
Безер деген жаныбар.
Кең Чүй ата өзөнү,
Кенен болот турбайбы.
Калкы журтун карасаң,
Калың элет экен гоү
Кара таруу, буудайы,
Бурчак менен жүгөр
Бул кылууга баарысы.
Жарды дебей бай дебей,
Көп айдаган бедени.

Ар эгиндин уругу.
Арбын экен жаныбар,
Кара куурай зыгкры,
Салып туруп зоотко,
Сыгып алар майы бар.
Китай конок күнжүтү,
Уруктары дагы бар.
Дунганада оруста,
Адам жээр тамактан,
Ар уруктун баары бар.
Картошкө менен шалганы,
Араласаң жол бербес,
Алча менен алманы.
Арбын экен көбүнчө,
Бышыкчылык кезинде,
Өрүк менен шабдаалы
Жийдеси бар тыты бар,
Алмурут деп бир жемиш,
Жаңы чыкты ушулар.
Мисте менен бадамы,
Капта турат жайылуу,
Топтоголок жаңгагы.
Дунганада бар экен,
Лапша деген жер жемиш,
Сабис бияз түрүптүр,
Күрүч басып жесеңиз.

Калемпири мурчу бар,
Ачуу болот түгөнгүр,
Ашка салса курчу бар.
Кызыл алма багында,
Барып көрсөң базарда.
Дүнүйөси жанында.
Күз убакты биргондо,
Жер жемиштин баарысы,
Казан болуп толгондо.
Жүзүм менен анары,
Бышыкчылык маалында,
Булу жеңил кадагы.
Коон менен дарбызы,
Арзанчылык кезинде,
Бир тыйынга жалгызы.
Ашкабагы бадыраң,
Арбын экен баарысы.
Бир тыйынга экиден,
Алмалардын сарасы.
Арабада коону,
Алты тыйын, беш тыйын,
Дарбызынын зоону.
Күзгө жакын болгондо,
Кыйын экен артыкча
Чүй элиндоору.
Талаадагы жемиши,
Карагаты бүлдүркөн,

Кожогаты чийеси.
Данкуурай дейт бир жемиш,
Татканым жок көрбөдүм,
Жерге чыккан мевесу.
Көктөмдөгү жемиши,
Тизе бою текейип,
Мандалактын семизи.
Ышкын менен сарымсак,
Белден өтүп буралып,
Айдагандай тегизи.
Балтыркаты билектей,
Балжууранын карасаң,
Жалбырагы этектей.
Козу кулак, кымыздык,
Коктудагы ичкырдык.
Бул катары жемиши,
Жерде жатат тезектей.
Абайласаң жигиттер,
Жер Суусун ун мүрөлү.
Ою менен тоосунда,
Калың арча карагай,
Жыгачынын кенени.
Издеп жүрсө табылар,
Ар адамдын өзүнө
Букм кылар керегi.
Ыргай менен табылгы,
Карап жүрсөң табасың,

Жады куурай карандыс,
Жер чөбүнөн дарыны.
Катыраңкы долоно,
Аса, муса саржыгач,
Кайың менен четинди,
Кашаа кылар короого.
Кең Чүй ата жарыктык
Дүнүйөсү төгүлүү.
Мал аралап жүрө алгыс,
Чыккан чөптүн өнүмү.
Жалбырагы манектей
Кара куурай сүтүкөн,
Күзгө маал болгондо,
Кулкайыры желектей.
Камыш менен жекени,
Карап турса калыңы,
Эгип алган теректей.
Байчечекей раңы,
Уу коргошун ак кодол,
Малга өтө залалы.
Боз караган жылгыны,
Алты канат ит мурун,
Коен томук, көкшантак,
Карап турса ой тоосу,
Катуу кара шилбени.
Чычырканак, сегету,
Ак чечектей жыгачы,

Ар букмга керектүү,
Сагыз куурай чекенде,
Ак куурайы билектей.
Кендирлери буралып,
Келеп кылган жибектей.
Топчу куурай, камгагы,
Ак тикени уйгагы,
Алабата шыраалжын,
Кара бүргөн төө куйрук,
Калың экен бу дагы.
Какым! кукум төө табан,
Улар бияз жер чайдан.
Дары кылар чөптөрүн,
Издеп табар ар кайдан.
Тегерек баш сар куурай,
Чачыраткы ак куурай,
Атын билбейм канчалык,
Ар бир түркүү көп куурай.
Адыраман икшары,
Аткулагы чалканы,
Кызыл куурай чогойно,
Боко тикен чырмоогу,
Айдагандай чыкканы.
Тоода акy балдырган,
Топчу балы жергемүш,
Сары шимүүр, көк шимүүр,
Шимип жаткан жалдыркан.

Кызыл мыя жалбызы,
Жылтырганы лыбагы,
Чыккан чөбү кызыл от,
Чийе менен камышы.
Түлкү куурай мийбеги,
Белге чыгат буралып,
Бетегеси көдөөсү,
Ажырык чөп шибери,
Каракыяк, буудайык.
Айдап алган бедени.
Чытыр менен таргылы,
Көрсөк чирче жөрмөгү,
Кетү боштун көптүгү.
Айта берсе батбаган,
Адам атын таппаган,
Эчтеме жок тегеле,
Чүй ичине чыкбаган.
Тогуз төбө теңге чөп,
Толуп жаткан андан көп,
Адам атын укпаган.
Жалбырагы дагы бар,
Доңуз сырты, улар от,
Түрлүү чөптүн баары бар.
Чекелдеги чырмышы,
Сасык тана, согону
Куу кыдуучу куурайы,
Тоога чыккан бурчагы,

Мал жээрге кереги.
Кызгалдагы кызарып,
Кыздай болуп буралып,
Айта берсем Чүй бою,
Арбын болор эрмеги.
Көктөмөдө кубулган,
Канча түрдүү күлдөрү.
Кызыл, жашыл, сарала,
Байчечекей түрлөрү.
Көбүргөнүн көрсөңүз,
Айдагандай ээси.
Жайлоосунда чемирчек,
Ак кокосу аштыктай,
Чыккан чөптүн дарысы.
Тоога чыккан кемпир чач,
Чекилдектей мүнөзи.
Меңдубана шуудурап,
Сууга чыккан жанузак,
Дары болор барысы.
Калың болор эрмени,
Карга тырмак терсеги,
Арбын экен жашыл чөп,
Айтпаска чара жок,
Нанга салар сирени.
Көкө мерен юбасын,
Баары жандар билгени,
Мамиренин дарысын.

Байда кылды кудайым
Чүй ичинде барысын.
Жери кенен дарысы,
Тикшен багы мевеси
Терек кара жыгачы,
Айдап алса эгини
Бишбай калбайт дебейсиң,
Жаздымы жок белени.
Күрүчүнүн күрмөгү,
Даны толук бурчактай,
Маш уругу ураны.
Кызыл конок, арпасы,
Жыланач арпа кемчил бейм,
Магзымы, жармасы
Кыйын бышар тамеки
Исык болот артыкча,
Чүй боюнун жакасы.
Көрсөң калың сулууну,
Арбын экен орусте,
Күнгө багар уругу.
Айдап алып көк нарды,
Апийимин кеп алды,
Капустасын бышырып,
Бое казып чыгарды.
Кең Чүй ата жаныбар,
Келиштирип суйлөсөм,
Керектүүнүн баары бар.

Таш бышырган ташы бар,
Акиташтын уусу бар,
Кен орногон тоосу бар,
Керек десең жошо бар.
Көктөмөси көгөрөр
Көрөр болсоң жарандар,
Күзгө маал болгондо,
Бережеси көйөйөр.
Бышыкчылык кезинде,
Жер жемиштин баарысы,
Жер үстүнө чыкканда
Саратаны чакырып,
Сары тамыз учканда,
Зыркыраган сайгаты,
Чымын менен чиркейи,
Үйгө толуп жыкылдап,
Бегенеги бүргеси,
Мийзам болуп учканы.
Бетиңизге оролор,
Жергемүштүн желеси.
Кең Чүй ата жакасы,
Чардап жатканбакасы.
Ийнелиги, көргөөнү,
Кенен экен өзгөчө,
Кылкылдаган өзөнү.
Кара сууда кундузу,
Тоосундагы аңдары,
Кызыл карсак түлкүсү.

Арбын болот карышкыр,
Аку, каман, илбирси.
Шүмеңдеген чөөлөри,
Тай сүлөсүн суусары,
Аска зоода секирсе,
Тайгылбаран кубаары,
Ач күсөнү, тейини,
Арбын болор бөкөнү.
Кашкулагы, мадылы,
Карап турса аңкыштап,
Суурунун арбыны.
Кең Чүй ата жаныбар,
Кенен экен өрөөнү.
Абайласаң жеринде,
Ар жаныбар уругу.
Аска зоодан алынган,
Суусунун тунугу.
Тандап атып алгыдай,
Далаасында элиги.
Бугу марал мындан көп,
Жер жайнаган кийиги.
Булу жүз сом мүйүзү,
Бугусунун башында.
Эчки теке жайылар,
Тайгаланбай ташына.
Аркар менен кулжасы,
Атып алса күзүндө,

Айдукундай жамбашы.
Коендору козудай,
Андасаныв абайлап,
Коондору сокудай.
Байкап турса суусунда,
Балыктары манектей.
Заарканат көргөндө,
Сар жыланы билектей.
Карап турсан түгөнгүр,
Кара курту көмүрдөй.
Курт кумурска чараг бей,
Көпчүлүгү эсепсиз,
Тилингени билинбей.
Сары жылан, чаяны,
Анча арбын болсо да,
Адамга жок ыяны.
Түктүү сары кону бар,
Музоо баштын раңы,
Кескелдирик дагы бар,
Узундугы бир карыш,
Бу да сонун жаны бар.
Ар жаныбар уругу,
Чүйдө болот турбайбы.
Айканым дынбаары чын,
Жалган кепти кылбайлы.
Молдо Кылыч бечера,
Көрбегенин сурады.
Кудуретин куп билем,

Кең Чүй ата жаныбар,
Кең кесире жер экен.
Абайласаң жеринде,
Ар жаныбар молу бар.
Ызгырылып сайраган,
Чечиртkенин үнү бар.
Тикенектей сайылган,
Жер кирпинин үгү бар.
Кирпичечен өзү бар,
Шибегедей шиши бар,
Арчыкканын карасаң,
Иттикиндей тиши бар.
Карап турса калкара,
Коңуздары муштумдай,
Сар жыландын чоңдугу,
Жаш баланы жуткандай.
Чегирткеси сакадай,
Көпөлөктүн чоңдугу,
Көйнөгүнө салдырган,
Кадим алка жакадай.
Жээлжаны, сүлүгү,
Жаачы, ала күлүгү,
Отко түшкен парвана,
Ар жандар бөлөгү,
Жаны курбан алалга,
Ташбакасы далбайып,
Көл бакасын карасаң,
Жан аяктай жалпайып.

Суусундагы суу жылан,
Сонун болот көрсөңүз,
Кара кылдай кыл жылан.
Тиктеп турсаң жигиттер,
Сонун эле жер экен,
Ушулардын баарысы,
Айтканымдай эп экен.
Канаттууда аяктуу,
Карап турсаң акыры,
Илбесини көп экен,
Каркырасы, тоодагы,
Каркырасы, тоодагы,
Көктөмөдө көрөсүң,
Чуркураган турнаны.
Каркылдаган каздары,
Өрдөк менен сонору,
Кара суу бакылдап,
Учуп, конуп жатканы.
Кызыл короз боэтеги,
Каракунуз, бир казан
Сууну бойлой кечкени.
Дарылдаган тартары,
Мойну кулач көк кытан,
Суудан балык алганы.
Ак чардагы чулдугу,
Калың болор ченемсиз
Кара карга уругу.

Тоосундагы улары,
Арбын болор кекилик,
Айры куйрук кулалы,
Башы кызыл каракур,
Билем десең жигиттер,
Бир түрлүү жан мына бул.
Чыргыттаган чили бар,
Көгүчкөндүн көптүгү,
Сары Чүйдин ичинде
Бедененин кени бар.
Белгилүү куш безбелдек,
Калың өкен жеринде.
Кара сууда кашкалдак.
Көк каргасы, күкүгү,
Көрсөң көөт кыпкызыл,
Бабырганы, үкүнү,
Жазгы келген доору,
Канаттуунун улкөнү,
Кара бүркүт жоруну,
Ала кара кузгуну,
Кызыл тумшук сагызган,
Кымылдаган тукуму.
Тазкарасы, аксары,
Түн ичинде сайраган,
Алагүүсү? итагы,
Жорго тоодак, бактеги,
Ар бир урук жаныбар,

Илбесиндин көптүгү.
Канаттуунун кыраны
Толуп жатат тоосунда
Тунжур, кумпай, куйкөсү
Туйгун менен тынары
Турумтайы мыкыйы,
Ителгиде ылачын,
Жагалмайы, кыргыйы,
Чүйлү менен кушу бар,
Кыябына келтирип,
Кыран болор шуңкары.
Аңыр менен кара каз,
Сазга конгон өзгычы,
Орок тумшук кажыры,
Издегенде табасың,
Ир жандардан баарыны.
Суу бойлогон суу бүркүт,
Тармалжындын ичинде,
Аты кара чакылдак.
Кулалыдай өргөн,
Базардагы канаттуу,
Басып жүргөн аяктуу,
Кызыл-жашыл кубулган,
Тоту куштун күнү бар.
Эчкиге сарт сатсам деп,
Бир чымчыктын үнү бар.
Америкендин тоогу,
Ала чаар түгү бар.
Агалалуу көк көптер,

Көкүчкендей топтошуп,
Асманга учуп дүркүреп,
Бакма өрдөк казы бар.
Күрп деген бир башка,
Кара боор кыл куйрук,
Далай куштун учкулу.
Канча түрдүү чымчыктар,
Чүйдө калың тукуму.
Чабиекей, куркулдай,
Ыйык болот түрбайбы,
Кары гачы, боз торгой,
Аят айтып сайраган,
Куркулдайдын уясы,
Уяңдыгы абыдан,
Тепме чепкен бияzы.
Бакта булбул сайрашып,
Аңдасаңыз жаныбар,
Арген сандык авазы.
Чакчыгайы чакылдап,
Ала дуңга, чыйпылдак,
Эчки маарак бакылдак,
Сай сагызган шакылдак,
Илип алат майкетт,
Куш кенеси таканак.
Кең Чүй ата жаныбар,
Карача торгой жарганат.
Боз таркылдак, короду,
Бурма моюн дагы бар.

Котурапей тарагы,
Адам атынтаппаган,
Канча-кача чымчыктар,
"Әжеке бөө саа" дегени,
Чымчык уну угулар.
Ала борбаш, көкшалкы,
Арбын экен көбүнчө,
Кара чымчык сарайзыр,
Кызыл куйрук сар барпы.
Ала чырчык асылы,
Чекиртkенин душманы.
Сопол кара сүйрөтки,
Суудан балык алганы.
Жылкы жандап жүрүүчү,
Көк жылкычы кучкачы,
Калың болот кара каш,
Эр сынардынжолдошу,
Кең Чүй ата жарыктык,
Чындап жакшы болгондо,
Чын куранда көктөмү,
Кыштын күнү жакасы,
Тизе бою кар болуп,
Кыйын болот суугу.
Зампарлаган тумaны,
Үч ай-төрт ай кышы бар,
Кары кетип калган соң,
Алысындап чөн чыгар.

Көктөмөгө бара бар,
Башкы жагын карасаң,
Кичи Кемин, Чоң Кемин,
Кең Кочкордун суусу,
Капчыгайдан кошулуп,
Төмен карай киргени.
Эки Кемин далаасы,
Эр Шабдандын өрөнү.
Беркташ ата учугу,
Текеликтин сеңири.
Күлдү казак жердеген,
Күңгөй жакы жерине.
Карабалта куйганы,
Аяк жак жери ушул,
Тескей жан тарабы,
Тамам кыргыз ураны.
Билер болсоң мына ушул,
Токмок, Бишкек калааны.

Тамам.

Институт ... Инв. № 327 25/II-51 ... АН СССР



КЫЛЫЧТЫН БҮТКҮЛ ДЭЭРЛИК ЖАЗЫП КЕТКЕНИ

ЗАР ЗАМАН. Инв номер 327.

В. Белек.

МОЛДО КЫЛЫЧ

КЫСКАЧА ТАРЫХ

Тундук кыргызында Тагай насилинен Доолостун кенже уулу кадим манап тукумунан Темирдин балдары,Абайылда-нын баласынын баласы.Атектуу Терекелдинин бир ата тууган Шамыркандан 1875 жылында /доңуз жылы/ Кочкордо туулуп атын Кылыч койгон. Кичине чагында кыргызча окуп,1892-1893 жылдар чамасында ырчылык жөнүнө абыдан ниетин зээнин коюп, аш-тойдо ырдашкан токтолуп [illegible], абалы ырды жазып, андан соң [illegible] берген, комузга салып айтууну адат кылып,кийин комуз-домбура менен айтуу акындыкка токтоолдук келтирет экен деп домбурасыз айтууга адеттенген. Манап насилинен болсо да эл бийлеп калк ишине катышууга көңүл бербеген. Өтө жарды болуп азыноолок дыйканчылык менен оокаттанган. Эртели кеч суу бойлоп басып таза жерге олтуруп,ар турлуу өсүмдүктү байкап көрүп, айланасындагы табыйгаттан тажрыйба алып, курт-кумурска, канаттуулардын алдуу. [illegible] алсыздарын текшерип андан элең кылып жазган. 1917 жылында 42 жашында каза болгон. Кабыры туулган жери Кочкордо.

Бети кызылдуу, сепкили жок, жузу абыдан толук, тегерек чоң кара көздүү, орто бойлуу семиз, чокураак кара мурут, ээгинде кичине чокчо кара сакалы болуп, жаактарына сакал чыкпаган, кийимди өтө таза кийип, денин таза тутуп, диндер болгон.Өмүрүндө көп кысалар жазып, алардын бир канчасы элге жайылган.Ар жазган кыссасын арттырбастан,кемитпестен жана да бай-манап, улукка кошомат кылбастан алардан жана да айтууда дунуйө талап кылбастан тууралык менен жазган.

Мен 1913 жылы апрал айында Атбашы,Нарындан келе жатып Кара коодо Кылычка жолугуп 4-5 күн бирге жүрүп калдым. Бурун 1911 жылында, Кочур жайлоодо көрүп таанышкан эле, бул сапарда алып жүргөн кыссаларынан төмөнкүлөрдү көчүрүп алдым.Жашканымдан карындаш менен жазып, Кеминде үйүмө барганда көчүрдүм. Кылычтын айтуунда, эң биринчи тырмак алды жазганым:

1. Арман кыз, кыз жигит- деди, 190 жол

2. Зар заман 1950 - " -

3. Канаттуу 480 - "-

4. Бүркүт тою, манаптын алди кыйнап чыгым алып той бергени. 260 жол

5. Чүй өзөнү /Чүйгө жолоочулап келип жазган/650 жол

6. Жинди суу /1911 жылында Кеминге жолочулап келип жазган/. 300 жол

7. Алдамчы /Токмокко келип жазган/240 жол

8. Зилзила - 1911 жыл 480 жол

9. Санат Табылбады

10. Кочкор ата. Табылбады

11. Керметоо -Алатоо / 1912 жылында

Жумгалда кудасына барып келип жазган 700 жол.

12. Манап букара деп бир кысса жазган. Табылбады.

13. Кийин 1916 жылдагы кыргыз көтөрүлүшүн жазып, аягына чыга электе каза тапкан.

Мен Белек Кылычтын айтканы:

Мен китептерден окудум, казак, кыргыздын акундарынын айтканын дагы көп уктум, бирок булардын барысынан ыктыгы казактан экей Сүйүмбай, кыргыздан Арстанбек деди.

Белектин байкоо:

Кылычтын башка акундардан артыкчылыгынын бири, эч убакта ырды чорнабайлап жазбаган, ойлобостон, анчалык такалбастан бир жазып кеткенин кайта текшерип ойлобостон майданга салган, ырдын уйкаштыгына өтө назар салбастан, сөздүн терeңин алып жазган. Мисален, зилзиланы 1910 жылында биздин эл /Кемин/ге келип жазганда көчүрүп алдым эле, кийин басмадан чыкканда эч бир өзгөртүлбөгөн.

Белек.

# ЗАРЗАМАН

Молдо Кылыч мен атым,
Болжолу жок санатым.
Айта берсем сабаган,
Ак шумкардай канатым.
Окуп көргөн молдолор
Өчүрө көр калатын.
Жакшы окуп карасаң
Ойундагы сөзүңдүн
Баарын мындан табасың.
Мен айтайын сонунду
Чыгар сөзүм орундуу.
Жигит болсоң абайла,
Убал кылба жанына,
Тазалагын жолуңду.
Тарта жүргүн колуңду.
Жаман адам курусун,
Доо чыгарып бир жерден
Милдет кылат жумушун.
Жакшыларды карасаң,
Кылганынын доосу жок,
Сыр билгизбейт тымызын.
Мен сүйлөйүн канчаны,
Казак, кыргыз канчаны.
Калайыкка эринбей
Кетти канча далай сөз.

Кара көзге көрүнбөй.
Акындардын абазы,
Домбуранын үнүндөй
Жарашыктуу зар заман,
Тоту куштун жүнүндөй
Бар келишкен бөрүмү,
Кызыл кымкап күлүндөй.
Кандай салса жарашар,
Калы килем түрүндөй,
Түшүп турат кубулуп,
Ак теректин бүрүндөй.
Көчүп турат токтобой,
Кирекечтин жүгүндөй.
Кызыкканда жакшы сөз,
Кызыгышкан оюндай.
Айдап келем көп сөздү,
Кербенчинин көчүндөй.
Тилим шыдыр түздүгү
Жым карагай жолундай.
Баары жогу тийимдүү,
Бардеңкенин огундай.
Маани билбес эсерге,
Башка тийген соккудай
Тегеретер көңүлдү,
Тегирмендин суусундай,
Акылы бар адамга,

Тынч олтурган орундай,
Тилги жүйрүк акындар
Сөзү сайдын ташындай.
Кенендигин карасаң,
Кең Кочкордун сазындай.
Зар заманды карасаң
Даамы таттуу казыдай.
Уч болбосо ширеси,
Чекендинин ашындай.
Кулагынча жугумдуу,
Көк темирдин датындай.
Асан кайгы жигиттер,
Эри өлгөн катындай.
Бардеси бар боз бала
Саяпкердин атындай.
Бардеси жок бойдоктор,
Үйдөн чыкпас катындай.
Бейли тардын куну жок,
Байда болсо жакырдай.
Касиеттүү молдолор,
Кагыса көп бакырдай.
Бузулганды түзөгөн
Жоо качырган баатырдай.
Кыйшык сөздүү жигиттер
Кыянаттуу капырдай.
Кылыгы жакшы боз бала
Булу кымбат асылдай.
Бекети жок малыңыз,

Эшек менен качырдай.
Ишенимтуу жигиттер
Ат байлаган акырдай.
Жыты жакшы атырдай.
Дөөлөтү бар жигиттер,
Дөбөдөгү чатырдай.
Кайырдуу болсо элине
Гүлдөп турган чарбактай.
Кайыры жок бай болсо,
Кабырдагы арбактай.
Малым бар деп кубанса,
Беш намазды билбесе,
Кайыр зекет бербесе,
Дин билбеген калмактай.

Мен сүйлөйүн канчаны,
Казак,кыргыз канчаны,
Дин мусулман ногой,сарт,
Мусулмандан тарады.
Бу замандын адамы
Бейли дилин айтады.
Бейли жаман адамдар,
Өз напсине тартады.
Абайласан жигиттер,
Ата-энен мекедей
Абыдан куштан бага көр,
Колундагы кеседей.

Сыйлашпасаҥ бир тууган
Он да болсо жекедей.
Көп сүйлеген мактилер
Куэгу кирген текедей.
Жаман болсо катыныҥ
Ичтен жеген митедей.
Кутулууга көҥүлү бар,
Караҥгы түн кечедей.
Тил албаган балаҥыз,
Бел ашпаган арыктай.
Кетем десеҥ айла жок,
Каралайсыҥ күрөсүҥ,
Оору баккан табыптай.
Угуп турсаҥ бул сөзүм
Калганы жок анык тай.
Изаты бар боз бала,
Куйуп турган чырактай.
Изаты жок боз балдар,
Катып калган чарыктай.
Көп бейилдүү жигиттер
Сары өзен кайыктай.
Дүнүйө кор адамдар,
Мал табышка талыкбай.
Жаман айткан суук сөз
Көҥүлүҥө салыктай.
Жакшы айткан сулуу сөз
Өптелишкен калыптай.

Жаман сез калар так болуп,
Кекурекке айыкпай.
Жакшы сез калат бат болуп,
Качан болсо унутпай.
Мен суйлейун сиздерге,
Айдап урен чачкандай.
Канча айтсам чыдаган,
Кызыл тилим кызгандай.
Кара жаак талыкбей,
Кем-казына тапкандай.
Кызыл темир устуне,
Ура берсе чоюлбайт,
Дешу менен барскандай.
Токтоосу жок жигиттер,
Жардан коен качкандай.
Тил албаса аныгы
Тим кургену шашкандай.
Чочутушар жаныңды,
Элинди жоо чапкандай.
Дунуйе кор байларын,
Жеке деелет тапкандай.
Карыз сурасаң зарылдан
Азир алып качкандай.
Жоксуз адам бар болсо
Кабылан жолборс,арстандай
Акылы жок март болсо

Карангыда басқандай.
Кайры тийбей калган сон,
Кур талаага чачкандай.
Жумшак айткан жылуу сөз
Кулагына мулайым,
Чигити жок бактадай.
Кабыл болсо ыйманын
Катып жүрген акчадай.
Каранғы көр ичинде,
Айдап алган бакчадай.
Айта берсем сөзүм көп,
Үзүлбөгөн тасмадай.
Жакшы адамдын сөздөрү
Кагаздагы басмадай.
Сөз маанисин билбеген,
Жолу түюк аскадай.
Өлгө дайын жигиттер,
Кан алдында тактадай.
Кайда барса таанымал
Ат башында кашкадай.
Айткан сөзүм байкасан,
Билимдүүнүн сөзүндөй.
Ийи майда шириси,
Кашкарлыктын бөзүндөй
Алын келсе мене бар,
Сегиз бейиш төрүндөй.

Ажы болуп атансаң,
Алтындаган чениндей
Аралайсың бейишти,
Бу калгандын элиндей,
Жайпы журтка урматың,
Жаңы келген келиндей.
Куне кылбай туз журсең,
Таза жууган кириндей.

Антыгыңдан уңур бер
Адал болуп жаларга
Кастык кылып жаныңды
Каалабагын залалга.
Адал деелет малыңды,
Булгабагын арамга.
Тил байланар бир куну,
Тиричиликке кубанга.
Коңулуңду алгатып,
Бул дунуйеге кубанба.
Малың болсо жигиттер
Кайыр зекет бергениң,
Шайманыңдын канаты.
Ар жоруктан сөз кылган,
Молдо Кылыч санаты.
Адал журген бенденин,
Жайы болор жаннаты.
Жугургенде ачылар,

Чапкан күлүк турасы.
Түндө короо күзөткөн,
Казак,кыргыз элети,
Саксакайлап кыйкырган,
Кыз келиндин адети.
Кыйла сөздү чыгардым
Кыргыз,казак алачтан
Көрөңгөлүү сабасы.
Идиштери чаначтан.
Аяк,табак,кашыгы
Кырып алган жыгачтан.
Аскан казан,тулгасы
Ичип адет кылганы
Арпа,буудай жармасы.
Илгертеден сөзүмдүн
Алып турган кыйласы.
Байыркынын бөрүмү,
Айтып турса уйундай
Бүтүмүнүн орууну.
Чыбык кыркып шерт кылган,
Кан бийинин сонуну.
Жан бергенди билбеген,
Жакшысынын түнүгү.
Байыркынын макалы,
Өтүктөрү такалуу
Бөйрөмчөсү бир тутам,
Кийимдери жакалуу.

Байыркынын уркуну,
Кочуп журген кун-туну.
Алтын,кумуш абайы,
Кыз-келиндин уртугу.
Кыз-келиндин кийгени,
Кызыл жибек кырмызы,
Эмдигини карачы,
Орус алып тургамын
Тушту жерге кылдызы.
Байыркынын кийгени,
Кочугунде чалбары.
Балактатып кей кылган
Багалеги саймалуу.
Байыркынын эрени
Кайдан кордун эрендер
Калдайтып жайган серени.
Эмдигини карачы,
Ирыскысын чеңеди.
Унутту моктоо желени.
Баэ байлап кымызды
Кана кимге бергени.
Байыркыдай улушту,
Кана алиң жегени.
Конок берет кокуйлап,
Эң биринчи дегени.
Жайы кышы жугурет
Соодагердин тыйыны.

Кылтыркидан бу жылы
Замананын кыйыны.
Бөздотуп жатат карыбын,
Болуш, бийдин чыгымы.
Жайы кышы бир алат
Оокатынын жарымын.
Ар бир түрлүү адамдын,
Артында бар деп залалы.
Оз ишинди озуң бил,
Ойлоп коргун чаманы.
Башка салар балааны.
Козду жумуп ойлосоң,
Кушктуруп санатар,
Куру бекер далааны.
Акты менен караны
Жан куерге карабай.
Жакшы жеди бараны.
Жалган ишти чын кылат,
Закунуна тууралап,
Кылар болсо жалаңы.
Башта кубе болбосо,
Кылган ишиң тангены.
Акылы бар боз балдар
Алал ишке коз салар.
Акылсызга убал жок
Соз сураса уидобо.
Текебердуу адамды

Үйге кирсе тилдебе.
Уруу кылба тегеле,
Һашчи кирер ноктоого.
Нигбалың түзегүн,
Ага-чни жакынга.
Бу кылыкты кылбасаң,
Бейлиңди кең салбасаң,
Өз башыңа келгенде
Убадага турбасаң,
Анты шертти ойлобой,
Ата-энеңди булгаваң
Кайдан жакшы болосуң,
Кайбат сөзду тыңдасаң,

Салабаттуу зар заман
Зарлаң өттү куу заман,
Канча зарлаң айтсамда
Оңолбоду бул заман.
Суйлегенүм зар заман
Сайраганым ар заман.
Һарган сайын таңныган,
Тыңдасаңыз айтамын.
Тилим жуйрук булбулдай,
Сарым бузук молдолор,
Айталбаган чулдурдай.
Кайраты бар жигиттер
Кара болот чынкырдай.

16.

Болот калем колумда
Ок жыландын тилиндей.
Ак кагазым карала,
Ителгинин жунундей,
Колумдагы каламым,
Ак барандын тузундей.
Зар заманды байкасаң,
Жайдын салкын кунундей.
Кайраты бар жигиттер
Кабылан, жолборс сурундей.
Кайраты жок жигиттер
Чаап койсо тегулот,
Меңдуана бурундей.
Айныбаган жигиттер
Ак албарстын мизиндей.
Кылган иши таптаза
Машийненин ишиндей.
Кайда барса сүйүмдүү
Каситтуу кишидей.
Сүйлө десең сүйлөйүн,
Кар жаагандай төгөйүн.
Улам ойдун жаңылап,
Оюн салып берейин.
Ар коруктун башынан,
Баян кылып көрөйүн.
Армандан сөз айтып
Айдарымга кирейин.
Болжол кылып байкасам,

Бокмда кеп кунеум.
Ьуйрукеуз кеп айтм,
Азирети кызыр байгамбар
Напси ырыскы эзеи.
Жакшы жанга туш болор,
Алал курсе мунезу.
Бир аллада айны жок,
Адамдын кеп кунесу.
Мазары бар башында,
Кочкор ата дөбесу,
Алты кейме беш намаз
Иймандын кубесу.
Кайраты бар соцулар
Кара темир чокмдай,
Кайраты жок кам сопу,
Ит мулкуген мокидай.
Алал журген соцунун
Ырыскысы канчалык,
Кудай өзу жеткизер.
Кызыл алтын кениндей.
Кылган иши тантаза,
Хызур берген эгиндей.
Арбагы чоң жакшылар,
Миң кишинин деминдей.
Эл журтуна аркасы,
Аскар тоонун белиндей.

Ага-иниге байдасы
Тийбей калдайт тегиндей.
Айткан сөзү кишиге,
Табылтардын эминдей.
Дөөлөту бар жакшылар,
Кырчыны көп эзендей.
Дөөлөту бар билимсиз
Эл ашпаган кезендей.
Акылы бар карылар
Айткан сөзү меселдей.
Касиеттүү кишилер,
Кереметтүү эшендей.
Убадалуу эр жигит
Кол көтөргүс кишендей.
Убадасы жок жигит
Басалбаган бечелдей.
Акылы бар карылар,
Айткан сөзү нускадай.
Колунда жок эр жигит,
Жетишпеген кыскадай.
Акылы бар,малы жок,
Асбабы бар устадай.
Сыйлашпаган бир тууган
Атасы жат башкадай.
Жинди кыял бей намаз,
Жер казтарган чочкодой.
Кара көңүл таш кулак

Карматшаган азоодой,
Ага-иниң көп болсо,
Асабалуу жасоодой.
Өзү ажил билбеген,
Айткан сөзгө кирбеген,
Тил билбеген макоодой.
Таалим алган устатың,
Кол тапшырган пириңдей.
Касиеттүү молдолор,
Истамбулдун дининдей.
Айткан сөзү шарият,
Арап парси тилиндей.
Тил билгилүү боз балдар,
Оозу элпек коштоодой.
Сарамжалдуу жигиттер,
Жегин койгон боштодой.
Кайраты чоң жигиттер
Калалуу корган чарбактай.
Ага иниси көп болсо,
Токуп койгон буурактай.
Карап турсаң боруму,
Казак орус солдаттай.
Ынтымагы бар болсо,
Базары жүргөн чарбактай.
Тил алышып турушса,
Бузулбаган каймактай.
Ынтымагы жок болсо,
Жетишпеген арактай.

Кыйып кетер бир бирин,
Кыргыз, кытай, калмактай.
Айлын бузган жигиттер,
Үй качырган сайгактай.
Токтоосу жок жигиттер,
Оки салган тайлактай.
Сөз бербеген жее чечен,
Учуп жүргөн камгактай.
Байдасы жок чечениң,
Чөп чыкпаган кургактай.
Иймансыздын көзүнө
Жалган дүйнө жаннактай.
Бир үйрөнгөн адатың,
Жамгыр баскан көк даттай.
Жууган менен агарбас,
Бош койгон жаргактай.
Айткан сөзүм тараза,
Алды кийни салмактай.
Иймансызды жоготор,
Артыңызды ойлотпой.
Абайласаң жигиттер,
Акын эмес бакырмын,
Элге эрмек болсун деп,
Болбос ишке асылдым.
Көпкө жаман көрүнүп,
Көп күнөөгө чакырдым.
Бендечилик курусун,

Билинбеген кунөйум.

Жалбарганым бир кудай,
Жараткуучу бир өзу.
Айтып турган сөзумдун
Кагаз болсун кубөсү.
Он сегиз миң ааламды
Сактап турган өзи.
Бала менен мал кутмөк,
Бу дуйнөнун бактысы.
Бу жалганга карабас
Жигиттердин жакшысы.
Байкасаңыз беш намаз
Ыйманыңдын ачкычы.
Өлө туган болгон соң,
Ыймандан жок жакшысы.
Сөз байкаган жигитер,
Сөзгө жетер кубаты.
Асман менен кайкыган,
Учкан куштунканаты.
Мен куремун кубанып,
Акындыкка кубанып,
Акын өлбөй тургансып,
Өлбөс болсо Арстанбек
Журбөс беле тубөлук.
Акындыгым шончодур,
Ойлобогон мен карып.
Курт кумурска канаттуу,

Мен айтайын санатты.
Кутулбассыз сөзүмдөн,
Куюлушун санатым.
Чыга берет ичимден,
Кудуреттин бергени.
Сурабадым кишиден,
Айып ачып сүйлөдүм,
Көп адамдын ичинен.
Айланайын кудайым,
Кечер бекен күнөйүм.

Мен сыяктуу итиңин.
Тегеренип айланар,
Абадагы жетиген
Күндүз кетип түн болор,
Күндүн жарык бетинен
Жакуж-мажуж жой алды,
Бу дүйнөнүн четинен.
Бу дүйнөнүн белгиси,
Ай менен күн жылдызы,
Жети асмандан кара жер,
Жаркыраган күндүзү.
Адам Ата Аба эне
Шондон бери белгиси.
Өлүп келет ылайы
Нечен түмөн миң киши.
Пайгамбарлар баары өлдү.

Бадышалар кеп өлду,
Нечен азиз бенделер,
Бу жалгандан жөнөлду.
Тобо кылсаң өткөрөр,
Тоодой кылган күнөңду.
Байкасаңыз айтамын,
Акыр заман бу элди.
Илгеркинин адамы,
Көп жашады өмурду.
Кудай билет эмдиги,
Узун өмур көрөрду.
Акыл дайра билгенге,
Бу жалган жок [illegible] өлгөнгө.
Чыгымдансаң себеп жок,
Чындап ажал келгенде.
Карыылыгың жарабас,
Кадыр дөөлөт бергенге.
Молдо болсоң муну бил,
Кулагыңа киргенге.
Колдон келсе ырабат,
Коргон салгын бир жерге.
Мына казал,бу казал,
Бу сөзумө кулак сал.
Айдасаңыз чыга бейм
Айта берсем ар макал.
Жакын чыкпас абалым,
Домбурадай зачкылдап

Катуу чикпас анчалык,
Кашкарлыктай кайкылдап,
Акын болсо жигиттер,
Сөз чыгарар эрмекке,
Аввар кылса бир жерге
Эл чогулар көрмөккө.
Көп кармаса чогулуп,
Айтсам керек өрнөккө.
Көптүн кылган дубасы,
Кабыл болор деген бар,
Кудай ыйман бергин деп,
Тилей көргүн жигиттер.
Ар мааниден сөз айтып
Аяк башын кертейин.
Колумдагы домбурам,
Кош убакка минтейин.
Ыйманыма жардам бер,
Ыймам Асан,Усейун.

Тайга жакын болгондо,
Булбул сайрар аяга,
Туш-тушунун баарысы
Тесие тартар кудаага.
Учуп жүргөн канаттуу
Уруп таштар уяга.
Чай куярга ылайык,
Чини кесе пияла.

Китеп билген молдого,
Жакшы журмек ыраба.
Ар кишиде бир акыл,
Өз билгенин береби.
Келиштирип сүйлөсөм,
Келер сөзүм орундуу.
Меке дилде Мединө
Ьайгамбардан бурунку,
Адам Ата,Ава эне,
Ар жандардан абалкы,
Жебирейил бериште
Ьайгамбарга кабарчы.
Бу дүнүйө жалганчы,
Акылсыздын кубанчы.
Жараткан жалгыз кудайым
Жаным курбан кылайын.
Азап кыла көрбөгүн,
Айланайын ылайым.

Ьуйрук жетип күн бүтсө,
Учуп кетер чымындай,
Денеп калар суналып,
Буту,колуң жыйылбай.
Тириликте көркүңүз,
Ак сарайдын сырындай,
Өлгөндөн соң көркүңүз,
Кереги жок тыйындай.

Зар заманды байкасаң,

Башка сөздүн жанында,
Кетти сөмдук бүкмдай.
Карыганда ким болсо,
Көркөмү жок бакадай.
Кара көңүл, дем кыял,
Тим жүргөнү кападай.
Байбиченин жакшысы,
Ийи майда матадай.
Бейли какшы кең болсо,
Майы калың учадай.
Кудай берген кишилер,
Үйрү өскөн букадай.
Уулу, кызы көп болсо,
Улук салган супадай.
Зар заманым сайраган,
Сөзүн адам кармагай.
Дин мусулман бендеси,
Төбөсүнөн жанбагай.
Жаман айткан суук сөз,
Сөөккө баскан тамгадай.
Эси кеткен капалык,
Эски оору талмадай.
Акылга мол азамат,
Дарс окуган молдодой.
Таалим алсаң сөзүмдөн,
Тамырың берген олжодой.

Кайыры коп байларың,
Карагайлуу жайыктай.
Ырыскысы тогулуп,
Бышып турган алмадай.
Кызыкканда кызык сез,
Кызыл алтын мыскалдай.
Кыз-келиндин жаманы,
Үй булдурген чычкандай.
Жакшы катын белгиси,
Кылган ашын кызганбай,
Сыр билгизбей турганы.
Мунезунен козголбой,
Келиндердин жакшысы,
Кездеменин жибиндей.
Боруму туз мулайым,
Булгарынын ийиндей.
Өзу жаман бош болсо,
Оңуп кетер чырайы,
Эч енеру билинбей.
Кызыл жардын тигиндей.
Кыз балдардын жакшысы,
Кузгусу бар айнектей,
Жакшы кийим жарашар,
Жашыл мойн ордектей.
Карап турсаң боруму,
Таза жууган кейнектей.
Жетпей турат далай жан,

Кукук менен Сейнектей.
Керку жакшы кыз бала
Кел бошида кырчындай.
Ьулу кымбат канчалык,
Ак албарстын курчундай.
Бар келишкен бору му,
Ьулгарычын мурчундай.
Жаман кыздын белгиси,
Ушак айтат жомоктой.
Үй булесун жудетет,
Казгы конгон коноктой.
Кемпирлердин жакшысы,
Кимге болсо энедей,
Кемпирлердин жаманы,
Ьашка келген балаадай.
Акылы кең жакшылар,
Улук коргон калаадай.
Акылсыз акмак тентиктер,
Үйренбеген тенадай.
Ажы барган адамдар,
Ьайгамбардын туусундай.
Ьашындагы селдеси,
Ысык колдун куусундай.
Мектептеги балалар,
Желедеги кулундай.
Ьейли жакшы молдолор,
Ьетегелуу булундай.

Кызыктыгы баланын,
Кыз болсо да уулдай.
Каармандуу јакшылар
Бороону кеп кышкыдай.
Јамандардын баарысы,
Ӧси чыгын чычкыдай.
Јандын баарын коркутып,
Кудайлатып кыскыдай.
Јакшы болсо боз бала,
Чагылгандын огындай.
Топ ичинде сакалдуу,
Тоого чыккан арпадай.
Куну кеткен байларын,
Ӧнчизи јок маркадай.
Кезуи јетсе баарыга
Кеонун јарык кузгудей.
Нӧман берсе кудайым
Ӧсинизге тушкудей.
Кош кыялдуу кишилер
Кой ичинде эчкидей.
Айткан сезге турбаган,
Чыдамы јок эскидей.
Чычкылуу болсо боз бала,
Чычкан алган мышыктай.
Чыдамы болсо ар ишке
Кепке јагат кыйшыктай.
Јакшы болсо боз бала,
Јайлоодогу јазыктай.

Ишенимдуу жигиттер,
Ат байлаган казыктай.
Акылсыз акмак сараң бай,
Жакшыларга азыктай.
Ал кыялын койбосо,
Динден чыгып кеткидей.
Катындардын жаманы,
Карды тойсо кепкудей,
Өзу билсе кокустан,
Эрин кетке тепкидей.
Эптуусунген адамдар,
Өзу байып кеткидей.
Ичбей жебей байлыкка
Ою менен жеткидей.
Кудай езу бербесе,
Ким кысынып куткудей.
Кудай езу бергенди,
Чачса дагы еткудей.
Кейип калса дуйнену,
Мал корбогон жигттер,
Корушуп жатып епкудей.
Тобоң кабыл болот ко,
Тобо кыл десең теңирге,
Кысингендин эби бар,
Журтка жаман корунбо.
Алла багып кутуп же
Беш намазга эринбе.

Убая кылып акиры,
Уул менен колинге,
Ьагып журуп бейдасин,
Эч кордедук дедирбе.
Куда кутуп, дос карыш,
Кур талаага семирбе.
Бойбос ишке асылып,
Ьекер куру теминбе.
Зар заманым ушундай,
Залал айтсам тил алба.
Урганыңда булеңдун,
Асти эсин чыгарба.
Олмейунче тиштениш,
Кайратыңдан айрылба.
Олбос бурун агайын
Кутунуйор буларга.

Ьайкасаңыз дуйнену,
Ьаяны жок тубунде.
Канча жакын корсең да
Аяны жок бир кунде.
Вашындагы мээңиз
Тамырлары жонунде.
Ьир аллага муңу бар,
Ьулбул торгой унунде.
Сегиз бейиш белгиси,
Тотукуштун кунунде.

Жети дозок белгиси,
Кара жылан турунда.
Ыолду шайтан окну,
Ызоокордун уйунде.
Кесир айткан бендении,
Текебери тилинде.
Намаз журбейт окуса,
Арам болгон кийимде.
Жети кат жер барыск
Бир бериште колунда.
Он сегиз миң аалам,
Кок огуздун жонунда.
Кок кочкордун белгиси,
Шор дария суусунда.
Исмайылдын курбаны,
"Мина"деген орунда.
Ар балакет кучеду,
Акыр заман доорунда.
Мусулмандын суроогу,
Жана кайыр колунда.

Дагы болсо жигиттер,
Жакшылыктан тилейли,
Тобо кылсам кудайым,
Кечер бекен кунону.
Кудай билет ойумду,
Кара жерге кар жааса,

Жердин жүзү агарды,
Кандай кылып барарды
Байда кылар аштыкка,
Күзгү жылуу шамалы,
Кандай болсо кылганы
Орус капыр амалды.
Ар жарагы шаймандуу,
Өлөң айтып жарылдап,
Орустардын көйрөңү.
Кызыл бешмант кынама
Дин билбеген айбаны.
Сураса кыргыз орусту,
Төрдирет эле коңузду.
Кудайдан коркуп койбосо,
Колунан алар доңузду.
Окумдук кылбайт бириңе,
Колумдан кейин турат деп,
Зордук кылбайт диниңе.
Эмне десе кыргыздын,
Ишенип калат тилине.
Шоодураган салдаты,
Бөкүростун канжасы.
Карап турса капырдын
Кыйын экен калбасы.
Дини бузук чочконун,
Мал жоголсо төлөтүп,
Элден алат акчаны.
Шарыятта кошподу,

Бир кудайды тааныбай,
Ою менен олтурат,
Кулун, тайы дененде й,
Атын корчу дубалдай,
Адам айрык тааныгыс,
Кызын корчу кубандай.
Кынамалуу бөйрөгү,
Чубалжыган көйнөгү.
Чуруйдан өлөң айтканда,
Баарысынын көйрөгү.
Бели тутам айбалы,
Жети күндө майрамы,
Тил билбеген кайдагы
Акиретке баргандa,
Анда көрбөйт байданы.
Бу кашырдын мүнөзү,
Канча калик баш экен,
Жандырааλи кинези,
Арабасы, чанасы,
Жаштан мурдун көзөтөт,
Жалкы сыйыр баласы.
Мал багышы кашырдын,
Коңгуроосу чакырды.
Жердин жүзүн кашырды,
Тил билбеген кашырды.
Карылар месели,
Кепке жүйрүк чечени.

Меселдетин кеп айтат,
Иагеркиден нечени.
Ыйлкы тийип,уй чапкан,
Байыркынын кезеги.
Жалган айтып алмакка,
Эмдигинин кесеби.
Айтып турса билбеген,
Аят адис китепти.
Иагеркиден нускапы,
Оч бир адам тутпады.
Ойлосочуз акыры,
Окн кулку токтоду.
Жолду билген жообозго,
Жоо качырган шаабозго.
Найзалары уч кулач,
Темир сайган жыгачка.
Иагеркилер бир борум,
Эрки менен болгону,
Жер коруштy билбеген,
Дөөлөтүнүн кең мөлу.
Иагеркилер өрнөгүн,
Эшитемин абайлап,
Ушулардын болкону,
Абалкыдан акырга,
Алыскыдан жакынга,
Айта берем сөз кылып,
Мусулмандан капырга.

Сөзүм аты зар заман,
Ак кагазга жазылган.
Аманат жан өтөрдө,
Акал өлүм жат кылган.
Болжол кылып карачы,
Бу заманаң такылган.
Бу капырдын арбагы,
Журтка тиер зардабы.
Ыйласада жетпеди,
Мусулмандын арбагы.
Арбын барат жылына,
Кала салган чарбагы.
Кыргын кылып капырды,
Кана кудай алганы.
Калыйпа султан урумдан,
Кана тийген жардамы.
Теңгеден алды салыкты,
Каратты далай калыкты.
Коркунуч кылды колуна,
Дин мусулман шарыйты.
Бөлгилеп алды жериңди,
Жериңе салды эгинди,
Тоотподу кебиңди,
Абыдан кести демиңди.
Аралаш кылды оруска
Атаңдан калган чегиңди.
Эмдиги заман бу болду,
Мусулманың кор болду.

Айталык акыр бетине,
Ача көр кудай оң колду.
Оруска берди илимди,
Кыргыздан көрдук залимди,
Аманат багын курудук,
Жигиттер алардан тапкан малынды.
Бу замандын жигиттер,
Бейлин болжоп карасак,
Береке журтка тарыды.
Колунан келген жакшылар,
Журтуна кылды кабырды.
Кыла берет баарына,
Агайын тууган бооруна.
Кыныккан улук барага,
Жигиш салар дарага.
Старчын,бий,болушу.
Орустан кийин жумушу.
Куруп калсын алардын
Арамдан тапкан ырыск.
Ар сонундар чыгат ко,
Акындардын артынан
Бечаралар зар ыйлайт,
Залымдардын зарынан.
Орозо намас бузулду,
Молдокордун калынан.
Береке элден жоголду,
Убададсыз антынан.
Акылы бар адамдар,

Шарыятты ойлоду,
Адырайдаган жамандар,
Оз билгенин койбоду.
Арам деелет байларын,
Малга козу тойбоду.
Дили сарак наадандын,
Ыремесин кыйбады.
Олгенунун этин жеп,
Колу менен сойбоду.
Бу замандын жакшысы,
Тили куйрук таттысы,
Үйге жатпайт тынч алып,
Болбоду го жаткысы.
Кудай озу ондосун,
Бу замандын арткысын.
Уга турган создорду,
Угузарым керекти,
Түндүк кылса ылайык,
Кайың менен теректи.
Айткан сезду байкаса,
Акылы бар жигитке,
Ар жерлерде керекти.
Баатыр болор атанып,
Жоого кирген журектүү.
Жапырак түшер шоодурап,
Какса чынар теректи.
Курт ичинен чыгарып,

Кымкап кылды жибекти.
Даары бакса бал болот,

Көп кураса челекти.
Молдолугум кошумча,
Болот калам кармайын,
Өлү менен тирини,
Эп келтирип жамайын.
Эриккенде сөз кылып,
Элди журтту санаймын.
Абалында жалынып,
Жалбарамын кудаага.
Тири жүрсөм зар заман,
Сөзү кетер далайга.
Насиятым сүйлөдүм,
Акыл менен абайла.
Убадаңды кетирбей,
Үйүңдөгү малайга.
Айткан сөзүм түз бекен,
Бу сөзүмдү байкасаң,
Бир бирине кошулбас,
Бейли жаман каьырлар,
Беш намазды окубас.
Башка келген өлүмдөн,
Жан-жаныбар кутулбас.
Бейли жакшы жигиттер
Бересеге басынбас.
Бейли кеңге жолуксаң,

Берекеңди качырбас.

Дүнүйө кор байларың,
Тамагынан татырбас.
Жардам кылып жанына,
Жалгыз түтүн кондурбас.
Ал өңденген байларың,
Жаханнамдан кутулбас.
Дини катуу бенделер,
Мусулманга кошулбас.
Акын адам сүйлөйт ко,
Алды артын карабай,
Кете берет далай сөз,
Сайгак тийген танадай.
Кандай салса зыркырайт,
Карга салган чанадай.
Кызыктыгын карасаң
Базары дүкөн калаадай.

Айтканымдын баягы,
Жерге тийбес аягы.
Молдолор алат колуна,
Болот калам сыяны.
Жакын көрбө жаманды,
Жакын көрсөң жаманды,
Бир күн тиер зыяны.
Таркабайт ко тирликте,
Бу жалгандын кумары.

Дал отузга келгенче;
Жүз баланын убагы.
Алтымыш менен жетимиш,
Абышканын курагы.
Анда кандай болот дейм,
Караңгы көр ичинде,
Мункур-нанкир сурагы.
Айта берсе жигиттер,
Сөз табылар акынга.
Айткан менен түбүнө
Ким жетеди акылга.
Жоо беттешип туралбас,
Сырын билген баатырга.
Жаинсаңда байда жок,
Ишиң түшсө капырга.
Жалгыз малы алтындай,
Байыбай жүргөн жакырга.
Эси бар деп ишенбе,
Эрин коюп катынга.
Молдо болсоң акыры,
Байкап жүргүн кагазга.
Байкап жүрсөң жигиттер,
Балбан болгун намазга.
Напсиңизди тыйсаңыз,
Напсиңизди тыйбасаң,
Бир каларсың уятка.
Уят болуп кыңырып,

Аманатты жоготпо.
Бар болсо да жигиттер,
Энтуусунун суратпа.
Кайраты бар жигиттер,
Адет кылгын намазга.
Бирөө буюм сураса,
Калтырбаңыз заматка.
Кыжалат болуп келгенге,
Эби келсе жигиттер,
Калтырбаңыз уятка.
Кыырдыктын нишаны,
Үйрөнбөңүз адатка.
Аксакалдар айтайын,
Келдиңиздер бу жашка.
Карыганда кууланба,
Жаш чагыңыз бир башка.
Илгеркинди көп айтып,
Тантыгансып адашпа.

Кылыгы жакшы боз бала,
Кылган иши шамдагай,
Мен айтайын сиздерге,
Жакшы менен жаманды,
Аралашпа ылгабай,
Жакшы жаман болсо да,
Ичте болсун сырларың,
Ашкере айтып булгабай,

Маанисине жетпекер,
Маани сине жеткендер,
Салып турсун кулагын.
Маанисине жетпесе,
Тыңдабасын сөзүмдү,
Куру бекер чуулдап,
Мазе кылып өзүмдү,
Тек кетирбе сөзүмдү.
Жазар болсоң молдолор,
Жарым кылба сөзүмдү.
Кудай сүйгөн бенденин,
Жугумталдуу бергени.
Байып чыгар бир күнү,
Кызматына алганы.
Кең бейилдүү жигиттин,
Иши келер илгери.
Ичи кара залимдин,
Элге батар чеңгели.
Пайда болор жигитке,
Жакшы өнөр билгени.

x x x

Айдың айдың көлдөрдөн,
Агытай суусу калбады.
Ойдуң ойдуң жерлерден,
Мал чалар оту калбады.
Түп,Жыргалаң эки суу,
Эл конорго тар болду.

Карагай,кайың,тал,терек,
Тамыр түбү соолуп,
Камчы сапка зар болду.
Малга ылайык жери жок,
Жерге ылайык эли жок.
Асыл заттар кор болду.
Жакшыга жаман зор болду,
Кар жаабаган кара жер,
Темингиден кар болду.
Каранын уулу кан болду,
Кандан тууган мас болду.
Эр азамат жигитке,
Сары суулар аш болду.
Калк кармаган улуктар,
Бурункудан пас болду.
Арбактуу эрдин тукуму,
Душман менен дос болду.
Калк кармаган бек кандар,
Тагынан түшүп келбеду.
Не жамандар түзөлүп,
Жогору карай өрлөдү.
Ат башындай жүректүү,
Кайгылуу болуп черледи.
Мырзалык байдан тегуйду,
Арканын кийик куланы,
Алды алдынан түгөндү.
Ушулар эске түшкөндө

Бурбайсын неге коңулду.
Бийибиз болду барадан,
Каныбыз болду карадан.
Кокко козун салбады,
Деелет куткен бар адам,
Биреене-биреe кунулеп,
Татуулук кетти арадан.
Карыш таман мышык баш,
Не азгындар жетилди.
Сан тийбеген жамандар,
Улактай башка секирди.
Не жамандын балдары,
Кандан тууган шекилди.
Албарстай асыл жакшылар,
Оз озунен кетилди.

x x x

Оору коңулун ким ачар,
Ай сураган тең ачар.
Черленген эрдин кайгысын,
Алдейлеп суйген бала ачар.
Башка конгон бак ачар.
Адеми жигит арашын
Айма моюн жалкын чач,
Жаркылдап кулген жар ачар.
Уул кайгысын ким ачар,
Алдындагы мекеси,
Артындагы баласы,
Ата менен эне ачар.

Ат кайгысын ким ачар,
Күнүне жети караган,
Жал куйругун тараган
Сулуу менен жем берип,
Кадырын билген эр ачар.
Эл кайгысын ким ачар,
Үзөңгүсүн тең тепкен,
Адил туулган кан ачар.
Аккан суу менен кең конуш,
Түрлөнгөн жашыл көк ачар.
Жакшылык менен жамандык,
Баары эктап болгон соң,
Сабырлык кылмак жарашар.

Кызыл ала кубулган,
Кыргоолдун канаты,
Кызыктырып сүйлөгөн,
Кылыч молдо санаты.
Тегеренсе бу тилим,
Тегирмендинбарасы.
Дуга кылып коюңуз,
Дин мусулман баласы.
Жагар болсо бул сөзүм,
Жашы үлкөн карылар.
Аминин деп кол кайгын,
Аксакалдуу бабалар.
Кайсы бирин айтайын,

Кайгылуу эрде санаа бар,
Эшиткен муну бенделер,
Дуга кылып коер деп,
Мен карып да дама бар.

x x x

Мен сүйлөйүн агайын,
Сандап түмөн зарзаман.
Кызыкканда токтобой,
Кызыл тилим ирмейин.
Кыйык менен болдубу,
Кайсы экенин билбеймин.
Аты жакшы алданын,
Кудурети кең экен,
Жомок деген билгенге,
Тоодон улкөн кең экен.
Айта берсем түгөнбөс,
Айдын чалкар көл экен.
Көптүгү көл жомоктун,
Айтканымча бар экен.
Ойлоп нуска кылайын,
Ажал жетип,күн бүтсө,
Өлүмгө жок ылаажы.
Ыкыбалдуу кишилер,
Адеттен айнытбас,
Аныш ырас кишинин,
Убадасы бузулбас.
Жамандардын адети,

Жакын досун ондурбас.
Бул сөзүмдүн баяны,
Артып жазам белгисин.
Арнеменин аягын.
Ар жеринен билдирген,
Жардылардын жаманын.
Барда болсо бейли тар,
Байлармындын саранын.
Баарын айтып берейин,
Салып турсаң кулагың.
Агач тилген араадай,
Тилим турат сүйлөнүп,
Тегирмендин бараадай.
Калет кылып койбочуз,
Жакшы окуп карабай.-
* * *
Молдо Кылыч мен атым,
Болот калем достум.
Чала чыккан башынан,
Чаар китептен сабатым.
Жүрө жүрө арбыды,
Казал жазып кагазым.
Калайыкка билинди,
Катка түшүп абазым.
Куран окуп молдолор,
Кылар беken дугасын.

Кеп алдында сүйлөймүн,
Көргөнүмдүн баарысын.
Санат кылып саламын,
Билгенимди кагазга,
Бир бирине жамаймын,
Жигитчилик жүзүнөн,
Аябасын дугасын.
Ракмат айткан ким болсо,
Этек жени жайылсын.
Учунчалык көп элден,
Акун чыккан мен жалгыз.
Окуп көргөн агайын,
Айып күнө койбоңуз.
Темир,Болот,Надырбек,
Үч үкөдөн таралды,
Кулду тынай баарысы,
Сарбагыштын ураанын.
Ушу кезде заманы,
Эр Шабдандын убагы.
Кийинкиге сөз калса,
Канып турсун кулагы.

х х х

Айткан сөздүн жобосу,
Ойлоп турсаң сакчыдай,
Сөзгө токок акындар,
Сейректиги тамчыдай.

Сөзү оңок кебүнүн,
Өтке тийген камчыдай.
Айтар сөзүн табалбай,
Кедери кеткен аңчыдай.
Айтарынан адашып,
Чала молдо балчыдай.
Башка акындан сөз курап,
Байга жүргөн жалчыдай.
Анык акын жаңылбас,
Калкан койгон алчыдай.
Анык тыңдап олтурсаң,
Билгиземин санатты.
Алда өзү чоң экен,
Ар түрдүү жан жаратты.
Ар кайсысы ар башка,
Жер жүзүнө таратты.
Жер жүзүндө адам зат,
Бир кишиден таралды.
Кээ бирөө башынан,
Тили дудук тубаса,
Кээ бир киши өмүрү,
Тазалыктан обочо.
Жакшы кылып кээ бирөөн,
Жаны элди суратты.
Жарды кылып кээ бирөөн,
Колго берди таякты.
Кээ бирөөн зарлатып,

Эки козун жоготту.
Кара жерге жашырып,
Капкан салат тулкуге,
Тулку чындап жарашар,
Башчызда боркуне.
Өлгондо да териси,
Айнек болот коркуне.
Анык адис мергендер,
Асына бейм бараңды,
Атып алат жазбастан,
Тоодо бугу,маралды.
Кадыр алда кудайым,
Акыл менен карасаң,
Айтып турам мен дайым.
Ирыси жок азамат,
Өз оокатын кылбаган.
Жалчы кирип биреөге,
Жаны кунде тынбаган.
Илгеркиден нуска бар,
Байкасаңыз айтайын:
Изаты жок боз бала,
Сексендеги чалдайсың,
Акыл эстуу боз бала,
Сыр аякта балдайсың.
Акылга кулак салбаган,
Жакшылыкка барбайсың.
Молдо Кылыч бечара,
Көп кунену котерду.

Тобо кылсам теңирим,
Жазыгымды откерер,
Дуга кылса окуган,
Мен гарипка жетерби.
Кабыл кылса кудайым,
Асман жердин баарысын
Жазган сезум тугенбос,
Калайыкка жайылсын.
Ичиндеги зар заман,
Кумурскадай жайнасын.
Тегирмендей шакылдап,
Кызыл тилим сайрасын.
Угуп турган кишилер,
Кайсы бирин кармасын.
Айткан болсо ачылар,
Акындардын арманы.
Ада болсо эзелден,
Алда таала барманы.
Айтканымда создерум,
Агып турган булактай,
Эп келишкен кыйышып,
Эрди катын ынактай.

х х х

Ай менен кун асманда,
Аалымдардын жарыгын,
Алдындагы сайраган,

Јер замандын аҥыгы.
Тышта сөөк јараткан,
Јумурткаҥын кабыгы,
Суу тӱбӱнөн јай алган,
Дайра көлдӱн балыгы.
Он сегиз миҥ аламды,
Јараткуучу бир өзӱ.
Баарысынан артыгы,
Адам зат бендеси.
Чөп-чар,агач турлөнгөн,
Курт кумурска эҥгесӱ.
Токонаалат шайтынды,
Артык болгон кӱнөсӱ.
Мен сӱйлөймӱн јигиттер,
Көҥӱлӱҥди бузбасын,
Сӱйлөгөнде билерсиҥ,
Ар бендениҥ өз басын.
Эр буйругун бек тутар,
Акылы бар ургаачы.
Алаа болор идишиҥ,
Казан аяк тулгасы.
Айта берсем кубанар,
Акылдуулар уккандай,
Муҥдуу кылык сӱйлөймӱн,
Өз колунан чыкканды.
Болбой калар мазеси,
Боом суусун бургандай.

Кагазынан биле албай,
Кайсаңдаса көңүлүңүз,
Кайран сөздү жоготпой,
Жакшы байкап көрүңүз.
Акылы дыйкан кеменгер,
Адам зат жөлөгү,
Адилеттүү ишиңиз,
Өмүрүңдүн кереги.
Карыганча талыкпас,
Өз оокатын тереги.
Окуп көргөн агайын,
Бизге дуга береби.
Адил жүрүп иш кылса,
Кабыл болор тилеги.
Молдо Кылыч бакырга,
Узун өмүр келеби.
Кудай билет жигиттер,
Көп жашабай өлөмбү.
Насип бериң кудайым,
Куру бекер жүрөмбү.
Ыйман берсин теңири,
Ажалсыз адам болобу,
Тагдыр жетсе алдадан,
Учуп кетер чымдай,
Денең жатар жыйылбай.
Буту колуң бүгүлбөй.

Тирчиликти ойлосом,
Ак сарайдын келундей,
Мен суйлоймун далайды,
Калайыктан эринбей.
Акыретти керсетуп,
Пайгамбарга бак берди,
Китептерди керсетуп,
Молдолорго кат берди.
Чечен кылып биреену,
Суйлогенге эп берди.
Жакшы менен жаманды,
Оэу билип текшерди.
Кудурети кудайдын,
Кунду кекке жургузду,
Айды жарты чыгарып,
Алыстатты жылдызды.
Ай ааламга шам чырак,
Асыя кылды кундузду.
Он сегиз миң ааламды,
Оз оэуне тургузду.
Жан жаныбар баарысын,
Насип берип тургузду.
Суу тубунон жай берип,
Жаратыптыр балыкты,
Жадыгейге буюрду,
Дуга менен арыкты.

Байгамбарга тушурду,
Аят куран шарыпты.
Азиз кылып караттн,
Олуя заада шайыкты.
Узун омур керсетту,
Улукман ата табыпты.
Айтымышка чыгарбай,
Эндигини карыттн.
Тирлик берди керсетпей,
Кызыр Илияс кайыпты.
Оору берип сынады,
Азирети Айыпты.
Азап тартып кенчалык
Алты жылда айыкты.
Адам Ата,Ава эне
Бейиште булар кеп журду,
Канча адам кемиштен,
Беш жуз жылы кеп журду.
Каар кылып кудайым,
Бу жалганга тушурду.
Кабыл болуп тобосу,
Кайтып экее кошулду.
Адам Ата,Ава эне
Нече жылы зарлады.
Бири-бирин табалбай,
Коздун жашын тыйбады.
Адам заат баласы
Ал экоондон туулду.

Аштык айдап, үй тигип,
Төрт түлүк мал урунду.
Капыр менен мусулман,
Динин айрып бузулду.
Ьир канчалык тукуму,
Динден кетип курулду.
Жер жүзүндө адам зат,
Ал экөөнүн уругу.
Жалпы жандан артыкча,
Баарысынын тунугу.
Ьайкап турсаң мөселен,
Адам ашбас болорбу,
Айры бөлөс кесеңди.
Жакшыларды карасаң
Адил ойчу болбоду.
Адам акын кесе да,
Дүнүйөсү толбоду.
Молдолорду карасаң,
Ак селдесин ороду.
Аят адис буйругун,
Акыл менен болжоду.
Напси бузук молдолор,
Ач тайгандай жойлоду.
Кайда өлүм болсо да,
Аңдыганын койбоду.

x x x

Молдо Кылыч сүйлөдү,
Бу замандын ал жайын.
Акыл менен сынасаң,
Зар замандын аягын.
Келиштирип сүйлөсөм,
Киши билбес баяным.
Маани берер өзүңө,
Байкап турсаң аягын.
Шарият менен шерт кылам,
Жадугөйлөр окуса,
Башы айланар теңселип,
Чала ойлоп токусаң.
Бу дүйнөнүн түбү жок,
Түбүн туруп сураба.
Тил билгилүү кишилер,
Мектептеги балдардай,
Ичиндеги сырыңды,
Акыл менен тапкандай.
Азаматтын жаманы,
Иттен жаман капкандай.
Айткан сөзү адамга,
Айбалталап чапкандай.
Азаматтын артыгы,
Зымга тарткан күмүштөй,
Айткан сөзү ширелүү,
Демдеп койгон күрүчтөй.
Көнсө көңлү жай болот,
Колу ачык билиштей.

Сырын тышка чыгарбас,
Таптап койгон кылычтай.
Коркуп корсөң корүмдүү,
Ийи майда кебездей.
Ач болсо да тойгонсуп,
Арык болсо семиздей.
Боз баланын жаманы,
Чата болор кыялы.
Айткан кеби адамга,
Урушкандай сыягы.
Куру кайрат жел өпкө,
Корго карман жүргөндөй,
Ала бакан таягы.
Эрин билген катындар,
Эс билбеген эсердей.
Эрге кылса каяша,
Эсинизден кетерби,
Эри жаман катындар,
Эрки менен алкылдап,
Анги койгон айгырдай
Ай,ай сезду укпастан,
Айта берет тартынбай.
Аныk чечен акындар,
Жазгы жааган жамгырдай.
Тогуп турат төнкөруп,
Буудай салган калбырдай.
Кыз баланын жакшысы,
Кумуштен куйган камбырдай.

Качан болсо киймэ бел,
Адам качпай аягыдай.
Калың токой карагай,
Келин жыгач элкону,
Кайың,терек сөгөт тал,
Кул чыгарып бүрдөдү.
Кызыл алтын тактасы,
Бадышанын мингени.
Жайы кышы тери тон,
Жарды жалчы кийгени.
Казынага бай жыйды,
Кызыл алтын дилдени.
Ою менен сурашып,
Орус бизди тергеди.
Илгеркидей замана
Жана кайра келгени.

x x x

Зар заманым бу казал,
Зарлаганга кулак сал,
Айдасаңыз чыгат бейм,
Айта берсем эр макал.
Акыл ойлоп журерге,
Таанып болсоң көп элге,
Айыл болсоң кошулуп,
Дунуйөсу кененге.
Намыз кылба аяныш,
Кызматыңды билерге.
Кошчу болсоң жакшыга,

Кубанарсың наркына.
Кыялыңыз түз болсо,
Казак,кыргыз калкына.
Жүзүң жарык көрүнөт.
Калайыктын баарына.
Жалгыз аттуу жардынын,
Жалгыз аты кокустан,
Күлүк болсо бактына.
Куда чыгар бирөө
Сулуу чыгып кызына.
Ырыскыңдын белгиси,
Мен айтайын санатты,
Кулак салчы ушуга,
Бул айтканым акылым,
Байкап турсаң адамга,
Не кылса да кудайым,
Өзү билет жазыгын.
Кудай кандай кылат деп,
Келтирбегин санааңды,
Кудуреттин ким билет,
Барды жоксон кылабы.
Болбос ишти ойлобо,
Ойлосоңуз акыры,
Кудурети алданын,
Акыл менен болжобо.
Шек келтирбе сөзүнө,
Китеп ачкан молдого.

Ит болсо да дин учун,

Жамандыкка булгаба.

Туура динден чыгасый,

Адам Ата,Азага.

Шек келтирип коесуй,

Тоосулбаган макалым,

Өлмөйүнчө түгөнбес,

Жомок менен казалым.

Сүйлө тилим зар заман,

Желиккенде мен өзүм,

Жел кайыптан сөз табам.

Кубаныч кылар сөзүмдү,

Кулак салып байкаган.

Акыр дүйнө заманды

Айтып келем сөз кылып,

Нечен дуркун адамды.

Акыл сөздү туткаган,

Дини катуу жаманды.

Ал сыяктуу адамдын,

Ыйманы жок караңгы.

Кулак салсаң акылга,

Куулук кылба бакырга.

Убал кылып жанына,

Убадаңды качырба.

Колуңуздан келбесе,

Болбос ишке асылба.

Анык адам болсоңуз,

Конок келсе жашынба.

x x x

Зар заманым ар кимге,
Бейли менен укпандай.
Сайрап берсем алдына,
Кулагына жукпандай.
Байкап турсаң түздүгү,
Машинеден чыкпандай.
Кызыл тилим сайраса,
Кыргый сабап учкандай.
Жомок сөзү дарыя,
Кеме салса толгонбой,
Айта берсе кемибес,
Кашык менен сузгандай.
Бу заманды ойлодум,
Илгеркинин ирээтин,
Көзүм менен көрбөдүм.
Карыялар кеп айтат
Калпы чынын билбедим.
Казак,кыргыз кармашып,
Канча олжо үлөшүп,
Калмак менен калчаны,
Чабып алган бирлешип.
Кантип жылкы алганын,
Карыялар кеп айтат,
Илгеркининадамын,
Атасындай урматтап,
Аксакалдуу карыны,

Эмдигинин адамы,
Уяты жок залымы.
Ата-энеге баш бербейт,
Акылы жок бадиги.
Ар тутундөн жыйылган,
Алык салык чыгымы.
Кызын сатып кутулат,
Жарды кедей чабиры.
Бейли кетти түгөнүп,
Бу замана тарыды.
Жаш болсо да бечара,
Убайымдан карыды.
Байкап турсаң илгери,
Бий,болушту билбеди.
Акча салык бизлердей
Алык салык бербеди.
Көбү качып багынбай,
Орус жүзүн көрбөдү.
Кармап алып маймылды,
Дарга тартып жай кылды.
Кокондуктун кандары,
Тактысынан айрылды.
Эр Тайлактын Осмону,
Качып барып Кашкарга,
Канча жылда кайрылды.
Кан Ормондун баласы,
Үметалы Чаргынды,

Кашкар барып келген соң,
Кадырынан тайгылды.
Кайдан билер бу капыр,
Казак,кыргыз затыңды.
Кагаздап алды билдиңби,
Катын бала жайбыңды.
Салдат алат бир кезде,
Кармап алып жармыңды.
Эсептеди көрдүңбү,
Эгиз менен жалкыңы.
Баарын айтып бердимби,
Бу капырдын мүнөзү,
Бузулганын көрдүңбү.
Бир кудайдын таласын,
Меники деп кагаздап,
Жапан чыккан кыгачын.
Баарын сатып аласың,
Кантип оокат кыласың.
Илбесинди коруду,
Кушту кайда саласың.
Жылдан жылга салык деп,
Закун баштап түгөнгүр,
Замананы тарытып,
Истамбулдан беркини
Алды барын багынтып.
Кудай урган бачагар,
Кызылбашты кырганы.

Терсе жуут үндүнү,
Баарын жуда алганы.
Абалкыдан акыры,
Айтып келем сөз кылып,
Мусулманды капырды.
Сөзүм аты зар заман,
Ак кагазга жазылды.
Аманат жан кетерде,
Ажал өлүм жакынды.
Бойкой менен абайла,
Бу замана такылды.
Өзүң жеке жебейсиң,
Тапкан кара жатыңды.
Зар заманым агайын,
Насиятка бара бар,
Угар болсоң айтайын,
Ини менен агалар.
Акылы жок кээ киши,
Өлгөндөрүн табалар.
Анык жоомарт азамат,
Карыптарга кайрылар.
Акыретте жоомарттын,
Эки жүзү агарар.
Эске токтоо азамат,
Өз акылын чамалар.
Жоон өпке жоода жок,
Мыктысының чычалар.

Бой котеруп сыланар.

Кудай алсын андайды,

Ошентип журуп кур калар.

x x x

Жакшы болмок канчалык,

Жакшы болгон адамга,

Кудай берер бак салып.

Арбак конуп кетпеген,

Журген менен мактанып.

Арзан болсо жакшылык,

Ар ким озу корсунбей,

Жакшы чыгып алдасын,

Озунон озу сактанып.

Ирыскы насип алдадан,

Он сегиз миң ааламды,

Кудай озу жараткан.

Суйгон кулу болобу,

Анык асыл заададан.

Олуя чалыш бендеси,

Жаман ишке барбаган.

Оз малынан башкага,

Асты конул салбаган.

Ар бендеге ыйманды,

Кудай насип кылганды.

Эштуу болсо озуне,

Эр жигиттин кубаны.

Козум жетип ар ишке,

Көңүлүндө ташкандай,
Буурганың бүтүрсө,
Ичин жылып турганы.
Эл жакшысы калайык
Кадимки кара каргадай,
Кадырлабай сүйлөгөн,
Карыларын ылгабай,
Байлар малын бакканы,
Өкет бербей сараңы,
Ырыскысын булгаган,
Алал багып жей албай.
Чуркураган акылсыз,
Өз колунан келалбай,
Кайбат кылат жакшыны,
Акыл айла табалбай.
Момунсуган байлары,
Коркконунан кеп кылат,
Жакшыларга байданы.
Пайда кылмак кайдагы,
Ким да болсо нар жагы.
Далай ишти кылгыдай,
Келер болсо дарманы.
Эмдигинин карысы,
Илгеркини жоктоду,
Ууру кылсаң киргени
Башың чыкпай ноктоого.
Жөрөлгөсү замандын,
Капыр алып эркинди.

Тушту жерге кылдыңыз,
Мал азайып тугенду,
Соодагердин тыйыны,
Боздоткону жардыны,
Болуштардын жыйыны.
Барган сайын оорлук,
Былтыргыдан быйылгы.
Эл жегени көп болду,
Калган айгак кубөсу.
Карып жетим какшанды,
Өмүрүнө унуткус,
Айыкпаган так салды.

x x x

Илгеркинин адамы,
Берекелуу убагы,
Казак, кыргыз өзүнчө,
Өзубектин сурагы.
Бадыштасы алардын
Кокондуктун манабы.
Орус колун байлаган,
Эмдигинин заманы,
Болуштукту талашкан,
Элдин эки тарабы.
Жанжал болуп чыр чыкса,
Журтка тиер зыяны.
Талаш кылса болушту,
Эки кылар урушту.

Заманանын дартынан,
Далай адам өлүштү.
Байда табам дегендер,
Көп зыяндын көрүштү.
Караңгы элди чайкаган,
Айласы бузук орустун,
Чала болот кыргызга,
Кор болгон өзү оруска.
Жамандык чыкса карашып,
Өзүнчө салбай калыска.
Өрөгишип тил албай,
Өзгө барат арызга.
Айгак болуп жүгүрүп,
Жетип барат алыска.
Адамдын билбей күнөсүн,
Билсе кимди аясын,
Дини башка болгонсоң,
Өлгөнгө кайдан карасын.
Күнө түшсө мойнуна,
Адамдын койбос оюна.
Санына салып кишенди,
Сибердин айдайт колуна.
Иш өткөн соң байда жок,
Сураса бербес колуна.
Орустан көрбө кинени,
Кыргыздын курсун тилеги.
Көөм деп жатып курулду,

Бир бирине купону.
Казак,кыргыз бусулса,
Орус кайды билеби,
Орустун ичи кен экен,
Эс менен журген эл экен.
Казак менен кыргызды,
Сурак кылар ал экен.
Алдабаган ар кимди,
Убадага тон экен.
Угуп турсам ар кимден,
Кумурскадан коп экен.
Улуктары кобунчо,
Акыга дыйкан кен экен.
Акыйкын тартып ар кимдин,
Адет урпун ченеген,
Кобунде бар адилдик,
Жардынын жайын караган.
Жакшы менен жаманды,
Жалпы бирдей санаган.
Улуктары баракор,
Аябай журтту талаган.
Акча десе токтобой,
Тушо калат салаадан.
Ошондо да орустун,
Азоолок экен чыгымы.
Акыга туура кылыгы.
Туготуп койду элинди,
Кыргыздын чыгым ырымын.

Өзүңдүн жакшы болушуң,
Көтирип жатат шайыңды.
Кеңиң соруп сүлүктөй,
Соруп жатат майыңды.
Орустун далай улугу,
Кылат экен кайырды.
Кыргыздын болуш манабы,
Маңдайга бүткөн бир мыйың,
Жалгызыңдан айырды.
Айта берет зар заман,
Айып дебе шайырды.
Орустун жана жазыгы,
Малайга берет акыны.
Бадышалуу чиркиндин
Закүнге туура жатыгы.
Караса да жериңди,
Арзан кылды эгинди.
Сураса кыргыз орусту,
Тердирет эле конузду.
Акы бербей аларга,
Салат эле жумушка,
Кылба куртум убайым,
Орусту берген кудайым.
Мусулманга каратба,
Деп тилегим сурайым.
Мусулмандан кан болсо,
Курутпайбы кудайым.

327 26/X-56г.



КЫЛЫЧТЫН БҮТКҮЛ ДЭЭРЛИК КАЛЫП КЕТКЕНИ

ЗАР ЗАМАН. Инв номер 327.

II. Белек.

МОЛДО КЫЛЫЧ

КЫСКАЧА ТАРЫХЫ

Тундук кыргызында Тагай насилинен Деелестун кенже уулу кадим манап тукумунан Темирдин балдары,Абайылданын баласынын баласы.Атактуу Терекелдинин бир ата тууган Шамыркандан 1875 жылында /доңуз жылы/ Кочкордо туулуп атын Кылыч койгон. Кичине чагында кыргызча окуп,1892-1893 жылдар чамасында ыр-ылаң жазышка абыдан ниети-зенин коп, ашта-тойдо ырдаштан токтолуп намыздаңган, абалы ырды жазып, анансоң элге окуп берген, комузга салып айтууну абалында дет кылып,кийин комуз-домбура менен айтуу акундукка токтоолдук келтирет экен деп домборасыз айтууга адеттенген. Манап насилинен болсо да эл бийлеп калк ишине катышууга кеңул бербеген. Эте жарды болуп азыноолок дыйканчылык менен оокаттанган. Эртели кеч суу бойлоп басып таза жерге олтуруп,ар турлуу есумдукту байкап керуп, айланасындагы табийгаттан тажрыйба алып, курт-кумурска, канаттуулардын алдуу. алсыздарын текшерип анан елең кылып жазган. 1917 жылында 42 жашында каза болгон. Кабыры туулган жери Кочкордо.

Бети кызылдуу, сепкили жок, жузу абыдан толук, тегерек чоң кара көздүү, орто бойлуу семиз, чоңураак кара мурут, ээгинде кичине чокчо кара сакалы болуп, жаактарына сакал чыкпаган, кийимди өтө таза кийип, денин таза тутуп, диндер болгон. Өмүрүндө көп кыссалар жазып, алардын бир канчасы элге жайылган. Ар жазган кыссасын арттырбастан, кемитпестен жана да бай-манап, улукка кошомат кылбастан алардан жана да айтууда дүнүйө талап кылбастан тууралык менен жазган.

Мен 1913 жылы сибрал айында Атбашы, Нарындан келе жатып Кара коодо Кылычка жолугуп 4-5 күн бирге жүрүп калдым. Буруп 1911 жылында, Көкүр жайлоодо көрүп тааныштым эле, бул сапарда алып жүргөн кыссаларынан төмөнкүлөрдү көчүрүп алдым. Чаканымдан карындаш менен жазып, Кеминде үйүмө барганда көчүрдүм. Кылычтын айтуунда, эң биринчи тырмак алды жазганы:

1. Арман кыз, кыз жигит- деди, 190 жол
2. Зар заман 1950 - " -
3. Канаттуу 480 - "-
4. Бүркүт тою, манаптын элди кыйнап чыгым алып той бергени. 260 жол
5. Чүй өзөнү /Чүйгө жолоочулап келип жазган/ 680 жол
6. Жинди суу /1911 жылында Кеминге жолочулап келип жазган/. 300 жол
7. Алдамчы /Токмокко келип жазган/ 240 жол
8. Зилзила - 1911 жыл 480 жол
9. Санат Табылбады
10. Кочкор ата. Табылбады

11. Керметоо -Алатоо / 1912 жылында Жумгалда кудасына барып келип жазган 700 жол.

12. Манап букара деп бир кисса жазган. Табылбады.

13. Кийин 1916 жылдагы кыргыз котерулушун жазып, аягына чыга электе каза тапкан.

Мен Белек Кылычтын айтканы:

Мен китептерден окудум, казак,кыргыздын акундарынын айтканын дагы көп уктум, бирок булардын барысынан ашыгы казактан Экей Суйумбай, кыргыздан Арстанбек деди.

Белектин байкоо:

Кылычтын башка акундардан артыкчылыгынын бири, эч убакта ырды чорнабайлап жазбаган, ойлобостон,анчалык такалбастан бир жазып кеткенин кайта текшерип ойлобостон майданга салган, ырдын уйкаштыгына өтө назар салбастан, сөздун теренин алып жазган.Маселен, зилзиланы 1910 жылында биздин эл /Кемин/ге келип жазганда көчүрүп алдым эле, кийин басмадан чыкканда эч бир өзгөртулбөгөн.

Белек.

# ЗАРЗАМАН

Молдо Кылыч мен атым,
Болжолу жок санатым.
Айта берсем сабагын,
Ак шумкардай канатым.
Окуп керген молдолор
Өчуре кер калатын.
Жакшы окуп карасаң
Оюңдагы сезуңдун
Баарын мындан табасың.
Мен айтайын сонунду
Чыгар сезум орундуу,
Жигит болсоң абайла,
Убал кылба жаныңа,
Тавалагын колуңду.
Тарта жургун колуңду.
Жаман адам курусун,
Доо чыгарып бир жерден
Милдет кылат жумушун.
Жакшыларды карасаң,
Кылганынын доосу жок,
Сыр билгизбейт тымызын.
Мен суйлейун канчаны,
Казак,кыргыз канчаны.
Калайыкка эринбей
Кетти канча далай сез.

Кара көзгө көрүнбөй.
Акындардын абазы,
Домбуранын үнүндөй
Жарашыктуу зар заман,
Тоту куштун жүнүндөй
Бар келишкен борумy,
Кызыл кымкап күлүндөй.
Кандай салса жарашар,
Калың килем түрүндөй,
Түшүп турат кубулуп,
Ак теректин бүрүндөй.
Көчүп турат токтобой,
Кирекечтин жүгүндөй.
Кызыкканда жакшы сөз,
Кызыгышкан оюндай.
Айдап келем көп сөздү,
Кербенчинин коюндай.
Тилим шыдыр түздүгү
Жыш карагай жолундай.
Баары жогу тийимдүү,
Барденкенин огундай.
Мааны билбес эсерге,
Башка тийген соодай
Тегеретер көңүлдү,
Тегирмендин суусундай,
Акылы бар адамга,

Тынч олтурган орундай,
Тили куйрук акындар
Сезу сайдын ташындай.
Кенендигин карасаң,
Кең Кочкордун сазындай.
Зар заманды карасаң
Даамы таттуу казыдай.
Уч болбосо ширеси,
Чекендинин ашындай.
Кулагына жугумдуу,
Көк темирдин датындай.
Асан кайгы жигиттер,
Эри өлгөн катындай.
Зардеси бар боз бала
Саяпкердин атындай.
Зардеси жок боз балдар,
Үйдөн чыкпас катындай.
Бейли тардын куну жок,
Байда болсо жакырдай.
Касиеттуу молдолор,
Кагнсы кеп бакырдай.
Бузулганды түзөгөн
Жоо качырган баатырдай.
Кыйшык сездуу жигиттер
Кыянаттуу каарлдай.
Кылыгы жакшы боз бала
Буюу кымбат асылдай.
Зекети жок малыңыз,

Эшек менен качырдай.
Ишеничтүү жигиттер
Ат байлаган акырдай.
Жыты жакшы атырдай.
Дөөлөтү бар жигиттер,
Дөбөдөгү чатырдай.
Кайырдуу болсо элине
Гүлдөп турган чарбактай.
Кайыры жок бай болсо,
Кабырдагы арбактай.
Малым бар деп кубанса,
Беш намазды билбесе,
Кайыр зекет бербесе,
Дин билбеген калмактай.

Мен сүйлөйүн канчаны,
Казак,кыргыз канчаны,
Дин мусулман ногой,сарт,
Мусулмандан таркады.
Бу замандын адамы
Бейли дилин айтады.
Бейли жаман адамдар,
Өз напсине тартады.
Абайласаң жигиттер,
Ата-энең мекедей
Абыдан кыштан бага көр,
Колуңдагы кеседей.

Сийлашпасаҥ бир тууган
Он да болсо жекедей.
Кеп суйлеген маҥгилер
Кузгу кирген текедей.
Жаман болсо катынның
Ичтен жеген митедей.
Кутулууга коҥулу бар,
Караҥгы тун кечедей.
Тил албаган балаҥыз,
Бел ашпаган арыктай.
Кетем десеҥ айла жок,
Каралайсыҥ куресуҥ,
Оору баккан табыптай.
Угуп турсаҥ бул сөзум
Жалганы жок аныктай.
Изаты бар боз бала,
Куйуп турган чырактай.
Изаты жок боз балдар,
Катып калган чарыктай.
Кеҥ бейилдуу жигиттер
Сары өзен кайыктай.
Дунуйе кор адамдар,
Мал табышка талыкбай.
Жаман айткан суук сөз
Коҥулуне салыктай.
Жакшы айткан сулуу сөз
Өптелишкен калыптай.

Жаман сөз калар так болуп,
Көкүрөккө айыкпай.
Жакшы сөз калат бат болуп,
Качан болсо унутпай.
Мен сүйлөйүн сиздерге,
Айдап үрөн чачкандай.
Канча айтсам чыдаган,
Кызыл тилим кызгандай.
Кара жаак талыкбай,
Кен-казына тапкандай.
Кызыл темир үстүнө,
Ура берсе чоюлбайт,
Дөшү менен баскандай.
Toктоосу жок жигиттер,
Жардан коен качкандай.
Тил албаса аныгы
Тим жүргөнү шашкандай.
Чочутушар жанынды,
Эликти жоо чапкандай.
Дүнүйө кор байларын,
Жеке дөөлөт тапкандай.
Карыз сураса зарыдан
Азир алып качкандай.
Жоксуз адам бар болсо
Кабылан жолборс,арстандай
Акылы жок март болсо

Караңгыда басқандай.
Кайры тийбей калган сөң,
Кур талаага чачкандай.
Жумшак айткан жылуу сөз
Кулагыңа мулайым,
Чигити жок бактадай.
Кабыл болсо ыйманың
Катып жүргөн акчадай.
Караңгы көр ичинде,
Айдап алган бакчадай.
Айта берсем сөзүм көп,
Үзүлбөгөн тасмадай.
Жакшы адамдын сөздөрү
Кагаздагы басмадай.
Сөз маанисин билбеген,
Жолу туюк аскадай.
Элге дайын жигиттер,
Кан алдында тактадай.
Кайда барса таанымал
Ат башында кашкадай.
Айткан сөзүм байкасаң,
Билимдүүнүн сөзүндөй.
Ийи майда ширеси,
Кашкарлыктынбөзүндөй
Алың келсе меке бар,
Сегиз бейиш төрүндөй.

Ажы болуп атансаң,
Алтындаган чениндей
Аралайсың бейишти,
Бу калгандын элиндей,
Жалпы журтка урматың,
Жаңы келген келиндей.
Куне кылбай туз журсең,
Таза жууган кириндей.

Алтыгыңдан ушур бер
Алал болуп жаларга
Кастык кылып жаныңды
Каалабагын залалга.
Алал дөөлөт малыңды,
Булгабагын арамга.
Тил байланар бир күнү,
Тиричиликке кубанга.
Көңүлүңдү алдатып,
Бул дүнүйөгө кубанба.
Малың болсо жигиттер
Кайыр зекет бергениң,
Ыйманыңдын канаты.
Ар жоруктан сөз кылган,
Молдо Кылыч санаты.
Алал жүргөн бенденин,
Жайы болор жаннаты.
Жүгүргөндө ачылар,

Чапкан күлүк турасы.
Түндө короо күзөткөн,
Казак,кыргыз адети,
Саксакайлап кыйкырган,
Кыз келиндин адети.
Кыйла сөздү чыгардым
Кыргыз,казак алачтан
Көрөңгөлүү сабасы.
Идиштери чаначтан.
Аяк,табак,кашыгы
Кырып алган жыгачтан.
Асван казан,тулгасы
Ичип адет кылганы
Арпа,буудай жармасы.
Нагертеден сөзүмдүн
Алып турган кыйласы.
Байыркынын боруму,
Айтып турса ушундай
Бутумунун оруну.
Чыбык кыркып шерт кылган,
Кан бийинин сонуну.
Жан бергенди билбеген,
Жакшысынын тунугу.
Байыркынын макалы,
Өтүктөрү такалуу
Бөйрөмчөсү бир тутам,
Кийимдери жакалуу.

Байыркынын үркүнү,
Көчүп жүргөн күн-түнү.
Алтын, күмүш абайы,
Кыз-келиндин үртүгү.
Кыз-келиндин кийгени,
Кызыл жибек кырмызы,
Эмдигини карачы,
Орус алып тургашын
Түштү жерге жылдызы.
Байыркынын кийгени,
Көчүгүндө чалбары.
Балактатып кең кылган
Багалеги саймалуу.
Байыркынын эрени
Кайдан көрдүң эрендер
Калдайтып жайган серени.
Эмдигини карачы,
Ырыскысын чеңеди.
Унутту иоктоо жезени.
Бээ байлап кымызды
Кана кимге бергени.
Байыркыдай улушту,
Кана элиң жегени.
Конок берет көкүйлап,
Эң биринчи дегени.
Жайы кышы жүгүрөт
Соодагердин тыйыны.

Былтыркыдан бу жылы
Заманаными кыйыны.
Боздотуп жатат карыбын,
Болуш,бийдин чыгымы.
Жайы кышы бир алат
Оокатынын жарымын.
Ар бир турлуу адамдын,
Артында бар деп залалы.
Өз ишинди өзуң бил,
Ойлоп кергун чаманы.
Башка салар балааны.
Көзду жумуп ойлосоң,
Күйктуруп санатар,
Куру бекер далааны.
Акты менен караны
Жан күерге карабай
Жакшы жеди бараны.
Жалган ишти чын кылат,
Закунуна туурала,
Кылар болсо жалаңы.
Башта кубе болбосо,
Кылган ишиң тангањы.
Акылы бар боз баидар
Алал ишке көз салар.
Акылсызга убал жок
Сөз сураса үндөбө.
Текебердуу адамды

Үйге кирсе тилдебе.
Ууру кылба тегеле,
Бажың кирер ноктоого.
Кылбаныӊ түзегүн,
Ага-ыны жакынга.
Бу кылыкты кылбасаӊ,
Бейлиӊди кеӊ салбасаӊ,
Өз бажыӊа келгенде
Убадага турбасаӊ,
Анты нертти ойлобой,
Ата-өнеӊди булгабаӊ
Кайдан жакшы болосуӊ,
Кайбат сөзду тыӊдасаӊ,

Салабаттуу зар заман
Зарлаң өтту куу-заман,
Канча зарлаӊ айтсамда
Оӊолбоду бул заман.
Суйлегенум зар заман
Сайраганым ар заман.
Барган сайын таӊыган,
Тыӊдасаӊыз айтамын.
Тилим жуйрук булбулдай,
Сарын бузук молдолор,
Айталбаган чулдуудай.
Кайраты бар жигиттер
Кара болот чынкырдай.

Болот калем колумда
Ок жыландын тилиндей.
Ак кегазым карала,
Ителгинин жунундей,
Колумдагы каламым,
Ак барандын тузундей.
Зар заманды байкасаң,
Жайдын салкын кунундей.
Кайраты бар жигиттер
Кабылан,жолборс сурундей.
Кайраты жок жигиттер
Чаап койсо тогулет,
Мендумана бурундей.
Айнубаган жигиттер
Ак албарстын мизиндей.
Кылган иши таптаза
Машийненин ишиндей.
Кайда барса сүйумдуу
Касиеттуу кишидей.
Суйло десең суйлойун,
Кар жаагандай тогейун.
Улам алдын жаңылап,
Оюн салып берейин.
Ар жоруктун башынан,
Баян кылып керейун.
Армандан соз айтып
Айдарымга кирейин.
Болжол кылып байкасам,

Бокмда кеп кунеум.
Ьуйрукcуз кеп айтпы,
Азирети кызыр байгамбар
Напси ырыскы эзеи.
Жакшы жанга туш болор,
Алал курсе мунезу.
Бир аллада айып жок,
Адамдын кеп кунесу.
Мазары бар башында,
Кочкор ата дебесу,
Алты келме беш намаз
Иймандын кубесу.
Кайраты бар сопулар
Кара темир чокндай,
Кайраты жок кам сопу,
Ит мулжуген мокндай.
Алал журген сопунун
Ырыскисы канчалык,
Кудай эзу жеткизер.
Кызыл алтын кениндей.
Кылган иши таптаза,
Ушур берген эгиндей.
Арбаги чоң жакшылар,
Миң кишинин демиңдей.
Эл журтуна аркасы,
Аскар тоонун бединдей.

Ага-иниге байдасы
Тийбей калбайт тегиндей.
Айткан сөзү кишиге,
Табыптардын эминдей.
Дөөлөтү бар жакшылар,
Кирчиги көп өзөндөй.
Дөөлөтү бар билимсиз
Өл жышпаган кезендей.
Акылы бар карылар
Айткан сөзү мөөсөндөй.
Касиеттүү кишилер,
Керемettүү эшендей.
Убадалуу эр жигит
Көл көтөргүс кишендей.
Убадасы жок жигит
Басалбаган бечелдей.
Акылы бар карылар,
Айткан сөзү нускадай.
Колунда жок эр жигит,
Жетишпеген кыскадай.
Акылы бар, малы жок,
Асбабы бар устадай.
Сыйлашпаган бир тууган
Атасы жат башкадай.
Жинди кыял бей намаз,
Жер казтарган чочкодой.
Кара көңүл таш кулак

Карматышган азоодой,
Ага-иниң көп болсо,
Асабалуу жасоодой.
Өзү акыл билбеген,
Айткан сөзге кирбеген,
Тил билбеген макоодой.
Таалим алган устатың,
Кол тапшырган пириңдей.
Касиеттүү молдолор,
Истамбулдун дининдей.
Айткан сөзү шарият,
Арап парси тилиндей.
Тил билгилүү боз балдар,
Оозу элпек коштоодой.
Сарамжалдуу жигиттер,
Жегип койгон боштодой.
Кайраты чоң жигиттер
Калалуу корган чарбактай.
Ага иниси көп болсо,
Токуп койгон буурактай.
Карап турсаң боруму,
Казак орус салдаттай.
Ынтымагы бар болсо,
Базары курган чарбактай.
Тил алышып турушса,
Бузулбаган каймактай.
Ынтымагы жок болсо,
Жетишпеген арактай.

Кыйкп кетер бир бирин,
Кыргыз,китай,калмактай.
Айлын бузган жигиттер,
Уй качырган сайгактай.
Токтоосу жок жигиттер,
Оюн салган тайлактай.
Сез бербеген жее чечен,
Учуп журген камгактай.
Пайдасы жок чечениң,
Чеп чыкпаган кургактай.
Ыймансыздын кезуне
Жалган дуйне жаннаттай.
Бир уйренген адатың,
Жамгыр баскан кек даттай.
Жууган менен агарбас,
Боеп койгон жаргактай.
Айткан сезум тараза,
Алды кийни салмактай.
Ыйманыңды коготор,
Артыңызды ойлотпой.
Абайласаң жигиттер,
Акын эмес бакырмын,
Элге эрмек болсун деп,
Болбос ишке асылдым.
Кепке жаман корунуп,
Кеп кунеену чакырдым.
Бендечилик курусун,

Билинбеген күнөйүм.

Жалбарганым бир кудай,
Караткуучу бир өзү.
Айтып турган сөзүмдүн
Кагаз болсун күбөсү.
Он сегиз миң ааламды
Сактап турган ээси.
Бала менен мал күтмөк,
Бу дүйнөнүн бактысы.
Бу жалганга карабас
Жигиттердин жакшысы.
Байкасаңыз бөк намаз
Ийманымдын ачкычы.
Өлө туган болгон соң,
Иймандан жок жакшысы.
Сөз байкаган жигитер,
Сөзгө жетер кубаты.
Асман менен кайкыган,
Учкан куштун канаты.
Мен күрөмүн жубаныш,
Акындыкка кубаныш,
Акын өлбөй тургансып,
Өлбөс болсо Арстанбек
Жүрбөс беле түбөлүк.
Акындыгым ончодур,
Ойлобогон мен карып.
Курт кумурска канаттуу,

Мен айтайын санатты.
Кутулбассиз сөзүмден,
Куюлуңуп санатым.
Чыга берет ичимден,
Кудуреттин бергени.
Сурабадым кишиден,
Айың ачың сүйлөдүм,
Көп адамдын ичинен.
Айланайын кудайым,
Кечер бекен күнөйүм,
Мен сыяктуу итинин.
Тегеренип айланар,
Абадагы жетиген
Күндүз кетип түн болор,
Күндүн жарык бетинен
Жакук-макук жай алды,
Бу дүйнөнүн четинен.
Бу дүйнөнүн белгиси,
Ай менен күн жылдызы,
Жети асмандан кара жер,
Жаркыраган күндүзү.
Адам Ата Аба эне
Ошондон бери белгиси.
Өлүп келет ылайы
Нечен түмөн миң киши.
Пайгамбарлар баары өлдү,

Бадышалар кан елду,
Нечен азиз бенделер,
Бу жалгандан кенелду.
Тобо кылсаң еткерер,
Тоодой кылган күнеңду.
Байкасаңыз айтамын,
Акыр заман бу элди.
Илгеркинин адамы,
Кеп жашады емурду.
Кудай билет эмдиги,
Узун емур керерду.
Акыл дайра билгенге,
Бу жалган жок [illegible] елгенге.
Чыгымдансаң себеп жок,
Чындап ажал келгенде.
Кармалыгың жарабас,
Кадыр деелет бергенге.
Молдо болсоң муну бил,
Кулагыңа киргенге.
Колдон келсе ырабат,
Коргон салгын бир жерге.
Мына казал, бу казал,
Бу сезуме кулак сал.
Аңдасаңыз чыга бейм
Айта берсем ар макал.
Жакшы чыкпас абазым,
Домбурадай заңкылдап

Катуу чыкпас анчалык,
Кашкарлыктай качкылдап,
Акын болсо жигиттер,
Сөз чыгарар армекке,
Аваар кылса бир жерге
Эл чогулар кермекке.
Көп кармаса чогулуп,
Айтсам керек өрнөккө.
Көптүн кылган дубасы,
Кабыл болор деген бар,
Кудай ыйман бергин деп,
Тилей көргүн жигиттер.
Ар маанидан сөз айтып
Аяк башын кертейин.
Колумдагы домбурам,
Көп убакка миптейин.
Ыйманыма жардам бер,
Ыймам Асан,Усейун.

Таңга жакын болгондо,
Булбул сайрар аваага,
Туш-тушунун баарысы
Тескe тартар кудаага.
Учуп жүргөн канаттуу
Уруп таштар уяга.
Чай куярга ылайык,
Чыны кесе ыяла.

Китеп билген молдого,
Жакшы курмек краба.
Ар кишиде бир акыл,
Өз билгенин береби.
Келиштирип сүйлесом,
Келер сөзум орундуу.
Меке дилде Медийне
Пайгамбардан бурунку,
Адам Ата,Ава эне,
Ар жандардан абалкы,
Жебирейил бериште
Пайгамбарга кабарчы.
Бу дүнүйө жалганчы,
Акылсыздын кубанчы.
Жараткан жалгыз кудайым
Жаным курбан кылайын.
Азан кыла кербегун,
Айланайын ылайым.

Буйрук жетип күн бүтсө,
Учуп кетер чымындай,
Денеп калар суналып,
Буту,колуң жыйылбай.
Тирүүликте коркуңуз,
Ак сарайдын сырындай,
Өлгөндөн соң коркуңуз,
Кереги жок тыйындай.

Зар заманды байкасаң,

Башка сөздүн жанында,
Жети сомдук буудай.
Карыганда ким болсо,
Көркөмү жок бакадай,
Кара көңүл,дем кыял,
Тим жүргөнү кападай.
Байбиченин жакшысы,
Ийи майда матадай.
Бейли жакшы кең болсо,
Майы калың учадай.
Кудай берген кишилер,
Ыйру өскөн букадай.
Уулу,кызы көп болсо,
Улук салган сукадай.
Зар заманым сайраган,
Сөзүн адам кармагай.
Дин мусулман бендеси,
Тобосунан жанбагай.
Жаман айткан суук сөз,
Сөөккө баскан тамгадай.
Эси кеткен капалык,
Эски оору талмадай.
Акылга мол азамат,
Дарс окуган молдодой.
Таалим алсаң сөзүмдөн,
Тамырың берген олкодой.

Кайыры кең байларың,
Карагайлуу жайыктай.
Ырыскызы тегулуп,
Ыжык турган алмадай.
Кызыкканда кызык сөз,
Кызыл алтын мыскалдай.
Кыз-келиндиң жаманы,
Үй булдурген чычкандай.
Жакшы катын белгизи,
Кыйган ашын кызганбай,
Сыр билгизбей турганы.
Мүнезинен козголбой,
Келиндердиң жакшызы,
Кездемениң жибиндей.
Боруму туз мулайым,
Булгарының ийиндей.
Өзү жаман бош болсо,
Оңун жетер чырайы,
Эч өнөрү билинбей.
Кызыл жардың тигиндей.
Кыз балдардың жакшызы,
Күзгүзү бар айнектей,
Жакшы кийим карашар,
Жашыл мойын өрдектей.
Карап турзаң боруму,
Таза жууган кейнектей.
Кетпей турат далай жан,

Кукук менен Сейнектей.
Корку жакшы кыз бала
Кол бойнда кырчындай.
Ьулу кымбат канчалык,
Ак албарстын курчундай.
Бар келишкен боруму,
Булгарынын мурчундай.
Жаман кыздын белгиси,
Ушак айтат жомоктой.
Үй булесун жудетет,
Жазгы конгон коноктой.
Кемпирлердин жакшысы,
Кимге болсо энедей,
Кемпирлердин жаманы,
Башка келген балаадай.
Акылы кең жакшылар,
Улук коргон калаадай.
Акылсыз акмак тентиктер,
Үйренбеген танадай.
Ажы барган адамдар,
Пайгамбардын туусундай.
Башындагы селдеси,
Исык колдун куусундай.
Мектептеги балалар,
Желедеги кулундай.
Бейли жакшы молдолор,
Бетегелуу булуңдай.

29.

Кызыктыгы баланын,
Кыз болсо да уулдай.
Каврмандуу жакшылар
Ьороону кеп кышкыдай.
Жамандардын баарысы,
Эси чыгып чычкыдай.
Жандын баарын коркутуп,
Кудайлатып кыскыдай.
Жакшы болсо боз бала,
Чагылгандын огундай.
Топ ичинде сакалдуу,
Тоого чыккан арпадай.
Куму кеткен байларың,
Энчиси жок маркадай.
Кезүң жетсе баарыга
Кеонуң жарык кузгудей.
Ийман берсе кудайым
Эзинизге тушкудей.
Кош кыялдуу кишилер
Кой ичинде эчкидей.
Айткан сезге турбаган,
Чыдамы жок эскидей.
Чычкылуу болсо боз бала,
Чычкан алган мышыктай.
Чыдамы болсо ар ишке
Кепке жагат кыйшыктай.
Жакшы болсо боз бала,
Жайлоодогу жазыктай.

Иненимдуу жигиттер,
Ат байлаган казыктай.
Акылсыз акмак сараң бай,
Жакшыларга азыктай.
Ал кыяьын койбосо,
Диниден чыгып кеткидей.
Катындардын жаманы,
Карды тойсо кепкудей,
Өзү билсе кокустан,
Эрин кетке тепкидей.
Эптуусунген адамдар,
Өзү байып кеткидей.
Ичбей жебей байлыкка
Өзь менен жеткидей.
Кудай өзү бербесе,
Ким кысыныы куткудей.
Кудай өзү бергенди,
Чачса дагы өткудей.
Кейин калса дуйнөну,
Мал кербеген жигттер,
Керушуп жатып өпкудей.
Тобоң кабыл болот ко,
Тобо кел десең теңирге,
Кысынгандын эби бар,
Журтка жаман керунбө.
Адал багып куту же
Беш намазга эринбө.

Убал кылып акыры,
Уул менен келинге,
Ьагыш журуп байдасын,
Эч кердедук дедирбе.
Куда кутуп,дос карма,
Кур талаага семирбе.
Болбос ишке асылып,
Ьекер куру теминбе.
Зар заманым ушундай,
Залал айтсам тил албе.
Урганыңда булендун,
Асты эсин чыгарба.
Олмейунче тиштешип,
Кайратыңдан айрылба.
Олбес бурун агайын
Кутунучер буларга.

Ьайкасачы дуйнону,
Ьаяны жок тубунде.
Канча жакын керсең да
Аяны жок бир кунде.
Башындагы мээңиз
Тамырлары женунде.
Бир аллага муңу бар,
Булбул торгой унунде.
Сегиз бейиш белгиси,
Тотукуштун кунунде.

Жети дозок белгиси,
Кара жылан турунде.
Болду шайтан ошну,
Бозокордун уйунде.
Кесир айткан бенденин,
Текебери тилинде.
Намаз журбейт окуса,
Арам болгон кийимде.
Жети кат жер бериси
Бир бериште колунда.
Он сегиз миң аалам,
Көк огуздун жонунда.
Көк кочкордун белгиси,
Шор дарыя суусунда.
Исмайылдын курбаны,
"Мина"деген орунда.
Ар балакет кучеду,
Акыр заман доорунда.
Мусулмандын сурагы,
Жаңз кашыр колунда.

Даги болсо жигиттер,
Жакшылыктан тилейли,
Тобо кылсам кудайым,
Кечер бекен кунөну.
Кудай билет өлумду,
Кара жерге кар жааса,

Жердин күзү агарды,
Кандай кылып барарды
Байда кылар аштыкка,
Күзгү жылуу шамалы,
Кандай болсо жылганы
Орус капыр амалды.
Ар жарагы шаймандуу,
Өлөң айтып жарылдап,
Орустардын көйрөңү.
Кызыл бешмант кынама
Дин билбеген айбаны.
Сураса кыргыз орусту,
Төрдирет эле коңузду.
Кудайдан коркуп койбосо,
Колунан алар доңузду.
Өкүмдук кылбайт бирине,
Колумдан келип турат деп,
Зордук кылбайт динине.
Эмне десе кыргыздын,
Ишенип калат тилине.
Шоодураган салдаты,
Бопуростун канжасы.
Карап турса капырдын
Кыйын экен калбасы.
Дини бузук чочконун,
Мал жоголсо төлөтүп,
Элден алат акчаны.
Шариятта кошподу,

Бир кудайды таанбай,
Ою менен олтурат,
Кулун,тайы дененде́й,
Атын керчу дубалдай,
Адам айрып таанбыс,
Кызын керчу жубандай.
Кинамалуу бейрегу,
Чубалжыган кейнегу.
Чурулдап элен айткандa,
Бавриснинн кейрежу.
Бели тутам айбалы,
Жети кунде майрамы,
Тил билбеген кайдагы
Акыретке барганда,
Анда кербейт байданы.
Бу кашырдын мунезу,
Канча калык баш экен,
Жандыраалы кинези,
Арабасы,чанасы,
Жаштан мурдун кезетет,
Жалгыз сийир баласы.
Мал багышы кашырдын,
Конгуроосу чакырды.
Кердин жузун кашырды,
Тил билбеген кашырды.
Карыялар месели,
Кепке жуйрук чечени.

Меселдетип кеп айтат,
Ылгеркиден нечени.
Кылкы тийип,үй чапкан,
Байыркынын кезеги.
Жалган айтып алмакка,
Эмдигинин кесеби.
Айтып турса билбеген,
Айт адис китепти.
Ылгеркиден нусканы,
Эч бир адам тутпады.
Ойлосонуз акыры,
Оюн кулку токтоду.
Жолду билген жообозго,
Жоо качырган шаабозго.
Найзалары уч кулач,
Темир сайган кыгачка.
Ылгеркилер бир боруп,
Эрки менен болгону,
Жер коруштү билбеген,
Довлетунун кен мошу.
Ылгеркилер ернегун,
Эситемин абайлап,
Ушулардын болжолу,
Абалкыдан акырга,
Алыскыдан жакынга,
Айта берем сез кылып,
Мусулмандан каырга.

Сөзүм аты зар заман,
Ак кагазга жазылган.
Аманат жан өтөрдө,
Ажал өлүм жат кылган.
Болжол кылып карачы,
Бу заманан такылган.
Бу капырдын арбагы,
Журтка тиер зардабы.
Ыйласада кетпеди,
Мусулмандын арбагы.
Арбып барат жылына,
Кала салган чарбагы.
Кыргын кылып капырды,
Кана кудай алганы.
Калыйпа султан урумдан,
Кана тийген жардамы.
Теңгеден алды салыкты,
Каратты далай калыкты.
Коркунуч кылды колуна,
Дин мусулман шарыпты.
Белгилеп алды жеринди,
Жерине салды эгинди.
Тоотподу кебинди,
Абыдан кести демиңди.
Аралаш кылды оруска
Атаңдан калган чегинди.
Эмдиги заман бу болду,
Мусулманы кор болду.

Айталык акыр бетине,
Ача көр кудай он колду.
Оруска берди илимди,
Кыргыздан көрдук залимди,
Аманат багын курудук,
Жигиттер алалдан тапкан малынды.
Бу замандын жигиттер,
Бейлин болжоп карасак,
Береке журтка тарынды.
Колунан келген жакшылар,
Журтуна кылды жабырды.
Кыла берет баарына,
Агайын туугаң бооруна.
Кыныккан улук барага,
Жыгып салар дарага.
Старчын,бий,болушу
Орустан кийин жумушу.
Куруп калсын алардын
Арамдан тапкан ырысы.
Ар сонундар чыгат ко,
Акындардын артынан
Бечаралар зар ыйлайт,
Залымдардын зарынан.
Орозо намаз бузулду,
Молдокордун калынан.
Береке элден коголду,
Убадасыз антынан.
Акылы бар адамдар,

Шарыятты ойлоду,
Адырандаган жамандар,
Өз билгенин койбоду.
Арам дөөлөт байларың,
Малга көзү тойбоду.
Дили сараң наадандың,
Биремесин кыйбады.
Өлгөнүнүн этин жеп,
Колу менен сойбоду.
Бу замандын жакшысы,
Тили жүйрүк таттысы,
Үйгө жатпайт тынч алып,
Болбоду го жаткысы.
Кудай өзү оңдосун,
Бу замандын арткысын.
Уга турган сөздөрдү,
Угузарым керекти,
Түндүк кылса ылайык,
Кайың менен теректи.
Айткан сөздү байкаса,
Акылы бар жигитке,
Ар жерлерде керекти.
Баатыр болор атаныш,
Жоого кирген жүрөктүү.
Жапырак түшөр шоодурап,
Какса чынар теректи.
Курт ичинен чыгарып,

Кымкап кылды жибекти.
Даары бакса бал болот,

Көп кураса челекти.
Молдолугум кошумча,
Болот калам кармайын,
Өлү менен тирини,
Эп келтирип жамайын.
Эриккенде сөз кылып,
Элди журтту санаймын.
Абалында жалынып,
Жалбарамын кудаага.
Тири жүрсөм зар заман,
Сөзү кетер далайга.
Насиятым сүйлөдүм,
Акыл менен абайла.
Убадаңды кетирбей,
Үйүңдөгү малайга.
Айткан сөзүм түз бекен,
Бу сөзүмдү байкасаң,
Бир бирине кошулбас,
Бейли жаман кашырлар,
Беш намазды окубас.
Башка келген өлүмдөн,
Жан-жаныбар кутулбас.
Бейли жакшы жигиттер
Бересеге басынбас.
Бейли кеңге жолуксаң,

Берекечди качырбас.

Дунуйө кор байларың,
Тамагынан татырбас.
Жардам кылып жаныңа,
Жалгыз тутун кондурбас.
Ал өңденген байларың,
Жаанамдан кутулбас.
Дини катуу бенделер,
Мусулманга кошулбас.
Акын адам сүйлөйт ко,
Алды артын карабай,
Кете берет далай сөз,
Сайгак тийген танадай.
Кандай салса зыркырайт,
Карга салган чанадай.
Кызыктыгын карасаң-
Базары дүкөн калаадай.

Айтканымдын баягы,
Жерге тийбес аягы.
Молдолор алат колуна,
Болот калам сыяны.
Жакын көрбө жаманды,
Жакын көрсөң жаманды,
Бир күн тиер зыяны.
Таркабайт ко тирликте,
Бу жалгандын кумары.

Дал отузга келгенче,
Боз баланын убагы.
Алтымыш менен жетимиш,
Абышканын курагы.
Алда кандай болот дейм,
Караңгы көр ичинде,
Мункур-нанкир сурагы.
Айта берсе жигиттер,
Сөз табылар акынга.
Айткан менен түбүнө
Ким жетеди акылга.
Жоо беттешиң туралбас,
Сырын билген баатырга.
Жалынсаңда байда жок,
Ишиң түшсө кашырга.
Жалгыз малы алтыдай,
Байыбай жүрген жакырга.
Эси бар деп ишенбе,
Эрин кою катынга.
Молдо болсоң акыры,
Байкап жүргүн кагазга.
Байкап жүрсөң жигиттер,
Балдан болгун намазга.
Напсиңизди тыйсаңыз,
Напсиңизди тыйбасаң,
Бир каларсың уятка.
Уят болуп кыныгып,

Аманатты жоготпо,
Бар болсо да жигиттер,
Эптуусунун суратпа.
Кайраты бар жигиттер,
Адет кылгын намазга.
Бирөө букм сураса,
Калтырбаңыз заматка.
Кыжалат болуп келгенге,
Эби келсе жигиттер,
Калтырбаңыз уятка.
Кафырлыктын нишаны,
Үйренбөңүз адатка.
Аксакалдар айтайын,
Келдиңиздер бу жашка.
Карыганда куулаңба,
Жаш чагыңыз бир башка.
Илгеркиңди кеп айтып,
Таңтыгансып адашпа.

Кылыгы жакшы боз бала,
Кылган иши шамдагай,
Мен айтайын сиздерге,
Жакшы менен жаманды,
Аралаша кылгабай,
Жакшы жаман болсо да,
Ичте болсун сырлары,
Ашкере айтып булгабай,

Маанисине жеткендер,
Маани сине жеткендер,
Салып турсун кулагын.
Маанисине жетпесе,
Тындабасын сөзүмдү,
Куру бекер чуулдап,
Мазе кылып өзүмдү,
Тек кетирбе сөзүмдү.
Жазар болсоң молдолор,
Жарым кылба сөзүмдү.
Кудай сүйгөн бенденин,
Жугумталдуу бергени.
Байып чыгар бир күнү,
Кызматына алганы.
Кең бейилдүү жигиттин,
Ишин келер илгери.
Ичи кара залимдин,
Өйгө батар чеңгели.
Кайда болор жигитке,
Жакшы өнөр билгени.

x x x

Айдың айдың көлдөрдөн,
Аяктай суусу калбады.
Өйдүң өйдүң жерлерден,
Мал чалар оту калбады.
Түп,Жыргалаң эки суу,
Эл коноргo тар болду.

Карагай,кайың,тал,терек,
Тамыр түбү соолуп,
Камчы сапка зар болду.
Малга ылайык жери жок,
Жерге ылайык эли жок.
Асил заттар кор болду.
Жакшыга жаман зор болду,
Кар жаабаган кара жер,
Теминганден кар болду.
Каранын уулу кан болду,
Кандан тууган маң болду.
Эр азамат жигитке,
Сары суулар аш болду.
Калк кармаган улуктар,
Бурункудан пас болду.
Арбактуу ардин тукуму,
Душман менен дос болду.
Калк кармаган бек кандар,
Тагынан түшүп калбеду.
Не жамандар түзөлүп,
Жогору карай өрледу.
Ат башындай жүректүу,
Кайгылуу болуп черледи.
Мырзалык байдан тегулду,
Арканын кийик куланы,
Алды алдынан түгөнду.
Ушулар эске түшкөндө

Бурбайсың неге кеңулду.
Бийибиз болду барадан,
Канымыз болду карадан.
Жокко кезун салбады,
Деелет куткен бар адам,
Биреене-бирее кунулеп,
Татуулук кетти арадан.
Карыш таман мышык баш,
Не азгындар жетилди.
Сан тийбеген жамандар,
Улактай башка секирди.
Не жамандын балдары,
Кандан тууган шекилди.
Албарстай асыл жакшылар,
Оз озунен кетилди.

x x x

Ооpу кеңулун ким ачар,
Ал сураган тең ачар.
Черленген эрдин кайгысын,
Алдейлеп суйген бала ачар.
Башка конгон бак ачар.
Адеми жигит арасын
Аяма моюн жалкын чач,
Жаркылдап кулген жар ачар.
Уял кайгысын ким ачар,
Алдындагы мекеси,
Артындагы баласы,
Ата менен эне ачар.

Ат кайгысын ким ачар,
Кунуне жети караган,
Жал куйругун тараган
Сулуу менен жем берип,
Кадырын билген эр ачар.
Эл кайгысын ким ачар,
Узенгусун тең тепкен,
Адил туугап кан ачар.
Аккан суу менен кең конуш,
Турленген жашыл кок ачар.
Жакшылык менен жамандык,
Баары эктан болгон сон,
Сабырлык кылмак жарашар.

Кызыл ала кубулган,
Кыргоолдун канаты,
Кызыктырып суйлеген,
Кылыч молдо санаты.
Тегеренсе бу тилим,
Тегирмендинбарасы.
Дуга кылып коюңуз,
Дин мусулман баласы.
Жагар болсо бул сезум,
Жашы улкен карылар.
Аминин деп кол жайгын,
Аксакалдуу бабалар.
Кайсы бирин айтайын,

Кайгылуу эрде санаа бар,
Эшиткен муну бенделер,
Дуга кылып коер деп,
Мен карып да дама бар.

x x x

Мен сүйлөйүн агайын,
Сандап түмөн зарзамын.
Кызыккаида токтобой,
Кызыл тилим ирмейин.
Кыйык менен болдубу,
Кайсы экенин билбеймин.
Аты жакшы алдаиын,
Кудурети кен экен,
Жомок деген бишгенге,
Тоодон үлкөн кеп экен.
Айта берсем түгөнбөс,
Айдын чайкар көл экен.
Көптүгү көл жомоктун,
Айтканынча бар экен.
Ойлоп нуска кылайын,
Ажал жетип,күн бүтсө,
Өлүмгө жок ылажы.
Ынтымактуу кишилер,
Адеметтен айнымбас,
Анык ырас кишинин,
Убадасы бузулбас.
Жамандардын адети,

Жакын досун ондурбас.
Бул сезумдун баянын,
Артып жазам белгисин.
Арменинин аягын.
Ар жеринен билдирген,
Жардылардын жаманын.
Барда болсо бейли тар,
Байларындын саранын.
Баарын айтып берейин,
Салып турсаң кулагын.
Агач тилген араадай,
Тилим турат сүйлөнүп,
Тегирмендин бараадай.
Калет кылып койбонуз,
Жакып окуп карабай.-

* * *

Молдо Кылыч мен атым,
Болот калем доотум.
Чала чыккан башынан,
Чаар китептен сабатым.
Жүре жүре арбыды,
Казал жазып кагазым.
Калайыкка билинди,
Катка түшүп абазым.
Куран окуп молдолор,
Кылар бекер дугасын.

Көп алдында сүйлөймүн,
Көргөнүмдүн баарысын.
Санат кылып саламын,
Билгенимди кагазга,
Бир бирине жамаймын,
Жигитчилик жүзүнөн,
Аябасын дугасын.
Ракмат айткан ким болсо,
Этек жени жайылсын.
Ушунчалык көп элден,
Акын чыккан мен жалгыз.
Окуп көргөн агайын,
Айып күнө койбоңуз.
Темир,Болот,Надырбек,
Үчүкөдөн таралды,
Кулду тынай баарысы,
Сарбагыштын ураны.
Ушу кезде заманы,
Эр Шабдандын убагы.
Кийинкиге сөз калса,
Канып турсун кулагы.

x x x

Айткан сөздүн жообосу,
Ойлоп турсаң сакчыдай,
Сөзгө төкөк акындар,
Сейректиги тамчыдай.

Сөзү онок кебүнүн,
Өтке тийген камчыдай.
Айтар сөзүн табалбай,
Кедери кеткен аңчыдай.
Айтарман адашып,
Чала молдо балчыдай.
Башка акындан сөз курап,
Байга жүргөн жалчыдай.
Анык акын жаңылбас,
Калкан койгон алчыдай.
Анык тыңдап олтурсаң,
Билгиземин санатты.
Алда өзү чоң экен,
Ар түрдүү жан жаратты.
Ар кайсынын ар башка,
Жер жүзүнө таратты.
Жер жүзүндө адам зат,
Бир кишиден таралды.
Кээ бирөө башынан,
Тили дудук тубаса,
Кээ бир киши өмүрү,
Тазалыктан обочо.
Жакшы кылып кээ бирөөн,
Жалпы элди сураттып.
Жарды кылып кээ бирөөн,
Колго берди таякты.
Кээ бирөөн зарлатып,

Эки көзүн жоготту.
Кара жерге жашырып,
Капкан салат түлкүгө,
Түлкү чындап жарашар,
Башыңызда бөркүңө.
Өлгөндө да териси,
Айнек болот көркүңө.
Аңык адис мергендер,
Асына бейм барандьы,
Атып алат жазбастан,
Тоодо бугу,маралды.
Кадыр алда кудайым,
Акыл менен карасаң,
Айтып турам мен дайым.
Ырысы жок азамат,
Өз оокатын кылбаган.
Жалчы кирип биреөгө,
Жаны күндө тынбаган.
Илгеркиден нуска бар,
Байкасаңыз айтайын:
Изаты жок бөз бала,
Сексендеги чалдайсың,
Акыл эстүү бөз бала,
Сыр аякта балдайсың.
Акылга кулак салбаган,
Жакшылыкка барбайсың.
Молдо Кылыч бечара,
Көп күнөнү көтөрдү.

Тобо кылсам тенирим,
Жазыгымды откорор,
Дуга кылса окуган,
Мен гарыпка жетерби.
Кабыл кылса кудайым,
Асман жердин баарысын
Жазган сөзүм түгөнбөс,
Калайыкка жайылсын.
Ичимдеги зар заман,
Кумурскадай жайнасын.
Тегирмендей шакылдап,
Кызыл тилим сайрасын.
Угуп турган кишилер,
Кайсы бирин кармасын.
Айткан болсо ачылар,
Акындардын арманы.
Ада болсо эзелден,
Алда таала барманы.
Айтканымда сөздөрүм,
Агып турган булактай,
Эп келишкен кыйышып,
Эрди катын жнактай.

x x x

Ай менен күн асманда,
Ааламдардын жарыгын,
Алдындагы сайраган,

Бар замандын анығы.
Ышта соок жараткан,
Жумуртканын кабығы,
Суу түбүнөн жай алган,
Дайра көлдүн балығы.
Он сегиз миң ааламды,
Жараткуучу бир өзү.
Баарысынан артығы,
Адам зат бендеси.
Чөп-чар,жыгач түрлөнгөн,
Курт кумурска өңгөсү.
Токонаалат шайтындын,
Артык болгон күнөсү.
Мен сүйлөймүн жигиттер,
Көңүлүңдү бузбасын,
Сүйлөгөндө билерсиң,
Ар бендени өз башын.
Эр буйругун бек тутар,
Акылы бар ургаачы.
Алал болор идишиң,
Казан аяк тулгасы.
Айта берсем кубанар,
Акылдуулар укканда й,
Муңдуу кылып сүйлөймүн,
Өз колунан чыкканда й.
Бойбой калар мазеси,
Боом суусун бурганда й.

Кагазынан биле албай,
Кайсандаса кенулунуз,
Кайран сезду жоготпой,
Жакшы байкап корунуз.
Акылы дыйкан кеменгер,
Адам зат желегу,
Аделеттуу ишиниз,
Омурундун кереги.
Карыганча талыкпас,
Оз оокатын тереги.
Окуп керген агайын,
Бизге дуга береби.
Адил журуп иш кылса,
Жабыл болор тилеги.
Молдо Кылыч бакырга,
Узун омур келеби.
Кудай билет жигиттер,
Кеп жашабай оломбу.
Насип берип кудайым,
Куру бекер журомбу.
Ыйман берсин теңири,
Ақылсыз адам болобу,
Тагдыр жетсе алдадан,
Учуп кетер чындай,
Денен катар жыйылбай.
Буту колун бугулбей.

Тирчиликти ойлосом,
Ак сарайдынколундей,
Мен суйлеймун далайды,
Калайыктан эринбей.
Акыретти корсотуп,
Пайгамбарга бак берди,
Китептерди корсотуп,
Молдолорго кат берди.
Чечен кылып биреену,
Суйлогонго эп берди.
Жакшы менен жаманды,
Озу билип текшерди.
Кудурети кудайдын,
Кунду кокко жургузду,
Айды жарты чыгарып,
Алыстатты жылдызды.
Ай ааламга шам чырак,
Асыл кылды кундузду.
Он сегиз миң ааламды,
Оз озуно тургузду,
Жан жаныбар баарысын,
Насип берип тургузду.
Суу тубунон жай берип,
Жаратыптыр балыкты,
Жадыгейге буюрду,
Дуга менен арыпты.

Пайгамбарга тушурду,
Аят куран шарыпты.
Азиз кылып карапты,
Олуя заада шайыкты.
Узун омур корсотту,
Улукман ата табыпты.
Алтымышка чыгарбай,
Эмдигини карыпты.
Тирлик берди корсотпой,
Кызир Илияс кайыпты.
Оору берип сынады,
Азирети Айыпты.
Азап тартып канчалык
Алты жылда айыкты.
Адам Ата,Ава эне
Бейиште булар коп журду,
Канча адам кемиштен,
Беш жуз жылы жеп журду.
Каар кылып кудайым,
Бу жалганга тушурду.
Кабыл болуп тобосу,
Кайтып экоо кошулду.
Адам Ата,Ава эне
Нече жылы зарлады.
Бири-бирин табалбай,
Коздун жашын тыйбады.
Адам заат баласы
Ал экоондон туулду.

Аштык айдап, үй тигип,
Төрт түлүк мал урунду.
Капыр менен мусулман,
Динин айрып бузулду.
Бир канчалык тукуму,
Динден кетип куруду.
Жер жүзүндө адам зат,
Ал экөөнүн уругу.
Жалпы жандан артыкча,
Баарысынын тунугу.
Байкап турсаң мәселен,
Адам ашбас болорбу,
Айры бөлөс кесейди.
Жакшыларды карасаң
Адил ойчу болбоду.
Адам акын кесе да,
Дүнүйөсү толбоду.
Молдолорду карасаң,
Ак селдесин ороду.
Аят адис буйругун,
Акыл менен болжоду.
Напси бузук молдолор,
Ач тайгандай жойлоду.
Кайда өлүм болсо да,
Агдыганын койбоду.

x x x

Молдо Кылыч суйледу,
Бу замандын ал жайын.
Акыл менен сынасаң,
Бар замандын аягын.
Келиштирип суйлесем,
Киши билбес баянын.
Маани берер өзуңе,
Байкап турсаң аягын.
Шарыят менен шерт кылам,
Жадугөйлер окуса,
Башы айланар теңселип,
Чала ойлоп токусаң.
Бу дуйнөнун тубу жок,
Тубун туруп сураба.
Тил билгилуу кишилер,
Мектептеги балдардай,
Ичиндеги сырынды,
Акыл менен тапкандай.
Азаматтын жаманы,
Иттен жаман капкандай.
Айткан сөзу адамга,
Айбалталап чакандай.
Азаматтын артыгы,
Оймога тарткан кумуштөй,
Айткан сөзу ширелуу,
Демдеп койгон куручтөй.
Консо көңлу жай болот,
Колу ачык билиштей.

Сырын тышка чыгарбас,
Уштап койгон кылычтай.
Коркун көрсөң көрүмдүү,
Ийи майда кебездей.
Ач болсо да тойгонсуп,
Арык болсо семиздей.
Боз баланын жамини,
Чата болор кыялы.
Айткан кеби адамга,
Урушкандай сыягы.
Куру кайрат жел өпке,
Корго карман жүргендей,
Ала бакан таягы.
Эрин билген катындар,
Эс билбеген эсердей.
Эрге кылса кайша,
Өсимиздеп кетерби,
Эри жаман катындар,
Эрки менен алкылдап,
Алги койгон айгырдай
Ай,ай сөзду укпастан,
Айта берет тартынбай.
Аныж чечен акындар,
Жазгы жааган жамгырдай.
Тегуп турат төгкөрүп,
Буудай салган калбырдай.
Кыз баланын жакшысы,
Күмүштөн куйган камчыдай.

Качан болсо кыйма бел,
Адам качпай алгыдай.
Калың токой карагай,
Калың жыгач өлкөнү,
Кайың,терек сөгөт тал,
Кул чыгарып бүрдөдү.
Кызыл алтын тактасы,
Падышанын мингени.
Жайы кышы тери тон,
Жарды жалчы кийгени.
Казынага бай жыйды,
Кызыл алтын дилдени.
Ою менен сурашып,
Орус бизди тергеди.
Илгеркидей замана
Жана кайра келгени.

x x x

Зар заманым бу казал,
Зарлаганга кулак сал,
Айдасаңыз чыгат бейм,
Айта берсем ар макал.
Акыл ойлоп жүрөргө,
Тааныш болсоң көп элге,
Айыл болсоң кошулуп,
Дунуйөсү кененге.
Намыз кылба аяшып,
Кызматыңды билерге.
Коччу болсоң жакынга,

Кубанарсың наркына.
Кыялыңыз түз болсо,
Казак,кыргыз калкына.
Жүзүң жарык көрүнөт.
Калайыктын баарына.
Жалгыз аттуу жардынын,
Жалгыз аты кокустан,
Кулук болсо бактына.
Куда чыгар бирөө
Сулуу чыгып кызына.
Ырыскыңдын белгиси,
Мен айтайын санатты,
Кулак салчы ушуга,
Бул айтканым акылым,
Байкап турсаң адамга,
Не кылса да кудайым,
Өзү билет жазыгын.
Кудай кандай кылат деп,
Кетирбегин санааңды,
Кудуреттин ким билет,
Барды жоксон кылабы.
Болбос ишти ойлобо,
Ойлосоңуз акыры,
Кудурети алданын,
Акыл менен болжобо.
Шек келтирбе сөзүнө,
Китеп ачкан молдого.

Ит болсо да дин учун,

Жамандыкка булгаба.
Туура динден чыгасың,
Адам Ата,Авага.
Шек келтирип коесуң,
Тоосулбаган макалым,
Өлмөйүнчө түгөнбес,
Жомок менен казалым.
Сүйлө тилим зар заман,
Келиккенде мен өзүм,
Жел кайнытан сөз табам.
Кубаныч кылар сөзүмдү,
Кулак салып байкаган.
Акыр дүйнө заманды
Айтып келем сөз кылып,
Нечен дүркүн адамды.
Акыл сөздү туткаган,
Дини катуу жаманды.
Ал сыяктуу адамдын,
Ыйманы жок карачгы.
Кулак салсаң акылга,
Куулук кылба бакырга.
Убал кылып жанына,
Убаданды качырба.
Колуңуздан келбесе,
Болбос ишке асылба.
Анык адам болсоңуз,

Конок келсе кашынба.

x x x

Зар заманым ар кимге,
Бейли менен укканда́й.
Сайрап берсем алдына,
Кулагына жукканда́й.
Байкап турсаң түздүгү,
Машинеден чыккандай,
Кызыл тилим сайраса,
Кыргый сабап учкандай.
Жомок сөзү дарыя,
Кеме салса толгонбой,
Айта берсе кемибес,
Кашык менен сузгандай.
Бу заманды ойлодум,
Илгеркинин ирээтин,
Көзүм менен көрбөдүм.
Карыялар кеп айтат
Калпы чынын билбедим.
Казак,кыргыз кармашып,
Канча олжо үлөшүп,
Калмак менен калчаны,
Чабып алган бирлешип.
Кантип жылкы алганын,
Карыялар кеп айтат,
Илгеркининадамын,
Атасындай урматтап,
Аксакалдуу карыны,

Эмдигинин адамы,
Уяты жок залымы.
Ата-энеге баш бербейт,
Акылы жок бадиги.
Ар тутунден жыйылган,
Алык салык чыгымы.
Кызын сатып кутулат,
Жарды кедей чабыры.
Бейли кетти тугенуп,
Бу замана тарыды.
Жаш болсо да бечара,
Убайымдан карыды.
Байкап турсаң илгери,
Бий, болушту билбеди.
Акча салып бизлердей
Алык салык бербеди.
Көбу качып багынбай,
Орус кузун көрбеду.
Кармап алып маймылды,
Дарга тартып жай кылды.
Кокондуктун кандары,
Тактысынан айрылды.
Эр Тайлактын Осмону,
Качып барып Кашкарга,
Канча жылда кайрылды.
Кан Оромондун баласы,
Үметалы Чаргынды,

Кашкар барып келген соң,
Кадырынан тайгылды.
Кайдан билер бу капыр,
Казак,кыргыз затыңды.
Кагаздап алды билдиңби,
Катын бала байбыңды.
Салдат алат бир кезде,
Карман алып жарыңды.
Эсептеди көрдүңбү,
Огиз менен жалкыны.
Баарын айтып бердимби,
Бу капырдын мүнөзү,
Бузулганын көрдүңбү.
Бир кудайдын талаасын,
Меники деп кагаздап,
Жапан чыккан жыгачын.
Баарын сатып аласың,
Кантип оокат кыласың.
Илбесинди коруду,
Кушту кайда саласың.
Жылдан жылга салык деп,
Закун баштап түгөнгүр,
Заманаңы тарытып,
Истамбулдан беркини
Алды барын багынтып.
Кудай урган бачагар,
Кызылбашты кырганы.

Терсе жуут ундуну,
Баарын жуда алганы.
Абалкыдан акыры,
Айтып келем сөз кылып,
Мусулманды капырды,
Сөзум аты зар заман,
Ак кагазга жазылды.
Аманат жан кетерде,
Ажал өлум жакынды.
Бойкол менен абайла,
Бу замана тагылды.
Өзуң жеке жебейсиң,
Тапкан кара жатыңды.
Зар заманым агайын,
Насиятка бара бар,
Угар болсоң айтайын,
Ини менен агалар.
Акылы жок кээ киши,
Өлгендерун табалар.
Анык жоомарт азамат,
Карыптарга кайрылар.
Акиретте жоомарттын,
Эки жузу агарар.
Эске токтоо азамат,
Өз акылын чамалар.
Жоон өпке жоода жок,
Мыктысынын чычалар.

Бой кетерүп сыланар.
Кудай алсын андайды,
Ошентип журуп кур калар.
х х х
Жакшы болмок канчалык,
Жакшы болгон адамга,
Кудай берер бак салып.
Арбак конуп кетпеген,
Журген менен мактанып.
Арзан болсо жакшылык,
Ар ким езу корсунбай,
Жакшы чыгып алдасын,
Озунен езу сактанып.
Ырыскы насип алдадан,
Он сегиз мин галамды,
Кудай езу караткан.
Суйген кулу болобу,
Анык асыл заададан.
Олуя чалыш бендеси,
Жаман ишке барбаган.
Оз малынан башкага,
Асти кенул салбаган.
Ар бендеге ыймандык,
Кудай насип кылганды.
Эптуу болсо езуне,
Эр жигиттин кубаны.
Козум жетип ар ишке,

Көңүлүмдө тапкандай,
Бууурганын бүтүрсө,
Ичиң жылып турганы.
Ол жакшысы калайык
Кадимки кара каргадай,
Кадырлабай сүйлөгөн,
Карыларын ылгабай,
Байлар малын бакканы,
Эмгек бербей сараңы,
Ырыскысын булгаган,
Алал багын жей албай.
Чуркураган акылсыз,
Өз колунан келалбай,
Кайбат кылат жакшыны,
Акыл айла табалбай.
Момунсуган байлары,
Коркконунан кеп кылат,
Жакшыларга байданы.
Пайда кылмак кайдагы,
Ким да болсо нар жагы.
Далай иште кылгыдай,
Келер болсо дарманы.
Эмдигинин карысы,
Илгеркини жоктоду,
Ууру кылсаң киргени
Башын чыкпай ноктого.
Керелгесү замандын,
Кашыр алып эркинди.

Туштү жерге жылдызың,
Мал азайып түгөнду,
Соодагердин тыйыны,
Боздоткону карлыны,
Болуштардын жыйыны.
Барган сайын оорлук,
Былтыргыдан быйылгы.
Эл жегени көп болду,
Жалган айгак кубесу.
Карып жетим какшанды,
Өмурунө унуткус,
Айыкпаган так салды.

х х х

Илгеркинин адамы,
Берекелуу убагы,
Казак,кыргыз өзүнчө,
Өзүбектин сурагы.
Падышасы алардын
Кокондуктун манабы.
Орус колун байлаган,
Эмдигинин заманы,
Болуштукту талашкан,
Элдин эки тарабы.
Жаңжал болуп чыр чыкса,
Журтка тиер зыяны.
Талаш кылса болушту,
Эли кылар урушту.

Заманаңын дартынан,
Далай адам ойушту.
Байда табам дегендер,
Көп залалды көрүштү.
Карачгы элди чайкаган,
Айласы бузук орустун,
Чала болот кыргызга,
Кор болгон өзү оруска.
Жамандык чыкса жарашып,
Өзүнчө салбай калыска.
Өрегишип тил албай,
Өзгө барат арызга.
Айгак болуп жүгүрүп,
Жетип барат алыска.
Адамдын билбей күнөсүн,
Билсе кимди аясын,
Дини башка болгонсоң,
Өлгөнгө кайдан карасын.
Күнө түшсө мойнуна,
Адамдын койбос оюна.
Санына салып кишенди,
Сибердин айдайт жолуна.
Иш өткөн соң байда жок,
Сураса бербес колуна.
Орустан көрбө кинени,
Кыргыздын курсун тилеги.
Коем деп жатып куруду,

Бир бирине кунену.
Казак,кыргыз бусулса,
Орус кайды билеби,
Орустун ичи кен экен,
Эс менен журген эл экен.
Казак менен кыргызды,
Сурак кылар эл экен.
Айдабаган эр кимди,
Убадага тен экен.
Угуп турсам эр кимден,
Кумурскадан кеп экен.
Улуктары кебунче,
Акылга дыйкан кен экен.
Акылын тартып эр кимдин,
Адет урпун чечеген,
Кебунде бар адилдик,-
Жардынын жайын караган.
Жакшы менен жаманды,
Жалпы бирдей санаган.
Улуктары баракор,
Айбай журтту талаган.
Акча десе токтобой,
Туше калат салаадан.
Ошондо да орустун,
Азоолок экен чыгымы.
Акылга туура кылыгы.
Тугетуп койду элимди,
Кыргыздын чыгым ырасы.

Өзүңдүн жакшы болушуң,
Кетирип жатат шайыңды.
Каныңды соруп сүлүктөй,
Соруп жатат майыңды.
Орустун далай улугу,
Кылат экен кайырды.
Кыргыздын болуш манабы,
Маңдайга бүткөн бир малың,
Жалгызыңдан айырды.
Айта берет зар заман,
Айып дебе шайырды.
Орустун кана жазыгы,
Малайга берет акыны.
Падышалуу чиркиндин
Законго туура жатыгы.
Караса да жериңди,
Арзан кылды эгиңди.
Сураса кыргыз орусту,
Тердирет эле коңузду.
Акы бербей аларга,
Салат эле жумушка,
Кылба куртум убайым,
Орусту берген кудайым.
Мусулманга каратба,
Деп тилегим сураймын.
Мусулмандан кан болсо,
Курутпайбы кудайым.

Акыл менен карагын,
Ичип жатат молдолор,
Сыра менен арагын.
Ошолорду кудайым,
Кандай кылып аларын,
Өлгөндөн соң ким билет,
Кандай болуп каларын.
Жаман деген китепте,
Адамдын кылган арамын.
Айтып ылгап боло албайт,
Түгөнгүрдүн заманын.
Кезди акыр заманга,
Карабас ини алага.
Бөлөк сенин көңүлү,
Өзүнөн тууган чырагы.
Алыс жерден аббалап,
Угуп турат кулагы.
Адамды кырат айбанча
Анын кимге убалы.
Жер заманын аяктап,
Болду бүтөр убагы.
Азырынча олтурган,
Кылар бизге дүгөнүк.
Өмүрүнүн кезеги,
Канаттуунун жомогу.
Өз алынча бир адам,
Аны айтпасам болобу.

Инв. № 327
2572-93



КЫЛЫЧТЫН БҮТКҮЛ ДӨӨРЛҮК ЖАЗГАН КИТЕБИ

ЗАР ЗАМАН. Инв номер 327.

Б. Белек.

МОЛДО КЫЛЫЧ

КЫСКАЧА ТАРЫХЫ

Түндүк кыргызында Тагай насилинен Дөөлөстүн кенже уулу кадим манап тукумунан Темирдин балдары Абайылданын баласынын баласы. Атектуу Төрөкелдинин бир ата тууганы Шамыркандан 1875 жылында /доңуз жылы/ Кочкордо туулуп атын Кылыч койгон. Кичине чагында кыргызча окуп, 1892-1893 жылдар чамасында ыр-өлөң жазышка абыдан ниети-зеңи кошп, ашта-тойдо ырдаштан токтолуп намыздаңган, абалы ырды жазып, анансоң элге окуп берген, комузга салып айтууну абалында дет кылып, кийин комуз-домбура менен айтуу акундукка токтоолдук келтирет экен деп домборасыз айтууга адеттенген. Манап насилинен болсо да эл бийлеп калк ишине катышууга көңүл бербеген өтө жарды болуп азыноолок дыйканчылык менен оокаттенган. Эртели кеч суу бойлоп басып таза жерге олтуруп, ао туруму өсүмдүктү байкап көрүп, айланасындагы табыйгаттан тажрыйба алып, курт-кумурска, канаттуулардын алдуу. алсыздарын текшерип анан өлөң кылып жазган. 1917 жылында 42 жашында каза болгон. Кабыры туулган жери Кочкордо.

Бети кызылдуу, сепкили көк, көзү абдан толук, тегерек чоң кара көздүү, орто бойлуу семиз, чоңураак кара мурут, ээгинде кичине чокчо кара сакалы болуп, жаактарына сакал чыкпаган, кийимди өтө таза кийип, денин таза тутуп, диндер болгон. Өмүрүндө көп кыссалар жазып, алардын бир канчасы элге жайылган. Ар жазган кыссасын арттырбастан, кемитпестен жана да бай-манап, улукка кошомат кылбастан алардан жана да айтууда дүнүйө талап кылбастан тууралык менен жазган.

Мен 1913 жылы апрел айында Атбашы, Нарындан келе жатып Кара коодо Кылычка жолугуп 4-5 күн бирге жүрүп калдым. Бурун 1911 жылында, Коңур жайлоодо көрүп таанышкым эле, бул сапарда алып жүргөн кыссаларынан төмөнкүлөрдү көчүрүп алдым. Машканыман карандаш менен жазып, Кеминде үйүмө барганда көчүрдүм. Кылычтын айтуунда, эң биринчи тырмак алды жазганы:

1. Арман кыз, кыз жигит- деди. 190 жол
2. Зар заман 1950 -"-
3. Канаттуу 480 -"-
4. Бүркүт тою, манаптын элди кыйнап чыгым алып той бергени. 260 жол
5. Чүй өзөнү /Чүйгө жолоочулап келип жазган/ 650 жо
6. Жинди суу /1911 жылында Кеминге жолочулап келип жазган/. 300 жол
7. Алдамчы /Токмокко келип жазган/ 240 жол
8. Зилзила - 1911 жыл 480 жол
9. Санат Табылбады
10. Кочкор ата. Табылбады

11. Керметоо -Алатоо / 1912 жылында
Жумгалда кудасына барып келип жазган 700 жол.

12. Манап букара деп бир кысса жазган. Табылбады

13. Кийин 1916 жылдагы кыргыз көтөрүлүшүн жазып, аягына чыга электе каза тапкан.

Мен Белек Кылычтын айтканы:
Мен китептерден окудум, казак,кыргыздын акундарынын айтканын дагы көп уктум, бирок булардын барысынан алдыгы казактан Әкей Сүйүмбай, кыргыздан Арстанбек деди.

Белектин байкоо:

Кылычтын башка акундардан артыкчылыгынын бири, эч убакта ырды чорнабайлап жазбаган, ойлобостон,анчалык такалбастан бир жазып кеткенин кайта текшерип ондобостон майданга салган, ырдын уйкаштыгына өтө назар салбастан, сөздүн терењин алып жазган.Маселен, зилзиланы 1910 жылында биздин ал /Кемин/ге келип жазганда көчүрүп алдым эле, кийин басмадан чыкканда эч бир өзгөртүлбөгөн.

Белек.

## ЗАРЗАМАН

Молдо Кылыч мен атым,
Болжолу жок санатым.
Айта берсем сабаган,
Ак шумкардай канатым.
Окуп көргөн молдолор
Өчүрө көр калатын.
Жакшы окуп карасаң
Оюңдагы сөзүңдүн
Баарын мындан табасың.
Мен айтайын сонунду
Чыгар сөзүм орундуу,
Жигит болсоң абайла,
Убал кылба жаныңа,
Тажалагын колуңду.
Тарта жүргүн колуңду.
Жаман адам курусун,
Доо чыгарып бир жерден
Миндет кылат жумушун.
Жакшыларды карасаң,
Кылганынын доосу жок,
Сыр билгизбейт тымызын.
Мен сүйлөйүн канчаны,
Казак,кыргыз канчаны.
Калайыкка арибей
Кетти канча далай сөз.

Кара көзгө көрүнбөй.
Акындардын абазы,
Домбуранын үнүндөй
Жарашыктуу зар заман,
Тоту куштун жүнүндөй
Бар келишкен боруму,
Кызыл кымкап кулундой.
Кандай салса жарашар,
Калы килем түрүндөй,
Түшүп турат кубулуп,
Ак теректин бүрүндөй.
Кечүп турат токтобой,
Кирекечтин жүгүндөй.
Кымыкканда жакшы сөз,
Кызыгышкан оюндай.
Айдап келем көп сөзду,
Кербенчинин коюндай.
Тилим шыдыр түздүгү
Эми карагай жолундай.
Баары жогу тийимдүү,
Бардечкенин огундай.
Маани билбес эсерге,
Башка тийген союлдай
Тегеретер кочулду,
Тегирмендин суусундай,
Акылы бар адамга,

Тынч олтурган орундай,
Тили куйрук акындар
Сөзү сайдын ташындай.
Кенендугин карасаң,
Көк Кочкордун сазындай.
Бар заманды карасаң
Даамы таттуу казыдай.
Эч болбосо ширеси,
Чекендинин ашындай.
Кулагына жугумдуу,
Көк темирдин датындай.
Асан кайгы жигиттер,
Эри өлгөн катындай.
Бердеси бар боз бала
Саяпкердин атындай.
Бардеси жок боз балдар,
Үйдөн чыкпас катындай.
Бейли тардын куну жок,
Байда болсо жакырдай.
Касиеттуу молдолор,
Кагысы көп бакырдай.
Бузулганды түзөгөн
Жоо качырган баатырдай.
Кыйшык сөздүү жигиттер
Кыянаттуу капырдай.
Кылыгы жакшы боз бала
Буну кымбат асылдай.
Секети жок малыңыз,

Эшек менен качырдай.
Ишенимтүү жигиттер
Ат байлаган акырдай.
Жыты жакшы атырдай.
Дөөлөтү бар жигиттер,
Дөбөдөгү чатырдай.
Кайырдуу болсо элине
Гүлдөп турган чарбактай.
Кайыры жок бай болсо,
Кабырдагы арбактай.
Малым бар деп кубанса,
Беш намазды билбесе,
Кайыр зекет бербесе,
Дин билбеген калмактай.

Мен сүйлөйүн канчаны,
Казак,кыргыз канчаны,
Дин мусулман ногой,сарт,
Мусулмандан таркады.
Бу замандын адамы
Бейли дилин айталы.
Бейли жаман адамдар,
Өз напсине тартады.
Абайласаң жигиттер,
Ата-энең мекедей
Абдан куштап бага көр,
Колуңдагы кеседей.

Сыйлашпасаң бир тууган
Оң да болсо жекедей.
Кеп сүйлеген маңгилер
Кузгу кирген текедей.
Жаман болсо катыныӊ
Ичтен жеген митедей.
Кутулууга көңүлү бар,
Караңгы түн кечедей.
Тил албаган балаңыз,
Бел ашпаган арыктай.
Кетем десең айла жок,
Каралайсыӊ жүресуӊ,
Оору баккан табиптай.
Үгүү турсаң бул сөзүм
Жалганы жок аныктай.
Изаты бар боз бала,
Куйүп турган чырактай.
Изаты жок боз балдар,
Катып калган чарыктай.
Кең пейилдүү жигиттер
Сары өзөн кайыктай.
Дүнүйө кор адамдар,
Мал табышка талыкбай.
Жаман айткан суук сөз
Көңүлүңө салыктай.
Жакшы айткан сулуу сөз
Өптелишкен калыптай.

Жаман сөз калар так болуп,
Көкүрөккө айыкпай.
Жакшы сөз калат бат болуп,
Качан болсо унутпай.
Мен сүйлөйүн сиздерге,
Айдан үрөн чачкандай.
Канча айтсам чыдаган,
Кызыл тилим кызгандай.
Кара жаак талыкбай,
Кен-казына тапкандай.
Кызыл темир үстүнө,
Ура берсе чоюлбайт,
Дөшү менен барскандай.
Токтоосу жок жигиттер,
Жардан коен качкандай.
Тил албаса аныгы
Тим күргөнү шашкандай.
Чочутушар жаныңды,
Элиңди жоо чапкандай.
Дүнүйө кор байларың,
Жеке дөөлөт тапкандай.
Карыз сурасаң зарыдан
Аэир алык качкандай.
Жоксуз адам бар болсо
Кабылан жолборс,арстандай
Акылы жок март болсо

Карангыда баскандай.
Кайры тийбей калган сон,
Кур талаага чачкандай.
Жумшак айткан жылуу сөз
Кулагына мулайым,
Чигити жок бактадай.
Кабыл болсо кимдин
Катып жүргөн акчадай.
Карангы көр ичинде,
Айдап алган бакчадай.
Айта берсем сөзүм көп,
Үзүлбеген тасмадай.
Жакшы адамдын сөздөрү
Кагаздагы басмадай.
Сөз маанисин билбеген,
Колу тушк аскадай.
Элге дайын жигиттер,
Кан алдында тактадай.
Кайда барса таанымал
Ат башында кашкадай.
Айткан сөзүм байкасан,
Билимдуунун сөзүндөй.
Ийи майда ширеси,
Кашкарлыктынбөзүндөй
Алын келсе меке бар,
Сегиз бейиш төрүндөй.

Ажы болуп атансаң,
Алтындаган чениндей
Аралайсың бейишти,
Бу калгандын алиндей,
Жалкы журтка урматың,
Жаңы келген келиндей.
Куне кылбай туз журсоң,
Таза жууган кириндей.

Аятыгыңдан ушур бер
Адал болуп каларга
Кастик кылып жаныңды
Каалабагын залалга.
Адал деелет малыңды,
Булгабагын арамга.
Тил байланар бир куну,
Тиричиликке кубанга.
Кеңулуңду алдатып,
Бул дунуйеге жубанба.
Малың болсо жигиттер
Кайыр зекет бергениң,
Ыйманыңдын канаты.
Ар жоруктан сез кылган,
Молдо Кылыч санаты.
Адал журген бендениң,
Жайы болор жаннаты.
Жугургенде ачылар,

Чапкан кулук турасы.
Тунде короо кузеткен,
Казак,кыргыз адети,
Саксакайлап кыйкырган,
Кыз келиндин адети.
Кыйла сөзду чыгардым
Кыргыз,казак алачтан
Көрөнгөлуу сабасы.
Идиштери чанachтан.
Аяк,табак,кашыгы
Кырып алган жыгачтан.
Аскан казан,тулгасы
Ичип адет кылганы
Арпа,буудай жармасы.
Илгертеден сөзумдун
Алып турган кыйласы.
Байыркынын боруму,
Айтып турса ушундай
Бутумунун оруну.
Чыбык кырып шерт кылган,
Кан бийинин сонуну.
Жан бергенди билбеген,
Жакшысынын тунугу.
Байыркынын макалы,
Өтуктөру такалуу
Бөйрөмчөсу бир тутам,
Кийимдери жакалуу.

Байыркынын уркуну,
Кочуп журген кун-туну.
Алтын,кумуш абайы,
Кыз-келиндин уртугу.
Кыз-келиндин кийгени,
Кызыл жибек кырмызы,
Эмдигини карачы,
Орус алып турганын
Тушту жерге жылдызы.
Байыркынын кийгени,
Кочугундо чалбары.
Балактатып кең кылган
Багалеги саймалуу.
Байыркынын эрени
Кайдан кордуң эрендер
Калдайтып жайган серени.
Эмдигини карачы,
Ырыскысын чеnеди.
Унутту ноктоо желени.
Бээ байлап кымызды
Кана кимге бергени.
Байыркыдай улушту,
Кана элиң жегени.
Конок берет кокуйлап,
Эң биринчи дегени.
Жайы кыш жугурет
Соодагердин тыйыны.

Ьылтырындан бу жылы
Заманыны кыйыны.
Ьоздотуп жатат карыбын,
Ьолуш,бийдин чыгымы.
Жайы кышы бир алат
Оокатынын жарымын.
Ар бир турлуу адамдын,
Артында бар деп залалы.
Өз ишинди өзуң бил,
Ойлоп көргүн чаманы.
Башка салар балааны.
Көзду жумуп ойлосоң,
Куштуруп санатар,
Куру бекер далааны.
Акты менен караны
Жан куерге карабай
Жакшы жеди бараны.
Жалган мети чын кылат,
Закунуна туурадап,
Кылар болсо жаланы.
Ьашта кубө болбосо,
Кылган ишиң тангады.
Акылы бар боз балдар
Алал ишке көз салар.
Акылсызга убал жок
Сөз сураса үндөбө.
Текебердүү адамды

Үйгө кирсе тилдебе.
Ууру кылба тегеле,
Башың кирер ноктоого.
Икыбалың түзөгүн,
Ага-ини жакынга.
Бу кылыкты кылбасаң,
Бейлиңди кең салбасаң,
Өз башыңа келгенде
Убадага турбасаң,
Анты шертти ойлобой,
Ата-энеңди булгаган
Кайдан жакшы болосуң,
Кейбат сөзду тыңдасаң,

Салабаттуу зар заман
Зарлап өтту куу заман,
Канча зарлап айтсамда
Оңолбоду бул заман.
Сүйлөгөнүм зар заман
Сайраганым ар заман.
Барган сайын таңшыган,
Тыңдасаңыз айтамын.
Тилим жүйрүк булбулдай,
Сарпы бузук молдолор,
Айталбаган чулдурдай.
Кайраты бар жигиттер
Кара болот чынжырдай.

Болот калем колумда
Ок жыландын тилиндей.
Ак кагазым карала,
Ителгинин жунундей,
Колумдагы каламым,
Ак бараңдын түзүндей.
Зар заманды байкасаң,
Жайдын салкын күнүндөй.
Кайраты бар жигиттер
Кабылан, жолборс сурундей.
Кайраты жок жигиттер
Үзаш койсо тегулот,
Межумана бурундей.
Айнибаган жигиттер
Ак шибарстын мизиндей.
Кылган иши таптаза
Машийненин ишиндей.
Кайда барса сүйүмдүү
Касиеттүү кишидей.
Сүйле десең сүйлөйүн,
Кар жааганда төгөйүн.
Улам элдин жаңылап,
Ойн салып берейин.
Ар корукун башынан,
Баян кылып көрөйүн.
Армандан сөз айтып
Айдарымга кирейин.
Болжол кылып байкасам,

Бөлмдө көп күнөүм.
Ьуйруксуз көп айтым,
Азирети кызир байгамбар
Напси ирыскы эзси.
Жакшы канга туш болор,
Алал жүрсө мүнөзү.
Бир алледа айы жок,
Адамдын көп күнөсү.
Мазары бар башында,
Кочкор ата дөбөсү,
Алты келме беш намаз
Иймандыдын кубесу.
Кайраты бар сопулар
Кара темир чокидай,
Кайраты жок кам сопу,
Ит муляуген мокидай.
Алал жүргөн сопунун
Ырыскысы канчалык,
Кудай өзү жеткизер.
Кызыл алтын кениндей.
Кыяган иши таптаза,
Хизур берген өгиндей.
Арбагы чоң жакшылар,
Миң кишинин деминдей.
Эл журтуна аркасы,
Аскар тоонун белиндей.

Ага-иниге байдасы
Тийбей калбайт тегиндей.
Айткан сезу кишиге,
Табыштардын эминдей.
Деелету бар жакшылар,
Кирчини кеп езендей.
Деелету бар билимсиз
Эл ашпаган кезендей.
Акылы бар карылар
Айткан сезу меселдей.
Касиеттуу кишилер,
Кереметтуу эшендей.
Убадалуу эр жигит
Кол котергус кишендей.
Убадасы жок жигит
Басалбаган бечелдей.
Акылы бар карылар,
Айткан сезу нускадай.
Колунда жок эр жигит,
Жетишпеген кыскадай.
Акылы бар,малы жок,
Асбабы бар устадай.
Сыйлашпаган бир тууган
Атасы жат башкадай.
Жинди кыял бей намаз,
Жер кантарган чочкодой.
Кара кецул таш кулак

19.

Карматпаган азоодой,
Ага-иниң көп болсо,
Асабалуу жасоодой.
Өзү акыл билбеген,
Айткан сөзгө кирбеген,
Тил билбеген макоодой.
Таалим алган устатың,
Кол тапшырган пириңдей.
Касиеттүү молдолор,
Истамбулдун дининдей.
Айткан сөзү шарият,
Арап парсы тилиндей.
Тил билгилүү боз балдар,
Оозу элпек коштоодой.
Сарамжалдуу жигиттер,
Жегип койгон боштодой.
Кайраты чоң жигиттер
Калалуу корган чарбактай.
Ага иниси көп болсо,
Токуп койгон бурактай.
Карап турсаң боруму,
Казак орус салдаттай.
Ынтымагы бар болсо,
Базары жүргөн чарбактай.
Тил алышып турушса,
Бузулбаган каймактай.
Ынтымагы жок болсо,
Жетишпеген арактай.

Кийин кетер бир бирин,
Киргыз,китай,калмактай.
Айлын бузган жигиттер,
Уй качырган сайгактай.
Токтоосу жок жигиттер,
Оюн салган тайлактай.
Сөз берген жээ чечен,
Учуп жүргөн камгактай.
Пайдасы жок чечений,
Чөп чыккаган коргактай.
Ниймансыздын көзүнө
Калган дүйнө жаннаттай.
Бир үйрөнгөн адатың,
Жамгыр баскан көк даттай.
Жууган менен агарбас,
Боеп койгон каргактай.
Айткан сөзүм таразa,
Ааддын кийин салмактай.
Ниймансызды жоготор,
Артындаздн ойлотмой.
Абайласаң жигиттер,
Акын эмес бакырмын,
Элге эрмек болсун деп,
Болбос ишке асылдым.
Көпкө жаман көрүнүп,
Көп күнөнү чакырдым.
Бендечилик курусун,

Билимбеген кунөйум.

Жалбарганым бир кудай,
Караткуучу бир өзу.
Айткан турган сөзумдун
Кагаз болсун кубөсу.
Он сегиз миң ааламды
Сактап турган ээси.
Бала менен мал кутмөк,
Бу дуйнөнун бактысы.
Бу жалганга карабас
Жигиттердин жакшысы.
Байкасаңыз бөз чамаз
Иймандын ачкычы.
Өлө туган болгон соң,
Иймандан жок жакшысы.
Сөз байкаган жигитер,
Сөзгө жетер кубаты.
Асман менен кайкыган,
Учкан куштун канаты.
Мен журөмун жубаныш,
Акылдыкка кубаныш,
Акын өлбөй тургансың,
Өлбөс болсо Арстанбек
Жүрбөс беле түбөлүк.
Акылдыгым ошчодур,
Ойлобогон мен карыш.
Курт кумурска канаттуу,

Мен айтайын санатты.
Кутулбассыз сөзүмдөн,
Куюлупус санатым.
Чыга берет ичимден,
Кудуреттин бергени.
Сурабадым кишиден,
Айып ачып сүйлөдүм,
Көп адамдын ичинен.
Айланайын кудайым,
Кечер бекен күнөйүм,
Мен сыяктуу итинин.
Тегеренип айланар,
Абадагы жетиген
Күндүз кетип түн болор,
Күндүн жарык бетинен
Жакук-мажуж жай алды,
Бу дүйнөнүн четинен.
Бу дүйнөнүн белгиси,
Ай менен күн жылдызы,
Жети асмандан кара жер,
Жаркыраган күндүзү.
Адам Ата Аба эне
Ошондон бери белгиси.
Өлүп келет ылайык
Нечен түмөн миң киши.
Пайгамбарлар баары өлдү,

Бадышалар кан өлду,
Нечен азиз бенделер,
Бу калгандан женелду.
Тобо кылсаң өткөрөр,
Тоодой кылган күнөөңдү.
Байкасаңыз айтамын,
Акыр заман бу алди.
Илгеркинин адамы,
Көп жашады өмүрдү.
Кудай билет эмдиги,
Узун өмүр көрөрдү.
Акыл дайра билгенге,
Бу келген жок [illegible] өлгөнгө.
Чыгымдансаң себеп жок,
Чындап ажал келгенде.
Кер[illegible]лыгың жарабас,
Кадыр дөөлөт бергенге.
Молдо болсоң муну бил,
Кулагыңа киргенге.
Колдон келсе ырабат,
Коргон салгын бир жерге.
Мына казал,бу казал,
Бу сөзүмө кулак сал.
Аңдасаңыз чыга бейм
Айта берсем ар макал.
Жакшы чыкпас абазым,
Домбурадай зайкылдап

Катуу чыкпас анчалык,
Кашкарлыктай канкыдан,
Акыя болсо жигиттер,
Сөз чыгарар армекке,
Авзар кылса бир жерге
Эл чогулар кермекке.
Көп кармаса чогулуп,
Айтсам керек эрнекке.
Көптүн кылган дубасы,
Кабыл болор деген бар,
Кудай ыйман бергин деп,
Тилей көргүн жигиттер.
Ар мааниден сөз айтып
Аяк башын көртейин.
Колумдагы домбурам,
Көп убакка минтейин.
Ыйманыма жардам бер,
Ыймам Асан,Үсейүн.

Таңга жакын болгондо,
Булбул сайрар абага,
Түш-түшүнүн баарысы
Тескe тартар кудаага.
Учуп жүргөн канаттуу
Урук таштар уяга.
Чай куярга ылайык,
Чыны кесе пияла.

Китеп билген молдого,
Жакшы журмек ыраба.
Ар кишиде бир акыл,
Өз билгенин береби.
Келиштирип суйлесем,
Келер сөзум орундуу.
Меке дилде Медийна
Ьайгамбардан бурунку,
Адам Ата,Ава эне,
Ар жандардан абалкы,
Жебирейил бериште
Ьайгамбарга кабарчы.
Бу дунуйө жалганчы,
Акылсыздын кубанчы.
Жараткан жалгыз кудайым
Жаным курбан кылайын.
Азап кыла көрбөгун,
Айланайын ылайым.

Ьуйрук жетип кун бутсө,
Учуп кетер чымындай,
Денеп калар суналып,
Ьуту,колуч жыйылбай.
Тириликте көркуңуз,
Ак сарайдын сырындай,
Өлгөндөн соң көркуңуз,
Кереги жок тыйындай.

Зар заманды байкасаң,

Башка сөздүн жанында,
Жети сомдук букмдай.
Карыганда ким болсо,
Көркөмү жок бакадай,
Кара көңүл,дем кыял,
Тим жүргөнү кападай.
Байбиченин жакшысы,
Ийи майда матадай.
Бейли жакшы кең болсо,
Майы калың учадай.
Кудай берген кишилер,
Хйру өскөн букадай.
Уулу,кызы көп болсо,
Улук салган супадай.
Зар заманым сайраган,
Сөзүн адам кармагай.
Дин мусулман бендеси,
Тобосунан жанбагай.
Жаман айткан суук сөз,
Сөөккө баскан тамгадай.
Эси кеткен капалык,
Эски оору талмадай.
Акылга мол азамат,
Дарс окуган молдодой.
Таалим алсаң сөзүмдөн,
Тамырың берген олжодой.

Кайыры кең байларың,
Карагайлуу жайыктай.
Ырыскысы төгүлүп,
Бышып турган алмадай.
Кызыкканда кызык сез,
Кызыл алтын мыскалдай.
Кыз-келиндин жаманы,
Үй булдурген чычкандай.
Жакшы катын белгиси,
Кылган ашын кызганбай,
Сыр билгизбей турганы.
Мүнезүнен козголбой,
Келиндердин жакшысы,
Кездеменин жибиндей.
Боруму туз мулайым,
Булгарынын ийиндей.
Өзү жаман бош болсо,
Оңуп кетер чырайы,
Эч енерү билинбей.
Кызыл жардын тигиндей.
Кыз балдардын жакшысы,
Күзгүсү бар айнектей,
Жакшы кийим карашар,
Жашыл моюн ердектей.
Карап турсаң боруму,
Таза жууган койнектей.
Кетпей турат далай жан,

Кукук менен Сейнектей.
Корку жакшы кыз бала
Кол бомнда кирчиндей.
Ьуйу кимбат канчалык,
Ак албарстын курчундай.
Бар келишкен боруму,
Ьулгарынын мурчундай.
Жаман кыздын белгиси,
Ушак айтат жомоктой.
Уй булосун жудетет,
Жаагы конгон коноктой.
Кемьирлердин жакшысы,
Кимге болсо энедей,
Кемьирлердин жаманы,
Ьашка келген балаадай.
Акылы кен жакшылар,
Улук корго калаадай.
Акылсыз акмак тантыктар,
Уйронбогон танадай.
Ажы барган адамдар,
Пайгамбардын туусундай.
Ьашындагы селдеси,
Исык колдун куусундай.
Мектептеги балалар,
Желедеги кулундай.
Ьейли жакшы молдолор,
Ьетегелуу булундай.

Кызыктыгы баланын,
Кыз болсо да уялдай.
Каармандуу жакшылар
Бороону кеп кышкыдай.
Жамандардын баарысы,
Эси чыгып чычкыдай.
Жандын баарын коркутуп,
Кудайлатып кыскыдай.
Жакшы болсо боз бала,
Чагылгандын огундай.
Топ ичинде сакалдуу,
Тоого чыккан эрпадай.
Куну кеткен байларын,
Өнчиси жок маркадай.
Кезуй жетсе баарыга
Кеэнуй жарык куэгудей.
Ыйман берсе кудайым
Эсиниэге тушкудей.
Кош кыялдуу кишилер
Кой ичинде эчкидей.
Айткан сөзге турбаган,
Чыдамы жок эскидей.
Чычкынуу болсо боз бала,
Чычкан алган мышыктай.
Чыдамы болсо ар ишке
Кепке жагат кыйшыктай.
Жакшы болсо боз бала,
Жайлоодогу жазыктай.

Ишенимдүү жигиттер,
Ат байлаган казыктай.
Акыйсыз акмак саран бай,
Жакшыларга азыктай.
Ал кыйлын койбосо,
Диндеи чыгып кеткидей.
Катындардын жаманы,
Карды тойсо кепкүдөй,
Өзү билсе кокустан,
Эрин кетке тепкидей.
Эптүүсүнгөн адамдар,
Өзү байып кеткидей.
Ичбей жебей байлыкка
Өз менен жеткидей.
Кудай өзү бербесе,
Ким кысыныш күткүдөй.
Кудай өзү бергенди,
Чачса дагы өткүдөй.
Келип калса дүйнөсү,
Мал кербеген жигттер,
Көрүшүп жатып өпкүдөй.
Тобоң кабыл болот ко,
Тобо кыл десең теңирге,
Кысынгандын эби бар,
Журтка жаман көрүнбө.
Алаз багып күтүп же
Ьеш намазга эринбе.

Убал килип акыри,
Уул менен келинге,
Багып журуп байдасын,
Эч кордодук дедирбе.
Куда кутуп,дос карма,
Кур талаага семирбе.
Болбос ишке асылып,
Бекер куру теминбе.
Бар заманым ушундай,
Балаа айтсам тил алба.
Урганыңда булендун,
Асти эсин чыгарба.
Олмойунче типтенип,
Кайратыңдан айрылба.
Олбос буруш агайын
Кутунуңор буларга.

Байкасаңыз дуйнону,
Баниш жок тубунде.
Канча жакын корсоң да
Аяны жок бир кунде.
Башыңдагы мээңиз
Тамырлары жонунде.
Бир аллага муңу бар,
Булбул торгой унунде.
Сегиз бейиш белгиси,
Тотукуштун жунунде.

Жети дозок белгиси,
Кара жылан турунде.
Болду шайтан оюну,
Бозокордун үйүнде.
Кесир айткан бенденин,
Текебер тилинде.
Намаз журбейт окуса,
Арам болгон кийимде.
Жети кат жер баркси
Бир бериште колунда.
Он сегиз миң аалам,
Көк өгүздүн жонунда.
Көк кочкордун белгиси,
Шор дарыя суусунда.
Исмайылдын курбаны,
"Мына"деген орунда.
Ар балакет күчөдү,
Акыр заман доорунда.
Мусулмандын сурагы,
Жана капыр колунда.

Дагы болсо жигиттер,
Жакшылыктан тилейли,
Тобо кылсам кудайым,
Кечер бекен күнөнү.
Кудай билет өлүмдү,
Кара жерге кар жааса,

Жердин жүзү агарды,
Кандай кылып барарды
Байда кылар аштыкка,
Күзгү жылуу шамалы,
Кандай болсо кылганы
Орус капыр амалды.
Ар жараги шаймандуу,
Өлөң айтып жарылдап,
Орустардын көйрөңү.
Кызыл бешмант кынама
Дин билбеген айбаны.
Сураса кыргыз орусту,
Тердирет эле коңузду.
Кудайдан коркуп койбосо,
Колунан алар доңузду.
Өкүмдүк кылбайт бириңе,
Колумдан келип турат деп,
Зордук кылбайт диниңе.
Эмне десе кыргыздын,
Ишенип калат тилине.
Шоодураган салдаты,
Бопуростун канжасы.
Карап турса капырдын
Кыйын экен калбасы.
Дини бузук чочконун,
Мал жоголсо төлөтүп,
Элден алат акчаны.
Шарыятта кошподу,

Бир кудайды тааныбай,
Ою менен олтурат,
Кулун,тайы дөнөндөй,
Атын көрчү дубалдай,
Адам айрым тааныгыс,
Кызын көрчү жубандай.
Шынамалуу бөйрөгү,
Чубалжыган көйнөгү.
Чуруйдан өлөң айтканда,
Баарысынын көйрөңү.
Бели тутам айдалы,
Жети күндө майрамы,
Тил билбеген кайдагы
Акыретке барганда,
Анда көрбөйт пайданы.
Бу калмактын мүнөзү,
Канча калык бар экен,
Жандыраалы кийизи,
Арабасы,чанасы,
Жаштан мурдун көзөтөт,
Жалкы сыйыр баласы.
Мал багышы калмактын,
Коңгуроосу чакырды.
Жердин жүзүн калмакты,
Тил билбеген калмакты.
Карыялар месели,
Кепке жүйрүк чечени.

Меселдетин кеп айтат,
Илгеркиден нечени.
Кылкы тийип, үй чапкан,
Байыркынын кезеги.
Жалган айтып алмакка,
Эмдигинин кесеби.
Айтып турса билбеген,
Аят адис китепти.
Илгеркиден нусканы,
Уч бир адам тутпады.
Ойлосоңуз акыры,
Оюн күлкү токтоду.
Жолду билген жообозго,
Жоо качырган шаабозго.
Найзалары уч кулач,
Темир сайган жыгачка.
Илгеркилер бир борум,
Эрки менен болгону,
Жер көрүштү билбеген,
Дөөлөтүнүн кең молу.
Илгеркилер өрнөгүн,
Эшитемин абайлап,
Ушулардын болжолу,
Абалкыдан акырга,
Алыскыдан жакынга,
Айта берем сөз кылып,
Мусулмандан капырга.

Сөзүм аты зар заман,
Ак кагазга жазылган.
Аманат жан өтөрдө,
Ажал өлүм жат кылган.
Болжол кылып карачы,
Бу заманаң такылган.
Бу капырдын арбагы,
Журтка тиер зардабы.
Ыйласада жетпеди,
Мусулмандын арбагы.
Арбын барат жылына,
Кала салган чарбагы.
Кыргын кылып капырды,
Кана кудай алганы.
Калыйпа султан урумдан,
Кана тийген жардамы.
Теңгеден алды салыкты,
Каратты далай калыкты.
Коркунуч кылды колуна,
Дин мусулман шарыпты.
Белгилеп алды жериңди,
Жериңе салды эгинди,
Тоотподу кебиңди,
Абыдан кести демиңди.
Аралаш кылды оруска
Атаңдан калган чегиңди.
Эмдиги заман бу болду,
Мусулманы кор болду.

Айталык акыр бетине,
Ача көр кудай оң койду.
Оруска берди илимди,
Кыргыздан көрдук залимди,
Аманат багын курудук,
Жигиттер алалдан тапкан малынды.
Бу замандын жигиттер,
Бейлин болжоп карасак,
Береке журтка тарыйды.
Колунан келген жакшылар,
Журтуна кылды кабырды.
Кыла берет баарына,
Агайын тууган бооруна.
Кычыккан улук барага,
Жигин салар дарага.
Исторчин,бий,болушу
Орустан кийин жумушу.
Куруп калсын алардын
Арамдан тапкан ырыск.
Ар сонундар чыгат ко,
Акындардын артынан
Бечаралар зар ыйлайт,
Залимдардын зарынан.
Орозо намас бузулду,
Молдокордун калынан.
Береке элден жоголду,
Убададыз антынан.
Акылы бар адамдар,

Шарыятты ойлоду,
Адырандаган жамандар,
Өз билгенин кылдоду.
Арам дөөлөт байларың,
Малга көзү тойбоду.
Дили саран наадандың,
Бирөөсин кыйбады.
Өлгөнүнүн этин жеп,
Колу менен сойбоду.
Бу замандын жакшысы,
Тили жүйрүк таттысы,
Үйгө жатпайт тынч алып,
Болбоду го жаткысы.
Кудай өзү оңдосун,
Бу замандын арткысын.
Уга турган сөздөрдү,
Угузарым керекти,
Түндүк кылса ылайык,
Кайың менен теректи.
Айткан сөздү байкаса,
Акылы бар жигитке,
Ар жерлерде керекти.
Баатыр болор атаның,
Жоого кирген жүректүү.
Жаңырак түшөр шоодурап,
Какса чынар теректи.
Курт ичинен чыгарып,

Кымкап кылды жибекти.
Даары бакса бал болот,
Көп кураса челекти.
Молдолугум кошумча,
Болот калам кармайын,
Өлү менен тирини,
Эп келтирип жамайын.
Эрикkенде сөз кылып,
Элди журтту санаймын.
Абалында калыныл,
Жалбарамын кудаага.
Тири журсөм зар заман,
Сөзү кетер далайга.
Насиятым сүйлөдүм,
Акыл менен абайла.
Убадаңды кетирбей,
Үйүңдөгү малайга.
Айткан сөзүм түз бекен,
Бу сөзүмдү байкасаң,
Бир бирине кошулбас,
Бейли жаман капырлар,
Беш намазды окубас.
Башка келген өлүмдөн,
Жан-жаныбар кутулбас.
Бейли жакшы жигиттер
Бересеге басынбас.
Бейли кеңге колуксаң,

Берекеңди качырбас.

Дунуйө кор байлардын,
Тамагынан татырбас.
Жардам кылып жанына,
Жалгыз тутун кондурбас.
Ал ендеген байларың,
Жаанамдан кутулбас.
Дини катуу бендeлер,
Мусулманга кошулбас.
Акын адам сүйлөйт ко,
Алды артын карабай,
Кете берет далай сөз,
Сайгак тийген танадай.
Кандай салса зыркырайт,
Карга салган чанадай.
Кызыктыгын карасаң
Базары дүкөн калаадай.

Айтканымдын баягы,
Жерге тийбес аягы.
Молдолор алат колуна,
Болот калам сыяны.
Жакын көрбө жаманды,
Жакын көрсөң жаманды,
Бир күн тиер зыяны.
Таркабайт ко тирликте,
Бу жалгандын кумары.

Дал отузга келгенче,
Боз баланын убагы.
Алтымыш менен жетимиш,
Абышканын курагы.
Алда кандай болот дейм,
Караңгы көр ичинде,
Мункур-нанкир сурагы.
Айта берсе жигиттер,
Сөз табылар акынга.
Айткан менен түбүнө
Ким жетеди акылга.
Жоо беттешип туралбас,
Сырын билген баатырга.
Жалынсаңда байда жок,
Ишиң түшсө капырга.
Жалгыз малы алтыдай,
Байыбай жүргөн жакырга.
Эси бар деп ишенбе,
Эрин коюп катынга.
Молдо болсоң акыры,
Байкап жүргүн кагазга.
Байкап жүрсөң жигиттер,
Балбан болгун намазга.
Напсиңизди тыйсаңыз,
Напсиңизди тыйбасаң,
Бир каларсың уятка.
Уят болуп кыныгып,

Аманатты жоготпо.
Бар болсо да жигиттер,
Эптуусунун суратпа.
Кайраты бар жигиттер,
Адет кылгын намазга.
Бирөө букм сураса,
Калтырбаңыз заматка.
Кыкалат болуп келгенге,
Эби келсе жигиттер,
Калтырбаңыз уятка.
Кашыраликтин нишаны,
Үйрөнбөңүз адатка.
Аксакалдар айтайын,
Келдиңиздер бу жашка.
Карыганда куулаңба,
Жаш чагыңыз бир башка.
Илгеркиңди көп айтып,
Тантыгансып адашпа.

Кылыгы жакшы боз бала,
Кылган иши шамдагай,
Мен айтайын сиздерге,
Жакшы менен жаманды,
Аралаша кылгабай,
Жакшы жаман болсо да,
Ичте болсун сырларың,
Ашкере айтып булгабай,

Маанисинемкетсекер,
Маани сине кеткендер,
Салып турсун кулагын.
Маанисине кетпесе,
Тыңдабасын сөзүмдү,
Куру бекер чуулдап,
Мазе кылып өзүмдү,
Тек кетирбе сөзүмдү.
Жазар болсоң молдолор,
Жарым кылба сөзүмдү.
Кудай сүйгөн бендени,
Жугумталдуу бергени.
Байып чыгар бир күнү,
Кызматына алганы.
Кең пейилдүү жигиттин,
Иши келер илгери.
Ичи кара залимдин,
Өлгө батар чеңгели.
Пейлда болор жигитке,
Жакшы өнөр билгени.
x x x
Айдың айдың көлдөрдөн,
Аяктай суусу калбады.
Ойдуң ойдуң жерлерден,
Мал чалар оту калбады.
Түп,Жыргалаң эки суу,
Эл конорго тар болду.

Карагай, кайың, тал, терек,
Тамыр түбү соолуп,
Камчы сапка зар болду.
Малга ылайык жери жок,
Жерге ылайык эли жок.
Асыл заттар кор болду.
Жакшыга жаман зор болду,
Кар жаабаган кара жер,
Төмөнгүдөн кар болду.
Каранын уулу кан болду,
Кандан туулган маң болду.
Эр азамат жигитке,
Сары суулар аш болду.
Калк кармаган улуктар,
Мурункудан пас болду.
Арбактуу эрдин тукуму,
Душман менен дос болду.
Калк кармаган бек кандар,
Тагынан түшүп келбеди.
Не жамандар түзөлүп,
Жогору карай өрлөдү.
Ат башындай жүректүү,
Кайгылуу болуп черледи.
Мырзалык байдан төгүлдү,
Арканын кийик куланы,
Алды алдынан түгөндү.
Ушулар эске түшкөндө

Бурбайсың неге көңулду.
Бийибиз болду барадан,
Канныбыз болду карадан.
Жокко көзүн салбады,
Дөөлөт күткөн бар адам,
Биреөне-биреө күнүлөп,
Татуулук кетти арадан.
Карыш таман мышык баш,
Не азгындар жетилди.
Сан тийбеген жамандар,
Улектай башка секирди.
Не жамандын балдары,
Кандан тууган шекилди.
Албарстай асыл жакшылар,
Өз өзүнөн кетилди.

х х х

Оору көңулүн ким ачар,
Ал сураган тең ачар.
Черленген эрдин кайгысын,
Алдейлеп сүйгөн бала ачар.
Башка конгон бак ачар.
Адеми жигит арасын
Алма мойн жалкын чач,
Жаркылдап күлгөн жар ачар.
Уул кайгысын ким ачар,
Алдындагы мекеси,
Артындагы баанасы,
Ата менен эне ачар.

Ат кайгысын ким ачар,
Күнүне бети караган,
Жая куйругун тараган
Сулуу менен кем берип,
Кадырын билген эр ачар.
Ал кайгысын ким ачар,
Үзөңгүсүн тең тепкен,
Адил туунган кан ачар.
Аккан суу менен кең конуш,
Түрлөнгөн жашыл көк ачар.
Жакшылык менен жамандык,
Баары актан болгон соң,
Сабырлык кылмак жарашар.

Кызыл ала кубулган,
Кыргоолдун канаты,
Кызыктырып сүйлөгөн,
Кылыч молдо санаты.
Тегеренсе бу тилим,
Тегирмендин барасы.
Дуга кылып коюңуз,
Дин мусулман баласы.
Жагар болсо бул сөзүм,
Жашы улкен карылар.
Аминин деп кол жайгын,
Аксакалдуу бабалар.
Кайсы бирин айтайын,

Кайгылуу эрде санаа бар,
Эмиткен муну бенделер,
Дуга кылып коер деп,
Мен карып да дама бар.

x x x

Мен сүйлөйүн агайын,
Сандап түмөн зарзаман.
Кызыкканда toктoбой,
Кызыл тилим ирмейин.
Кыйык менен болдубу,
Кайсы экенин билбеймин.
Аты жакшы алданын,
Кудурети кеп экен,
Жомок деген билгенге,
Тоодон үлкөн кен экен.
Айта берсем түгөнбөс,
Айдын чалкар көл экен.
Көптүгү көл жомоктун,
Айтканымча бар экен.
Ойлоп нуска кылайын,
Ажал жетип, күн бүтсө,
Өлүмгө жок ылаажы.
Ыкыбалдуу кишилер,
Аделеттен айныбас,
Анык ырас кишинин,
Убадасы бузулбас.
Жамандардын адети,

Жакын досун ондурбас.
Бул сезүмдүн баяның,
Артып казам белгисин.
Арнеменин аягын.
Ар жеринен билдирген,
Жардылардын жаманын.
Барда болсо бейли тар,
Байлардындын сараңын.
Баарын айтып берейин,
Салып турсаң кулагың.
Агач тилген араадай,
Тилим турат сүйлөнүп,
Тегирмендин бараадай.
Калет кылып койбоңуз,
Жакшы окуп карабай.

я я я

Молдо Кылыч мен атым,
Болот калем достум.
Чала чыккан башынан,
Чаар китептен сабатым.
Жүрө жүрө арбыды,
Казал жазып кагазым.
Калайыкка билинди,
Катка түшүп абазым.
Куран окуп молдолор,
Кылар бекен дугасын.

Көп алдында сүйлөймүн,
Көргөнүмдүн баарысын.
Санат кылып саламын,
Билгенимди кагазга,
Бир бирине жамаймын,
Жигитчилик жүзүнөн,
Аябасын дугасын.
Ракмат айткан ким болсо,
Этек жени жайылсын.
Ушунчалык көп элден,
Акын чыккан мен жалгыз.
Окуп көргөн агайын,
Айып күнө койбоңуз.
Темир,Болот,Шадырбек,
Үчүкөдөн таралды,
Кулду тынай баарысы,
Сарбагыштын уруусу.
Ушу кезде заманы,
Эр Шабдандын убагы.
Кийинкиге сөз калса,
Канып турсун кулагы.

х х х

Айткан сөздүн жобосу,
Ойлоп турсаң сакчыдай,
Сөзгө төкөк акындар,
Сейректиги тамчыдай.

Сөзү онок көбүнүн,
Өтке тийген камчыдай.
Айтар сөзүн табалбай,
Кедери кеткен ачуудай.
Айтарынан адашып,
Чала молдо балчыдай.
Башка акындан сөз курап,
Байга жүргөн жалчыдай.
Анык акын жанылбас,
Калкан койгон алчыдай.
Анык тыңдап олтурсаң,
Билгиземин санатты.
Алда өзү чоң экен,
Ар турлуу жан жаратты.
Ар кайсысы ар башка,
Жер жүзүнө таратты.
Жер жүзүндө адам зат,
Бир кишиден тарады.
Каз бирөө башынан,
Тили дудук тубаса,
Каз бир киши өмүрү,
Тазалыктан обочо.
Жакшы кылып каз бирөөн,
Жалпы элди сураттъ.
Жарды кылып каз бирөөн,
Колго берди таякты.
Каз бирөөн зарлатып,

Эки көзүн жоготту.
Кара жерге жашырып,
Капкан салат түлкүгө,
Түлкү чыдап жарашар,
Бешикизде бөркүңө.
Өлгөндө да териси,
Айнек болот көркүңө.
Аның адис мергендер,
Асыпа бейм баранды,
Атып алат жазбастан,
Тоодо бугу,маралды.
Кадыр алда кудайым,
Акыл менен карасаң,
Айтып турам мен дайым.
Ирисен жок азамат,
Өз оокатын кылбаган.
Жалчы кирип бирөөгө,
Жаны күндө тынбаган.
Илгеркиден нуска бар,
Байкасаңыз айтайын:
Изаты жок боз бала,
Сексендеги чалдайсың,
Акыл эстүү боз бала,
Сыр аякта балдайсың.
Акылга кулак салбаган,
Жакшылыкка барбайсың.
Молдо Кылыч бечара,
Көп күнөнү көтөрдү.

Тобо кылсам теңирим,
Жазыгымды өткөрөр,
Дуга кылса окуган,
Мен гарыпка жетерби.
Кабыл кылса кудайым,
Асман жердин баарысын
Жазган сөзүм түгөнбөс,
Калайыкка жайылсын.
Ичиндеги зар заман,
Кумурскадай жайнасын.
Тегирмендей шакылдап,
Кызыл тилим сайрасын.
Угуп турган кишилер,
Кайсы бирин кармасын.
Айткан болсо ачылар,
Акындардын арманы.
Ада болсо эзелден,
Аяда таала бармагы.
Айтканымда сөздөрүм,
Агып турган булактай,
Эп келишкен кыйшып,
Эрди катын ынактай.

x x x

Ай менен күн асманда,
Ааламдардын жарыгын,
Аалымдагы сайраган,

Бар замандын аныгы.
Тышта сеек жараткан,
Жумуртканын кабыгы,
Суу тубунен жай алган,
Дайра келдун балыгы.
Он сегиз миң ааламды,
Жараткуучу бир езу.
Баарысынан артыгы,
Адам зат бендеси.
Чеп-чар,жыгач турленген,
Курт кумурска еңгесу.
Токонаалат жайтындын,
Артык болгон кунесу.
Мен суйлеймун жигиттер,
Кеңулуңду бузбасын,
Суйлегенде билерсиң,
Ар бендении ез башын.
Эр буйругун бек тутар,
Акылы бар ургаачы.
Алал болор идишиң,
Казан аяк тулгасы.
Айта берсем кубанар,
Акылдуулар укандай,
Муңдуу кылып суйлеймун,
Өз колунан чыккандай.
Болбой калар мазеси,
Боом суусун бургандай.

Кагазынан биле албай,
Кайсандаса кеңулунуз,
Кайран сезду жоготпой,
Жакшы байкап коруңуз.
Акылы дыйкан кеменгер,
Адам зат желегу,
Адилеттуу ишиңиз,
Омуруңдун кереги.
Карыганча талыкпас,
Оз оокатың тереги.
Окуп корген агайын,
Ыызге дуга береби.
Адил журуп иш кылса,
Кабыл болор тилеги.
Молдо Кылыч бакырга,
Узун омур келеби.
Кудай билет жигиттер,
Кеп жашабай оломбу.
Насип берип кудайым,
Куру бекер журомбу.
Ыйман берсин теңири,
Ажалсыз адам болобу,
Тагдыр жетсе алдадан,
Учуп кетер чыидай,
Денең катар жыйылбай.
Буту колун бугулбей.

Тирчиликти ойлосом,
Ак сарайдын келундей,
Мен суйлеймун далайды,
Калайыктан эринбей.
Акиретти керсетуп,
Пайгамбарга бак берди,
Китептерди керсетуп,
Молдолорго кат берди.
Чечен кылып биреену,
Суйлегенге эп берди.
Жакшы менен жаманды,
Өзу билип текшерди.
Кудурети кудайдын,
Кунду кекке жургузду,
Айды жарты чыгарып,
Аламатты кылдыиды.
Ай ааламга шам чырак,
Асыя кылды кундузду.
Он сегиз миң ааламды,
Өз өзуне тургузду,
Жан жанибар баарысын,
Насип берип тургузду.
Суу тубунен жай берип,
Жаратыптыр балыкты,
Жадыгейге буюрду,
Дуга менен арыкты.

Пайгамбарга түшүрдү,
Аят куран шарипти.
Азиз кылып караттым,
Олуя заада шайыкты.
Узун өмүр көрсөттү,
Улукман ата табипти.
Алтымышка чыгарбай,
Эмдигини карытты.
Тирлик берди көрсөтпөй,
Кызыр Илияс кайыпты.
Оору берип сынады,
Азирети Айыпты.
Азап тартып канчалык
Аяты жылда айыкты.
Адам Ата,Ава эне
Бейиште булар көп жүрдү,
Канча адам кемиштен,
Беш жүз жылы көп жүрдү.
Каар кылып кудайым,
Бу жалганга түшүрдү.
Кабыл болуп тобосу,
Кайтып экөө кошулду.
Адам Ата,Ава эне
Нече жылы зарлады.
Бири-бирин табалбай,
Көздүн жашын тыйбады.
Адам заат баласы
Ал экөөндөн туулду.

Аштык айдап, үй тигип,
Төрт түлүк мал уруулду.
Капыр менен мусулман,
Динин айрып бузулду.
Бир канчалык тукуму,
Динден кетип куруду.
Жер жүзүндө адам зат,
Ал экөөнүн уругу.
Жалпы жандан артыкча,
Баарысынын туңугу.
Байкап турсаң мисалын,
Адам ашпас болорбу,
Айры бөлөс кесейди.
Жакшыларды карасаң
Адил ойчу болбоду.
Адам акын жесе да,
Дүнүйөсү толбоду.
Молдолорду карасаң,
Ак сейдесин ордоду.
Аят адис буйругун,
Акыл менен болжоду.
Напси бузук молдолор,
Ач тайгандай жойлоду.
Кайда өлүм болсо да,
Айдыганын койбоду.

x x x

Молдо Кылыч сүйлөдү,
Бу замандын ал кайын.
Акыл менен сынасаң,
Бар замандын аягын.
Келиштирип сүйлөсөм,
Киши билбес баяны.
Мааны берер өзүңө,
Байкап турсаң аягын.
Шарият менен шерт кылам,
Жадугөйлөр окуса,
Башы айланар тепселип,
Чала ойлоп токусаң.
Бу дүйнөнүн түбү жок,
Түбүн туруп сураба.
Тил билгилүү кишилер,
Мектептеги балдардай,
Ичиндеги сырыңды,
Акыл менен тапкандай.
Азаматтын жаманы,
Иттен жаман капкандай.
Айткан сөзү адамга,
Айбалталап чапкандай.
Азаматтын артыгы,
Зымга тарткан күмүштөй,
Айткан сөзү ширелүү,
Демдеп койгон күрүчтөй.
Көңсө көңлү жай болот,
Колу ачык билиштей.

Сырын тышка чыгарбас,
Таптап койгон кылычтай.
Коркун корсон корумдуу,
Ийи майда кебездей.
Ач болсо да тойгонсуп,
Арык болсо семиздей.
Боз баланын жаманы,
Чата болор кыялы.
Айткан кеби адамга,
Урушкандай сыягы.
Куру кайрат жел опко,
Корго кармап жургондой,
Ала божон таягы.
Эрин билген катындар,
Эс билбеген эсердей.
Эрге кылса кайша,
Эсиңизден кетерби,
Эри жаман катындар,
Эрки менен алкылдап,
Ааги койгон айгырдай
Ай,ай сөзду укпастан,
Айта берет тартынбай.
Анык чечен акындар,
Жазгы жааган жамгырдай.
Тегуп турат төңкорун,
Буудай салган калбырдай.
Кыз баланын жакшысы,
Кумуштен куйган камбылдай.

Качан болсо кыйма бей,
Адам качпай алгыдай.
Калың токой карагай,
Калың жыгач өлкөнү,
Кайың, терек сөгөт тал,
Куя чыгарып бүрдөдү.
Кызыл алтын тактасы,
Бадышанын мингени.
Кайы кышы тери тон,
Жарды жалчы кийгени.
Казынага бай жыйды,
Кызыл алтын дилдени.
Өю менен сурашып,
Орус бизди тергеди.
Илгеркидей замана
Кана кайра келгени.

x x x

Зар заманым бу казал,
Зарлаганга кулак сал,
Айдасаңыз чыгат бейм,
Айта берсем эр макал.
Акыл ойлоп жүрөргө,
Тааныш болсоң көп элге,
Айыл болсоң кошулуп,
Дүнүйөсү кененге.
Намыз кылба аянып,
Кызматыңды билерге.
Комчу болсоң жакшыга,

Кубанарсың наркына.
Кыялыңыз туз болсо,
Казак,кыргыз калкына.
Жүзүң жарык көрүнөт.
Калайыктын баарына.
Жалгыз аттуу жардынын,
Жалгыз аты кокустан,
Кулук болсо бактына.
Куда чыгар бирөө
Сулуу чыгыс кызына.
Ырыскындын белгиси,
Мен айтайын санатты,
Кулак салчы ушуга,
Бул айтканым акылым,
Байкап турсаң адамга,
Не кылса да кудайым,
Өзү билет жазыгын.
Кудай кандай кылат деп,
Кетирбегин санааңды,
Кудуреттин ким билет,
Барды жоксон кылабы.
Болбос ишти ойлобо,
Ойлосоңуз акыры,
Кудурети алданын,
Акыл менен болжобо.
Шек келтирбе сөзүнө,
Китеп ачкан молдого.

Ит болсо да дин учун,

Жамандыкка булгаба.
Туура динден чыгасың,
Адам Ата,Авага.
Шек келтирип коесуң,
Тоосулбаган макалым,
Өлмөйүнче түгөнбес,
Жомок менен казалым.
Сүйлө тилим зар заман,
Жейикkенде мен өзум,
Жел кайыптан сөз табам.
Кубаныч кылар сөзүмдү,
Кулак салып байкаган.
Акыр дүйнө заманды
Айтып келем сөз кылып,
Нечен дүркүн адамды.
Акыл сөздү тутпаган,
Дини катуу жаманды.
Ал сыяктуу адамдын,
Ыйманы жок караңгы.
Кулак салсаң акылга,
Куулук кылба бакырга.
Убал кылып жаныңа,
Убадаңды качырба.
Колуңуздан келбесе,
Болбос ишке асылба.
Анык адам болсоңуз,

Конок келсе жашынба.

x x x

Бар заманым ар кимге,
Бейли менен уккандай.
Сайрап берсем алдынча,
Кулагына жуккандай.
Байкап турсаң түздүгү,
Машинеден чыккандай,
Кызыл тилим сайраса,
Кыргый сабап учкандай.
Жомок сөзү дарыя,
Кеме салса толгонбой,
Айта берсе кемибес,
Кашык менен сузгандай.
Бу заманды ойлодум,
Илгеркинин ирээтин,
Көзүм менен көрбөдүм.
Карыялар кеп айтат
Калпы чынын билбедим.
Казак,кыргыз кармашып,
Канча олжо үлөшүп,
Калмак менен калчаны,
Чабып алган бирлешип.
Кантип жылкы алганын,
Карыялар кеп айтат,
Илгеркинин адамын,
Атасындай урматтап,
Аксакалдуу карыны,

Эмдигинин адамы,
Уяты жок залимы.
Ата-энеге баш бербейт,
Акылы жок бадиги.
Ар тутумдан жыйнаган,
Алык салык чыгымы.
Кызын сатып кутулат,
Жарды кедей чабыры.
Бейли кетти түгөнүп,
Бу замана тарыды.
Жаш болсо да бечара,
Убайымдан карыды.
Байкап турсаң илгери,
Бий,болушту билбеди.
Акча салык бизлердей
Алык салык бербеди.
Көбү качып багынбай,
Орус жүзүн көрбөдү.
Кармап алып майынды,
Дарга тартып жай кылды.
Кокондуктун кандары,
Тактысынан айрылды.
Эр Тайлактын Осмону,
Качып барып Кашкарга,
Канча жылда кайрылды.
Кан Оромондун баласы,
Үметалы Чаргынды,

Кашкар барып келген соң,
Кадырынан тайгылды.
Кайдан билер бу капыр,
Казак,кыргыз затынды.
Кагаздап алды билдиңби,
Катын бала жайбынды.
Салдат алат бир кезде,
Кармап алып жармынды.
Эсептеди көрдүңбү,
Эгиз менен жалкыны.
Баарын айтып бердимби,
Бу капырдын мүнөзү,
Бузулганын көрдүңбү.
Бир кудайдын таласын,
Меники деп кагаздап,
Жапан чыккан жыгачын.
Баарын сатып аласың,
Кантип оокат кыласың.
Илбесинди коруду,
Кушту кайда саласың.
Жылдан жылга салык деп,
Закун баштап түгөнгүр,
Замананы тарытып,
Истамбулдан беркини
Алды барын багынтып.
Кудай урган бачагар,
Кызылбашты кырганы.

Терсе жуут уидуну.
Баарын жуда алганы.
Абалкыдан акыры,
Айтып келем сөз кылып,
Мусулманды капырды,
Сөзум аты зар заман,
Ак кагазга жазылды.
Аманат жан кетерде,
Ажал өлум жакынды.
Болжол менен абайла,
Бу замана такылды.
Өзуң жеке жебейсиң,
Тапкан кара катынды.
Зар заманым агайын,
Насиятка бара бар,
Угар болсоң айтайын,
Ини менен агалар.
Акылы жок жаз киши,
Өлгөндөрун табалар.
Аныk жоомарт азамат,
Карыптарга кайрылар.
Акыретте жоомарттын,
Эки жузу агарар.
Эске токтоо азамат,
Өз акылын чамалар.
Жооп өпке жоода жок,
Мыктысынын чычалар.

Бой котөрүп сыланар.
Кудай алсын андайды,
Ошентип жүрүп кур калар.

x x x

Жакшы болмок канчалык,
Жакшы болгон адамга,
Кудай берер бак салып.
Арбак конуп кетпеген,
Жүргөн менен мактанып.
Арзан болсо жакшылык,
Ар ким өзү корсунбай,
Жакшы чыгып албасын,
Өзүнөн өзү сактанып.
Ырыскы насип алдадан,
Он сегиз миң ааламды,
Кудай өзү жараткан.
Сүйгөн кулу болобу,
Анык асыл заададан.
Олуя чалыш бендеси,
Жаман ишке барбаган.
Өз малынан башкага,
Асти көңүл салбаган.
Ар бендеге ыйманды,
Кудай насип кылганды.
Эптүү болсо өзүнө,
Эр жигиттин жубаны.
Көзүм жетип ар ишке,

Көңүлүмде тапкандай,
Буюрганың бүтүрсе,
Ичиң жылып турганы.
Ол жакшысы калайык
Кадимки кара каргадай,
Кадырлабай сүйлөгөн,
Карыларын ылгабай,
Байлар малын баккан,
Эмгек бербей сараңы,
Нрыскысын булгаган,
Алал багын жей албай.
Чуркураган акылсыз,
Өз колунан келалбай,
Кайбат кылат жакшыны,
Акыл айла табалбай.
Момунсуган байлары,
Коркконунан көп кылат,
Жакшыларга байданы.
Байда кылмак кайдагы,
Ким да болсо нар жагы.
Далай ишти кылгыдай,
Келер болсо дарманы.
Эмдигинин карысы,
Илгеркини жоктоду,
Ууру кылсаң киргени
Башың чыкпай ноктоого.
Жөрөлгөсү замандын,
Кашыр алып эркинди.

Тушту жерге жылдызың,
Мал азайып тугөнду,
Соодагердин тыйыны,
Боздоткону жардыны,
Болуштардын жыйыны.
Барган сайын оорлук,
Былтыргыдан быйылгы.
Эл жегени көп болду,
Жалган айгак кубесу.
Карып жетим какшанды,
Өмурунө унуткус,
Айыкпаган так салды.

x x x

Шагеркинин адамы,
Берекелуу убагы,
Казак,кыргыз өзунчө,
Өзубектин сурагы.
Бадышасы алардын
Кокондуктун манабы.
Орус колун байлаган,
Эмдигинин заманы,
Болуштукту талашкан,
Элдин эки тарабы.
Жанжал болуп чыр чыкса,
Куртка тиер зыяны.
Талаш кылса болушту,
Эли кылар урушту.

Заманапын дартынан,
Далай адам өлүштү.
Байда табам дегендер,
Көп залалды көрүштү.
Карачгы элди чайкаган,
Айласы бузук орустун,
Чала болот кыргызга,
Кор болгон өзү орuска.
Жамандык чыкса карашып,
Өзүнчө салбай калыска.
Эрегишип тил албай,
Өөзгө барат арызга.
Айгак болуп жүгүрүп,
Жетип барат алыска.
Адамдын билбей күнөсүн,
Билсе кимди аясын,
Дини башка болгонсоң,
Өлгөнгө кайдан карасын.
Күнө түшсө мойнуна,
Адамдын койбос оюна.
Санына салып кишенди,
Сибирдин айдайт жолуна.
Иш өткөн соң пайда жок,
Сураса бербес колуна.
Орустан көрбө кинени,
Кыргыздын курсун тилеги.
Коём деп жатып курулду,

Бир бирине кунөну.
Казак,киргиз бусулса,
Орус кайды билеби,
Орустун ичи кең экен,
Эс менен жүрген эл экен.
Казак менен киргизди,
Сурак кылар эл экен.
Айдабаган ар кимди,
Убадага тоң экен.
Үгүң турсам ар кимден,
Кумурскадан көп экен.
Улуктары көбүнче,
Акыйга дыйкан көн экен.
Акылын тартып ар кимдин,
Адет үрпүн чеңеген,
Көбүнде бар адилдик,
Жардыны жайын караган.
Жакшы менен жаманды,
Жалпы бирдей санаган.
Улуктары баракор,
Аябай журтту талаган.
Акча десе токтобой,
Түшө калат салаадан.
Ошондо да орустун,
Азоолок экен чигими.
Акыйга туура кылыгы.
Түгөтүп койду элимди,
Киргиздин чигим ырымы.

Өзүңдүн жакшы болушуң,
Кетирип жатат шайыңды.
Каның соруп сүлүктөй,
Соруп жатат майыңды.
Орустун далай улугу,
Кылат экен кайырды.
Кыргыздын болуш манабы,
Маңдайга бүткөн бир малың,
Калгызыңдан айырды.
Айта берет зар заман,
Айып дебе шайырды.
Орустун кана казыгы,
Малайга берет акыны.
Бадышалуу чиркиндин
Бактыга туура жатыгы.
Караса да жериңди,
Арзан кылды эгиңди.
Сураса кыргыз орусту,
Тердирет эле коңузду.
Акы бербей аларга,
Салат эле жумушка,
Кылба журтум убайым,
Орусту берген кудайым.
Мусулманга каратпа,
Деп тилегим сурайын.
Мусулмандан кан болсо,
Куруткайбы кудайым.

Акыл менен карагын,
Ичип жатат молдолор,
Сыра менен арагын.
Ошолорду кудайым,
Кандай кылып аларын,
Өлгөндөн соң ким билет,
Кандай болуп каларын.
Жаман деген кетепте,
Адамдын кылган арамын.
Айтып жаган боло албайт,
Түгөнгүрдүн заманын.
Келди акыр замана,
Карабас ини агага.
Бөлөк санаа көңүлү,
Өзүнөн тууган чырагы.
Алыс жерден абайлап,
Угуп турат кулагы.
Адамды жырат айбанча
Анын кимге убалы.
Зар заманым аяктап,
Болду бүтөр убагы.
Азырынча олтурган,
Кылар бизге дуганы.
Эмдигинин кезеги,
Канаттуунун жомогу.
Өз алынча бир аалам,
Аны айтпасам болобу.